Инв. № 4095

ПАПКА
для
БУМАГ

Свердловское УПП УЗОС
Арт. 1064 Цена 1-45

г. Ташкент, тип. «Фрунзенец». Зак. № 504

Айтбаев М. Т.

Кыргыз элинин чечендик
жонундоку легендалар.

ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Шиф. № 4095
15/XI-1 бос.

I.

КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЧЫГЫШЫ ЖӨНҮНДӨГҮ ЛЕГЕНДАЛАР

I. АДАМ БАЛАСЫНЫН ПАЙДА БОЛУУСУ ЖАНА НУХ ПАЙГАМБАРДЫН ТУКУМДАРЫ ЖӨНҮНДӨ

Адамдын чыгышы жана дүйүйө жүзүндөгү бардык адамдардын таралышы жөнүндөгү диалектикалык материализмдин талабына туура жооп бере албаган эл арасында жолдолор аркылуу тарап кеткен легенда - жылы Казан басмасынан чыккан "Ксаси амбия" аттуу китепте жазылган. Бул китеп элдин башын динге айландыруу максатында жектен идеалисттик принциптердин негизинде жазылган. Китептин мазмуну төмөндөгүчө.

Адегенде кудай өзү гана болгон. Ал - эч нерсеге окшобогон денеси да жок бардыгын түшүнгөн, бирдигин гүтей алган күч. Ал башынан бери болгон жана түбөлүктүү. Кудай биринчи жолу нурду жаратып, аны экинчи кылып жаратал Тобус деген кушка жабат. Кушту кондуруп түгүлдерак жаратып, атын Мажиратил Жакин коет, Бак башында тобуска кудай өзүн сездирсе куш балкый түшүп алты тамчы тер болгон. Алты тамчыдан алты нерсе жаратылды:
I. Жети кат асман, 2. Жети кат жер. 3. Сегиз бейит, 4. Жети тозок. 5. Арш деген жакшы жай, 6. Күрүч өсүмдүгү.

Тобус дагы эле тердей берет. Тердин кийинки тамчыларынан жетимиш мин периште жаратылат. Бул жетимиш мин периштенин ичинен [illegible]ште төртөө:

1. Жебирейил--кудай менен адамдын ортосундагы кабарларды ташып турат.

2. Мекейил--адамга, айбанга ырыскы жеткирип турат.

3. Азирейил--жандуулардын жанын алып туруучу периште.

4. Ысырайыл-- адамдын алынган жандарын жердей чоңдуктагы аарынын уюгундай уюктары бар капаска камап турат.

Жетимиш периште жаратылган соң кудай дидарын көргөзсө тозоктон от жанып, андан азезил периште жаратылат. Ал бардыгын билгендиктен жетимиш миң периштени окутуп, өнөр билгизди.

Периштелөр жаратылып, өнөр билип чыккан соң, кудай бош жаткан жерге ээ жаратмак болуп периштелерге кайрылат.

-- Силер асманды ээлеңиңер. Мен жердин ээсин жаратам.

Анда Азазил:

-- Жерди деле биз ээлейбизби. Же биз жетишпейбизби-деп нааразылыгын билдирет.

Ага кудай жооп кайтарат:

-- Мен силерди жерге ээ кылсам силерге ошол жаңы ээге берүүчү энчини берсем силер бузулуп, абдан күнөлүү болуп кетесиңер. Жаңы ээ силерден сабырлуу келип, күнөөнү азыраак жасайт.

Арум жана Марум аттуу эки периште суранып жатып кожоюн болуш үчүн жерге түшөт. Кудай тарабынан жиберген нурдан жаратылган Чолпон аттуу кызга алданып, алар периштелик кептерин чечкенде Чолпон кийин асманга учып чыгат да жылдыз болуп жанып калат. Ал эми эки пе

күнөөсү үчүн Көйкап деген чеп сыяктуу тоонун ичинде буттарынын бармагынан асылып турат. Азирейилге топурак алдырып келип, Жебирейилге жуурутуп Кудай адам жасайт. Ага адегенде маймыл сүрөтүн берип, жан киргизерде периштелерге адам алдында жүгүнүүсүн буюрат. Азезил баш тартып, калгандары жүгүнөт. Азезилдин аты Малгун болуп калат. Малгун--алланын ырайымынан чыкты деген маанида. Ал дагы эки жолу күнөө кылган соң аты шайтан болуп калат.

Адам жаратылган соң аның зериүүсүн көргөн кудай адамдын сол кабыргасынан бирди алып аялды /Хава эне/ жаратат. Экөөнү маймыл түсүнөн адам түсүнө келтирип бейишке кийрет. Бейиште жүргөндө шайтандын азгыруусу менен өзгөчө буудайды жеп алышат да тукумдоого жөндөмдүү болуп калып, бейиштен ыргытылып таштalат. Адам ата менен Хава эненин тукумдары көбөйүп олтуруп, жер жүзүнө батпай кеткен жана күнөөнү көп кылып, кудай тарабынан жиберилген Нух пайгамбардын өтүнүчү боюнча жер жүзүн тоноп сууга алдырат.

Нух өтө зор кеме жасап жандыктардан эркек-ургаачылап, өзүнүн үч баласын аялдары менен салып жөнөп суудан аман калат.

Нухтун үч уулу Хам, Сам, Яупас дегендер болгон. Хамдан Хапиш, Инди, Заңгилер. Самдан Араб, Ажын элдери. Жупастан Торония жана Ария элдери.

Нух дүйнө жүзүн Арак, Индустан, Түркстан деген үч олиятка[1/] бөлүп, Аракка, Хаңды Индустанга, Яупасты Түркстанга жиберет.

Япастан Торония, Хария. Ториядан Кытай, Индокитай, Япун, Маңгул, татар, дунган, казак, өзбек ж.б. Хариядан Эрен, афган, жунан, арнаут, латин, парансоз, инглис, немис, орус-- булар ак түстүү.

Ториянын эки аялы болгон. Биреөнөн кытай, индокытай, япун, пин, казак, калмак, дунгандар. Экинчи аялынан Маңгул, Татар деген эгиз бала. Алардан маңгул жана татар элдери тарайт.

Эл көбөйүп калган кезде Ибрайым аттуу пайгамбар чыгат. Анын аталары төмөндөн жогору карай төмөндөгү тартипте саналат. Тарых / өз атасы/ --Нахур /чоң атасы/ -- Сарык Аргу-Калык --Абыр--Шалык-- Кайнайын--Арпакшут--Ажым--Сам--Нух.

Ошол Ибрайимдин Саара деген аялынан Искак, Ажар аттуу аялынан Исмаил, Искактан Жакып жана Инс. Жакыптан он эки уул. Он эки уулдун бири Жусуп-- пайгамбар.

Исмайилден Харис. Харистен Абас, Абастан Зарар, Заранден Хамсат, анцан Макум, Макумцан Жагыл, Жагылдан Забыр, Забырдан Абдумуталып жана Агаша.

Абдылдадан Мухамбет пайгамбар. Агашадан үч бала: Кутуйба, Кулкожокмат, Мансур. Мухамбет пайгамбар өлөрүндө эли журтун чогултуп: Менде кимдин акысы болсо алсын- дейт. Ун катпай турган эл ичинен Агаша чыгып: "Менин акым бар"-- дейт- мен бир жолу төө минип баратканда сиз камчы менен чапкан элеңиз". Мухамбет Агашага камчы карматтырып өзүн чабууга уруксат берет.

" Жок мен чаппаймын. Сиз мени жылаңач баратканда чапкансыз-деп Агаша туруп алган соң, оорудан чыдай албай

жаткан Мукамбет Азиретаалы – шер ж.б. сахабалар[1]ынын жардамы менен чечилгенде анын далысынан кан тамырлар менен жазылган ыйык мөөр көрүнөт. Агашанын максаты ошол мөөрдү көрүү эле. Ал мөөрдү көрөрү менен боздоп ыйлап, Мукамбеттин тизесин кучактап калп жеринен аны доолагандыгы үчүн кечирим сурайт. Куранда ошол мөөрдү көргөн адам тозок отуна күйбейт деген сөз бар болгондуктан Агаша калп айтып, Мукамбетти чечиндиргенде Агаша менен кошо сансыз эл да көрүп калган. Мукамбет зар ыйлаган Агашага: "Сен менин үммөтүмдөгү көп адамдардын сообуна калдың. Сени кечирдим. Менден эмне тилейсиң?"— дегенде, Агаша: "Мен мал да, мансап да тилебеймин". Менин үч уулум бар. Ошолор элди Ислам динине үгүттөөчүлөрдөн болсо экен"— дегенде Мукамбет батасын берет.

Эл Ислам динине үгүттөш үчүн Агашанын Кутуйба деген баласы Парсыларга барат. Кулкожокмат түрктөргө, ал эми Енисейдин бокна Мансур кетет. Ал жерде калмактардын ичинде болуп, Анғара деген жерден Ыроо-жыроо аттуу абышканы табат. Анын Анал деген жалгыз кызы болгон. Өзү калмактарга кадырлуу адам экен. Мансурду кызына үйлөндүрүп, күйөө баласын үйүнө киргизип алат да, сексен үч адамды мусулманга айландырып берет."Ксаси амбия" ушуну менен аяктайт. Бул китептин аяк жагында айтылып олтурган Шайхы[2] Мансур жана анын аялы Анал кыргыздын кырк кыздан тараланғандыгы жөнүндөгү бир нече вариянттан турган легендалардын бардыгынын баштоочусу болуп катышпы кызыгарлык иш. Легенда жогоруда айтылгандардын уландысы катары

болуп келет. Бирок, бул легендалардын чыгышында "Ксаси амбия" таасири барбы же китеп элде айтылып жүргөн легендалардан пайдаланып жазылганбы-- айтуу кыйын.

2. КЫРГЫЗДЫН КЫРК КЫЗДАН ТАРАЛЫШЫ

ЖӨНҮНДӨГҮ ЛЕГЕНДАЛАР.

Мансур Аналга үйлөнгөн соң Кокуй аттуу бир кыздуу жана Минал аттуу бир балалуу болот. Миналдын Хакас аттуу баласы болуп, андан азыркы хакас эли тараган. Ал эми Кокуйдан--кыргыздар. Кыргыздар чочуганда "кокуй" деп жибериши ошондон калган дешет. Кыргыздардын Кокуйдан тараган жайы мындайча.

Мансур өлөрүндө Аналга бир үңкүрдү айтып: "Мен өлгөндөн кийин жума сайын түн ичинде барып тургун. Мени менен көрүшөсүң-- дейт. Ошентип Мансур өлөт. Кокуйду калмактын Аңкүлдөң деген ханы жалгыз кызына нөөкөр кылганы алып кетет. Хан бала жүзүн көрбөй жалгыз кызын мурасчы кылууну ойлогон эле. Ал Кокуй сыяктуу кыздардан 39 кыз чогултат. Өз кызы менен кырк болуп, аларды дайыма бирге коет.

Ал эми Анал жума түндөрүндө Мансур айткан үңкүргө кетип калып жүрөт. Мусулман динине кирген сексен үч адам бул жөнүндө шекшүү алып, Мансурга мурут[1] болуп жүргөн Бурхани: "Сенин энең атаңдын олуячылыгын булгап, бузук жолго кирип, түн катып жүрөт. Бул ишти текшергин"-- деп Миналга айтат. Минал убада берип, кезектеги

түнү энесинин этегине чарык жип байлайт да, бир учун өзү ұкармап аңдып жүрүп олтурат. Анал бир үңкүргө кирип кетет. Мына үңкүргө кирбестен туруп караса үңкүрдүн ичи жап-жарык кырк чилтендин[1] ортосунда атасы Мансур Мансур күтүп отурган экен. Алар: "Анар сен бүгүн адамзат эрчитип келдиң. Олуялардын жайына адамдарды эрчитип келүү жарабайт--деп кысмакка ала баштаганда Минал энесин балаага калтырбоону ойлоп, качып үйүнө келсе сексен үч мурут күтүп турушуптур. Аларга Минал энесинин актыгын айтат. Бирок, муруттар ишенбей Миналды "калп айтасың" деп Аналды келгенде өлтүрүп кокшса, өлүк да: "Анал да ак, Минал да ак"-- деп сүйлөй берет. Ошол кездеги калмактардын расмысына салып сөөгүн эрттеп суугa күлүн төгүшөт. Күл ак көбүкгө айланып андан: "Анал да ак, Минал да ак"--деп сүйлөгөн бокнча агып кете берет. Ал суу Аңкүлдөң хандын кызы жана анын нөөкөрлөрү сейилдеп жүргөн жерди басып өткөндүктөн, кыздар сүйлөп баратып бир жерге ийрилип калган көбүктү көрүшөт да бардыгы жүздөрүн жуун, ооздорун чайкашат. Көп мезгил өтпөй алардын ар биринин бокна бүткөндүгү байкалат. Аңкүлдөң өзүнүн Кысыроо деген акылман вазирин чакырып алып кыздардын ишин текшерүүнү буюрат. Кыздар сурakta өздөрүнүн актыгын жана көбүктөн болгондугун айтышат. Бардык сурак бүткөндөн кийин кандай жазага тартуу жөнүндө сөз болуп, көбүккө ишенбеген кай бирөөлөр:

-- Буларды дарга тарталы.

-- Жок орго салалы.

— Андан көрө эрттеп жиберели— дешет. Бирок, Кысыроо ойлонуп олтуруп ал кыздарды алыс бир жакка алып барып таштоону чечет. Кысыроонун чечими ишке ашырылат.

Бир жылдан кийин ырроо-жыроо небереси Кокуйду алып келиш үчүн азык камдап барса, кыздар аман-эсен төрөшкөн экен. Хандын кызынын сары кумайыгы аларга жандыктардан тиштеп берип, кыздар өздөрү жемиш терип жеп, жан багып турушуптур. Ырроо-жыроо: "Бул жер жемиштин кени болгондуктан силер аман жүрүпсүңөр"-деп, ошол жерге Аманкен деген ат коет да Кокуйду алып кетет. "Кокуйдун баласы кырк кыздын ичинде төрөлдү"- деп атын Кыркыз коет. Ырроо-Жыроо абдан ырымчыл киши болгондуктан кыргыздагы "ырроо-жыроолобочу" "ырроо-жыроологон" деген сөз ошондон калган экен.

Кыргыздан Огуз деген бала калат да ал хан болот. Огуз калмактын Кара ханын Домбула аттуу кызын алып андан алты уул Арслан, Бараткан, Кабырга, Шабур, Шүкүр, Барысбек. Булардан жыйырма төрт небере көрөт. Арсландан Ногой, Ногойдон төрт уулу: Оросду, Көзкаман, Бай, Жакып, Ногойдун убактысында кытайдан Кырмызы аттуу хан чыгат. Ал тың чыгып келе жаткандыгынан чочулап Сансыз кол жиберет да Көзкаманды турагы Чин аттуу жерден Жедигер деген жерге Байды Турпан тарапка, Жакыпты Алтайга /Алтай/, Оросдуну Анжиянга айдатат. Бай барып түшкөн жерде Бай деген шаар пайда болот.

Бараткандан—Жаклакаар, Отузуул, Булганчы, Бурхан, Жаклакаар Енисийде хан чыгып кыргыздардын башын чогултуп:

"Биз, кыргыз--калмак ичиндеги өз элбиз. Биримдигибиз мыкты болбосо жашай албайбыз. Биздеде мындай болсун: эркек бала жоо бетинде алынсын, эркек козу курман чалынсын, коркоктун башы алынсын, баатырлык кылгандын багы ачылсын" -деген ураанды чакырды. "Тирүү болсок бир дөбөдө бололу, өлүү болсок бир чуңкурда бололу. Убаданы кыркан ушул жаш чыбыктай кыйылсын"- деп чырпык кыркышат. Кыргыздагы "чырпык кыркты" ырымы ошондон калган.

Мына ошол убаданы кылгандан кийин кыргыздардын күчү артат. Бир жолу уйгурлар кыргыздарды чапканы келгенде аларды капкарга чейин кубалап, Беш-Балык аттуу шаарын кыргыздар басып алат. Андан калмактар менен кагылыша баштаганда калмактар биригип кыргыздарды жок кылууну ойлонот. "Тентек кыргызды жок кылыш"- керек деп чечишкен. Кыргыздын Эпек аттуу ханы чыкканда Шампахоз деген калмактардын шаарын чаап, колдорун талкалаган. Маңгул-калмак биригип акыры катуу чабуулдарды башташат. Алардын көптүгүнө чыдабай кыргыздар Тянь-Шань тарапка көчүп кетишет. Алар Тянь-Шанга отурукташкандан кийин калмактардын Алтын-ханынын- колу өзбектерди чаап көп мал менен келатканда кыргыздын Эрдене ханы жолдон тозуп туруп каратап кетет. Көп узабай эле кыргыздар, мусулмандар болуп жүз миң адам чогулуп, Алтайда Манасты /Жакыптын уулу/ хан көтөрөт. Манас Жакка мингени Орто-Азиядагы калмактарга чабуул коюп жүрүп, Чүй, Фергана, Ташкен өрөөндөрүн каратып, Амиссаранат деген калмактын ханын кулатып, ордуна Кокон хандыгын

көтөрт. Калмактар кысымдан кыйналып төмөндөгүдөй деп ырдашчу экен:

Эбин-чагын журт күтүп,
Эл көрө элек экенбиз.
Эрегишип урушуп,
Эр көрө элек экенбиз.
Ала мөңгү бел ашып,
Тоо көрөлек экенбиз.
Агытышып урушуп,
Жоо көрөлек экенбиз.
Ат арытып сапардан,
Кол көрөлек экенбиз.
Айкырып кирген ачуу чуу,
Кол көрөлек экенбиз.
Айкырып кирсе бу кыргыз,
Аалы шери оозунда.
Качып калса бу кыргыз,
Калаа шаары тоосунда.
Мандгул эли моминтип
Жардап калдык учунда.

Чүй, Фергана, Ташкен өрөөндөрүн Көкөтөй деген адамга башкартып коюп, Манас өзү Кашкарга барып сегиз жылы сурак сурайт /бийлик кылат/ да Таласка келип орун алат. Кийин Манас өлүп, кыргыздардын ыркы бузулуп күчү кетип, Кокон хандыгына баш ийип калган.

Огуздун үчүнчү уулу Кабыргадан Нойгут, Баасыз. Шабурдан--Кытай, Кыпчак.

Шүкүрдөн - Үрүмчү, Катаган, Жетиген.

Барысбектен Эштек, Тейит, Бараткан. Бараткандын жогоруда айтылып өткөн Жаклакаарынан-- Эрнек, Огузуулунан--Мунаалы, Узун-калпак /өз аты Саяк. Ал дайыма узун калпак кийип жүрүүчү/. Мунаатыдан - Жанкороз / Жагалмай тамга Жанкороз/; Жанкороздон-- Дубл бий, андан--Долон бий .

Үрүмчүдөн Үчбагыш: Чоңбагыш, Карабагыш, Акбагыш. Кыргыз элинин кырк кыздан таралгандыгы жөнүндөгү легандалардын бул сыяктуу бир канчалык варианттарын кезиктирүүгө болот. Алардын бири биринен айырмачылыктары бар. Мисалы, легенданын экинчи бир варианты төмөндөгүдөй.

Нухтун тукумдарынын бири Угуздан /же Огуз/ төрт бала калат. Анын биринен калмактар, калган үчөөнөн түк түрк уруулары тараган. Угуздун ошол үч баласынан тараган тукумдарынын ичинен эки жетим бала болот. Күндөрдүн биринде биниси агасына айтат:

-- Аба, сен хан болосуң. Ал эми дубана болуп тентип жүргөндө сен өлтүрөсүң.

Агасы бул сөздү угуп чочуп кетет. Ишенгиси келбей кыйналып, укпусу келбей кулагын басат. Чындыгында эле жылдар жылып, ай айланып бардыгы инисинин айткандай болуп, дөөлөткө мас болуп, көзүн адилетсиздиктин чели каптаган

I. Аттары белгисиз.

хан хан дубана болуп жүргендө инисин өлтүрүп салат. Ал дубанадан Мәнсур аттуу бала жана Анал деген кыз энелеринен да ажырап, кызылдай жетим калышат. Мезгилди мезгил сүрүп, Сыр Дарыянын башындагы бир хан пайда болду. Ошол хандын элине эки жетим тентип келип жакырчылыктын жабырын тартып эптеп-септеп күн көрүп жүрүшөт. Анал эртең менен эрте үйдөн чыгып кетүүчү да, жарым түнгө чейин кездеме токуучу бир кемпирдин үйүндө чеке жылыбас акыга кызмат кылып кайтуучу. Мансур бойго жетип, әжеси андан өтүп турса да үйлөнүү жөнүндө эске келе алышпады. Бирок, Сулуу Аналды хандын эки вазири көрүп калып, суктана башташат. Анал аларды жанына жакын жолотпой жек көрүү менен мамиле кылат. Ызасына чыдабаган арсыз вазирлер: "Анал түн катып, балит иштерде жүрөт"— деген оор ушакты эл арасына жайылтат. Мәнал[1] аны артынан эрчитип жүрүп актыгына түшүнду. Эч кандай арга таппай эки вазир Аналды зордомок үчүн түн ичинде кызматтан келатканда кол салышат, бирок — жүрөктүү кыздан бычак жеп, бирөө жарадар болуп, экинчиси качууга аргасыз болот. Ал экөө жамандыкты дагы катуураак (киришип) издешет.

Бир түнү аста басык менен эки жетимдин үйүнө казылар ээрчитип келишти. Караса эки уялаш жаңаша уктап жатыптыр.

—Мына— деди, вазирлердин бири-бул экөө бузулуп, адамга ылайыксыз иштерди жасап жүрүшөт. Ушул үчүн күйөөгө чыкпай жүрөт.

---

1. Мәнал деп да Мансур деп да аталат.

--Ооба-деп кыжырланды кечээ күнү Аналдын каңжарына урунган экинчиси-булардын атасы да бузук өткөн. Ал бузуктугунан өз агасынын дарга тартылып өлтүрүлгөн.

Вазирлерди дайыма колдоп жүргөн казылар эки уялалты өлүм жазасына буйрушат да, өлүктөрдү эрттеп күлүн суугa салып жиберишет. Ал суу хандын сарайындагы тунук көлмөгө агып буруучу. Көлмөнү бойлоп кырк кызматчы кызы менен сейилге чыккан хан кызы көлмөнүн көк капка суусунун бир булуңчасында кант сыяктуу каткалаң апакай көбүктүн айланып турганын көрүп калды. Кокусунан сөөмөйүн тийгизип даамын татып алса абдан ширин. Калган кырк кыз да кызыкчылыкка даамын татып көрүштү.

Күндөр өтүп, айлар айланып, кырк бир кыздын курсагы чыга баштады. Эл арасында миң алакет сөз тарады. Хан жаманаттыланган кыздарды катуу суракка алдырып, алардын актыгына түшүнсе да өз балынын жаман аттысынан коркуп бардыгын кемеге салып Сыр дариянын агымын бойлотуп Арал денизинин жээгине Аму менен Сыр дарыяларынын ортосундагы ээн талаага түшүрүп салат.

Бир жыл өткөн соң хан кыздардын аталарына адам кошуп, мал айдатып талаада калган кыздарга жиберет. Барышса бардыгы эркек төрөптүр. Азыктарын түшүрүп берип келгендер кайра кетет. Балдар чоңойгондо кыздар биринин баласына бири тиет. Хандын кызынан төрөлгөн баладан төрө уруусу таркаган. Кырк баланын жыйырмасы башына кара, жыйырма бири ак калпак кийип жүрүүчү экен. Кара калпактуулары нан азыркы

кара калпак эли. Ал эми ак калпактууларынан кыргыздын жыйырма бир уруусу таркаган.

Алар:

1. Кыпчак
2. Карабагыш
3. Мундуз
4. Нойгут
5. Саруу
6. Кедигер
7. Тейит
8. Катаган
9. Чоңбагыш
10. Найман
11. Кутчу
12. Кесек
13. Ногой
14. Төрө
15. Бостон
16. Баасыз
17. Канды
18. Төөлөс
19. Акбагыш
20. Абат
21. Жоокесек.

Ак калпактар Талас тарапты жердеп туруп, экиге бөлүнүп, б.а. бирлери түндүктү, бирлери түштүктү көздөй көчө баштаган. Түндүккө көчкөндөр оң, ал эми түштүккө көчкөндөр сол болуп аталып калган.

Легенданын үчүнчү бир варианты да ушул легендага окшош. Анда да Анал менен Манал уялаш, бирок--анда кырк бир эмес кырк кыз жана Анал түн катып оор жумуштун мажбурлоосунда жүрбестен, кырк чилтен менен тоо арасында кезигип алар менен касиеттүү шарап ичип, олуя катары жүрөт. Элдин талап кылуусу менен карындашын аңдып барган Маналдын да көзү ачылып олуя болуп кетет. Элге келип эжесинин актыгын айтат, бирок--бирок кырк чилтенге берген убадасы боюнча болгон иште айтып далилдей албагандыгын

албаганыктан, эл өз эжеси менен жүргөн экен деп ойлоп экөөнү тең өлтүрөт. Алардын өрттөлүп суугa салынган күлү легенданын биринчи вариантындагы сыяктуу "Анал да ак, Манал да ак"— деп сүйлөйт. Уялаштардын өлүмүнө көрсөтүлүшү бул вариант ээүүчү тап тарабынан түзүлгөндүгүн ашкерелейт. Кырк кыз жөнүндө төмөндөгүдөй легенда да айтылат. Адегенде Каракалпак жана найман деген эки элдин падышалыгы болгон. Анын падышалары мектептер ачып жүздөн баладан бирди уякил /старста сыяктуу/ кылып окуткан. Мектептердин бирөөндөгү жүз окуучунун ичинен бир адам эки окуучу баланын бири падыша экинчиси олуя болот деп алдын ала айтып жүрөт. Ал баланын бирөө таз, экинчисинен Мансур деген экен. Алар абдан ысык дос болгон. Мансурдун эжесинен башка үйбүлөсү жок эле. Эжеси күйөөгө чыга электе эле бокна бүтүп калат. Эл бийлөөчүлөр: "Эжең эмне үчүн бозуду.Буга сен күнөкөрсүң"— дешип Мансурду даргага тартаарын айтышат. Мансур эжесин бир түнү андып ээрчип келсе эжеси карангы тоолорду аралап жүрүп олтуруп кандайдыр үңкүргө кирет. Артынан кирсе кырк чилтен менен олтурат. Мансурдун да келгенин эжеси билип калып колуна толтура чыны суу алып чыгат. Иниси сууну алып ичери менен "эңги-деңги болуп "Анар[1] да ак, мен да ак"—деп кете берет. Шаарга келгенде падышанын вазирлери кармап падышага алып барат. Караса баягы таз досу падышалыкка жеткен.

— Муну эмне алып келдиңер?

— Таксыр бул келе-соо: "Анар[1] да ак, мен да ак" деп кыйкыра берди. Айткан сөзүн улам кайталап, кой десек да

болбоду. Баш ийбей койгондон кийин кандай жазага буйрарыңызды билүүгө айдап келдик.

Мансур дагы эле " Анар да ак, мен да ак- дей берди. Падыша бир кездеги өз досун тааныбады.

--Өзүн акка! /кудайдын бир аты ак деген/ тенеген ыймансызды даргага тарткыла - деп бакырды.

Жолдоочулар алып дегдендетип даргага сүйрөп барышты да токтоосуз асышты, бирок-- асылуу турган өлүктөн дагы үн чыкты: "Анар да ак, мен да ак. Өрттөсө күлү да сүйлөгөндүктөн гүлүн суугa чачып жибергенде суу үстүндө топтошкон көбүк пайда болуп дагы эле үн салган бокынча агып кете берди: "Анар ак, мен да ак". Суу белөк бир падышанын сарайындагы бакчанын ичиндеги көлмөнү /аласту/ басып өтө турган. Көбүк дал ошол куулар сүзүп жүрген көлмөнүн бир булуңуна ийирилип туруп калды. Ата-энесинен жаш ажыратып хандын кызынын көңүлүн ачуу үчүн алынып келинген нөөкөр кыздын бири муңайып үйүндөгү соорулуу энеси менен картайып калган шордуу кедей атасын эстеп "хан сарайы канча кең болсо да анын ичиндеги эриксиздигине караганда өзүмдүн кичинекей кепе үйүм, ата-энемдин мандайы кандай жыргалдуу жана кең-кесири болор эле мен үчүн. Сагындым ата/ Сагындым эне! Бул жердеги турмуш кандай опурталуу, кандай коркунуч! Кайсы күнү кандай жырткычтын тырмак астында калар экемин- деп сууну тиктеп ойлонуп олтурганда көбүктөн чыккан үн аны чочутуп жиберди. Анар да ак,мен да ак. Ордунан ыргып туруп хандын кызынын көңүлүн ачып

жаткан кыздарга жүгүрүп, бардыгын чакырып келди. Ээкте турган кызыктуу кебүктү танданып карап турушту. Кээ бирлери күлсө, кээбирлери сөзүн ачат. Чечкиндүүрөөк бирөө сөөмөйү менен кебүктү чукуп койсо үн чыкпай калды. Таң кала түшкен кыз сөөмөйүн байкабай оозуна салып алган эле.

—Ой,эжекебайлары! Даамы өтө ширин экен да.

—Кана?

— Кана?

— Ойой, чын эле.

Кыздар бардыгы ооз тийин чыгышты. Бул жердеги кырк кыз болуну. Ич ичин кебүк да жоголду. Көңүлдөру айнып, баштары айланды. Күндөр өтүп бойлорына бүткөндөру байкалды. Хан суракка алып бардыгынын башын алдырууну ойлонду эле, бирок— өз кызын кыя албады. Кыркын тең ээн талаага айдатты. Бул сөз ушуну менен тура турсун. Дал ошол түштө бир падышанын шаарында балдарда жугуштуу оору башталат. Ар бир жугуш оору менен ооруган баланы ээн талаага алып барып таштоого падыша буйрук чыгарат. Күндөрдүн биринде анын сарайындагы дарыкердин баласы ооруп калат.

— Мен бул ооруну айыктыруунун жолун таап чыктым, ханым. Баламды ээн үйдө багып айыктырайын- деп дарыкер жалынып жалбарынса, хан орцунан ыргып туруп жерди бир тепти.

— Алгыла муну! Хандын сөзү бир! Буйрукка каршы чыгууга ким уруксат берди? Касалчылар даанышман дарикерди сүйрөп чыгышты да башын үзгөн алмадай томолотту. Эл үчүн керектүү чалкып жаткан күч эч кандай тийгизе албай акмактын каары астында жалп этти. Эртеси эле хандын оң көзүндөй вазирини баласы ооруп калды. Ал да ээн талаага кетти. Көп узабай өзүнүн жалгыз баласы да үрөйүп ооруп калды. Оң көзүндөй вазирин чакырып алып:

— Баламды ээн сарайда туткула. Эчкимге билинбесин— деди, бирок—вазир мындай деди:

— Улуу урматтуу таксырым! Бул оору үчүн жутуштуу оору менен оорубаса да эң улуу дарыкер жок кылынды. Жүрөгүмдүн жартысындай көргөн менин балам да ээн талаага жеткизилип ташталды. Хандын сөзү эки болуп кеткени кандайча?

Хан кабагын бүркөду. Ойлонуп түнөрүп олтурду да турду:

— Өз башыма келбегендей көргөн экемин. Менин сөзүм бир бокунча калат! Же айыгар, же өлөр. Сапарга узатылсын. Ошентип, хандын баласы шаардан алынып кетти. Бир ай өткөндөн кийин хан баласынын абалын билип келиш үчүн жүз салт атчан жоокер жөнөттү. Жоокерлер көп жерлерди кыдырып бир долу /цыганды долу эли дешчү/ шаарына келип түштү. Изүүлдөшсө баланы шаардагы жедей долу жол жүрүп келатып таап алат:

— Сен кимсиң?

— Мен хандын баласы элем. Элибизде меникиндей коркунучтуу оору башталды. Атам ар бир запкы чеккен оорулууну ээн талаа эрме чөлгө жеткизип таштоого буюрду. Көп балдар жардамсыз талааларда ачтан өлүп, көзүн карга-кузгун чокуду. Ата-энелери зар ыйлап кала берди. Көзөк мага да келди. Атам өз дөөлөтүнө шек келтирүүдөн чочулап манин көзүмдү таңып келип талаага таштатты. Кардым ач. Бир сындырым нан бер, байке.

Долу башын чайкап, санын чаап күйүп-бышып тенселди.

— Ай, ай, ай! Акмак хандын буйругу келген кырсыкты кантип жеңсин! Акыл менен гана ооруну жеңүүгө болот. Оорунун саны канча болсо, дарынын саны да ошончо. Бирок оору ачык келип, дафы жашырынып жүрөт. Аны издесе сөзсүз табылат.

Баланы ал кедей үйүнө ээрчитип келип дарылап жүрүп айыктырыптыр да, бала анын жакшылыгын эч качан унутпоого убада кылып элин издеп кетиптир. Атчан жүз адам баланы изден таппады. Кайра баланы таппай кайтса баштары ыргып кетерин билип ошол шаарда үйленүп туруп калыпты. Андан кийин дагы жүз атчан келип аларга кошулду. Алар да кайтпады. Үчүнчү жүз атчан келди. Үчүнчүсү да үйлөнүп жайланды. Мына ушул үч жүздөн казактар тараган дешет. Акыры хандын баласы кырк келиндин ичине келип дуушар болот. Алардын бардыгы төрөп, ошолордун тукумунан кыргыз тарайт. Алигчи жүз адам ушул кырк кыздын бирөөнүн баласын өздөрүнө төрө кылып алып кетет. Казак ичиндеги төрө тукумдары делип

айтылуучулар отол баладан тарагандар имиш.

Легендалын дагы бирөө мындай:

"Анал да ак мен да ак

Молдолор барак[1] /ит/--деп эжесинин актыгына көзү жеткен Мансур айтып жүргөндө молдолор аны өлтүрүп эрттейт да күлүн суугa салат. Суу бойлоп кырк нөөкөрү менен сейилдикке чыккан хандын кызы ал көбүктү жалап коюшул бардыгынын бокна бүтүп, кырк кыз талаага айдалат. Кыркынын тукумунан кыргыздар. Ал эми хан өзүнүн кызын алтындын буусу менен кооздоткон сандыкка бекитип дарыяга салдырат. Дарыянын аягында Карамөкөр сокур, Карыке чолок деген эки биртууган балыкчылык кылып жүрүп төкөрү дарыянын үстүндөгү сандыкты көрүп:

-- Жаркырап бир нерсе агып келатат--десе, Карамөкөр сокур:

-- Жаркыраганына кумарланбайын менин көзүм жок. Жаркыраганын сен ал, ичиндегисин мен алайын-- дейт. Экөө кайык менен барып сандыкты жээкке алып чыгышса, ичинен сулуу кыз чыгат. Карыкенин ичи кызып кетип, бирок- убаданы бузгандык барып турган акмакчылыкка катарын ойлонуп, өзүн өзү ооздуктап сандыкты алат. Кыз:

-- Мени ким куткарды- деп сураса, Карыке:

-- Сени Карамөкөр, менин иним куткарды- дейт. Кыз ага абдан ыраазы болуп сокурдугуна карабай тиет. Адегенде көбүктөн бүткөү баласын төрөйт. Ала бала Чынгыз хан

экен. Тийген күйөөсүнөн Таманалтай, Тарғалтай, Бөдөнөтөй, Бөрбөлтөй аттуу төрт бала көрөт. Төртөөнөн[1] казак ичиндеги төрө тукумдары таралган экен.

х х
х

Төмөндөгү кырк кыз жөнүндөгү легенданын дагы бир түрү.

Мансур олуянын бир кыз баласын хан өлтүрүп сууга салат. Ал көбүккө айланып кырк кыз даамын татып бокна бүтөт. Алар калмак ханы өлтүрөрдө качып чыгышып Чамбылбелге барышат. Төрөгөн балдарынан теке түрктөр тарайт. Теке түрктөрдүн ичинде Делибай аттуу адам болуп, анын Манкара деген баласынан Кыпчак Орто -Азияда калат. Кыпчактын тукумдарынан бири Маруадан Меркит, Төнай, Орузгу, Карлык, Мазмук /арын/[2], Кыргыз.

Кыргыздан Шамурат, Долон. Долондон Домбул, Көбөш. Кыргыз атагы болгондон бери 780 жыл чамасында өттү.

Экинчи вариантта биринчи вариант менен үчүнчү варианттагыдай көбүктүн сүйлөөсү жөнүндө сөз да болбойт. Ал эми вазирлер менен казылар бирин-бири колдогон жетимдердин, алсыздардын тагдыры менен эсептелген кыртыштар катары көрсөтүлөт. Идеялык мааниси жактан калган эки варианттан алдыда турат.

Үчүнчү варианттын аягында кыргыз урууларынын отуз уул жана ичкилик болуп экиге бөлүнүүсүн отуз кыздын

тукумдары тоонун аркасына көчүп, ал эми он кыздын тукумдары ичкеридеги шаарларда калгандыгы менен түшүндүрөт.

3. Кыргыздын чыгышы жөнүндөгү дагы башка легендалар.

Эл арасындагы карыя информаторлордун эстеринде жогоруда айтылган кыргыздын кырк кыздан тараандыгы жөнүндөгү легендалардан башка түрдөгү легендалар да сакталып калган.

Мисалы алардын биринде кыргыздын чыгышы жөнүндө муну айтат.

Түрк аттуу адамдан Элчиники денен баласы болгон. Элчиникиден Баку-хан, Баку-хандан Аланча- хан. Анын аялы эгиз төрөйт: Татар-мацгул. Маңгулдан Кара-хан, Угуз, Угуздан Шапарса. Шапарсанын баласы Алауша. Алаушадан-жуз. Жуздун Алахан, Рашидилхан, Аналхан деген үч баласы атасынын атагында үчкө бөлүнүп, улуу жуз /Рашидилхан/, орто жуз /Аналхан/, кичүү жуз /Алахан/ делип аталышат.

Атасы Жуз өлөрүндө Рашидилханга башкаруучулук даражасын, Аналхакка байлык даражасын, Алахакка марттык даражасын бөлүштүрүп бата берген экен.

Алахактан үч уулу болот. Алардын экөөнөн Калайыр-казактар. Ал эми үчүнчүсү Баркансактан кыргыздар таралган имиш.

Неке гана кыргыз менен казак эмес, I жалпы эле Орто-Азия өлдеринин түпкү чыгышын бир кылып көргөзгөн легендалар кезигет. Алардын биринде Тууган-ата деген адамдын кыргыз, казак жана Каратөрө деген үч уулу болуп,

кыргыздан кыргыздар, казактан казактар, ал эми үчүнчүсүнөн калмактар таралгандыгы жөнүндө айтат.

Легендалардын дагы бири төмөндөгүдөй. Качандыр бир заманда жашаган Өзбек деген хандын Арап, Ногой, Черкеш, Сарт, Казак, Кыргыз аттуу алты уулу болгон. Кыргызы эң кичүү жана асыранды баласы экен. Өзбек өлөр кези жакындап калганда балдарынын жөндөмүнө жараша дүйнөсүн бөлүштүрөт. Арапка мылтыгы берилгендиктен ал мергенчилик менен күн өткөзө баштайт. Ногой дүкөндүн ээси болуп соодагерге айланат. Черкешке темир-тезек иштелүүчү устакана энчиленип уста болуп кеткен. Өзбек калган дүнүйөлөрүн бөлүштүрөр мезгилде чоң жут түшүп хандын малдарын шыпырып кетет да, бир төө, бир бээ жана жалгыз кой калат. Бир күнү ошол кой соолуп эт желип жатканда Казак менен Кыргыз жилик талашып муштаташа кетет. Өзбектин Сарт деген асыранды баласы кыргызга болуша кеткендиктен Казак катуу таяк жеп, таарынчына чыдабай бээ менен төөнү ала качкан бойнча өзөн талаага кетип калат. Ал ошондон тарта мал багуу кесибине өткөн экен.

Өзбек Сартка бир темир күрөк жана өсүмдүктүн үрөндөрүн энчиге берет. Сарт жана анын укум-тукумдары отурукташкан дыйканга айланат.

Ал эми кыргызга энчи жетпей калгандыктан Өзбек ага: "Агаларыңдан өзүңдүн билимиңче энчиңди ал"--дейт. Ал тоо аркасына барып отурукташат да агаларынан дүнүйө чаап ала баштайт. Ошол кыргыздан кыргыз аттуу көп эл тарап, көчүп

жана согушчул болуп кетет имиш.

Эл оозунан төмөндөгүдөй легенда да кезигет.

Бир кездерде Амир-Темир- Көрөгөн деген адам Самаркандда падышалык кылып турган. Өз душмандары менен болгон бир жолку согушта анын кошунуна кайдандыр токсон эки адам келип кошулат. Алар жеткен баатыр жана балбан келип, Амир-Темир- Көрөгөндү жеңиш менен камсыз кылат. Темир алардан кайсы элденсиңер деп сураса: "Тиги кыргызбыз, бул кырданбыз", "тигил тоодонбуз, бул тоодонбуз" дешип элинин атын билинтпейт. Алардын элинин аты жок экендигин билип, Темир аларга кыргыз деген ат коюп берет. Азыркы кыргыздар ошол токсон эки адамдан тараган дешет.

Ушул эле легенданын бөлөк вариантында эки адам мекеге зыяратка[1] баратып, Мухамбет пайгамбар жүргүзүп жаткан каапыр-мусулман согушуна катышат да кыргыз деген атты Мухамбет койгон имиш.

Ал токсон эки адамдын аттары төмөндөгүдөй:

1. Он
2. Миң
3. Жүз
4. Кырк
5. Оң
6. Оңгачат
7. Калайыр
8. Танат
9. Конурат
10. Алчын
11. Аргын
12. Кутман
13. Кыпчак
14. Капман
15. Азык
15. Кардук
17. Тоодак
18. Бирлак
19. Шымырчак
20. Кыткан
21. Куначы
22. Кинекиз
23. Буйрат
24. Уйрат

25. Кыбачы
26. Кытай
27. Кыңгыы
28. Өзүү
29. Жалаачы
30. Койчу
31. Жоолон
32. Улут
33. Хиланут
34. Ыйман
35. Оймон
36. Орлой
37. Кибират
38. Оңурат
39. Маңгурт
40. Калмун
41. Мите
42. Миркит
43. Буркут
44. Тият
45. Куралас
46. Аркилан
47. Каары
48. Жают
49. Имачы
50. Ыхырган
51. Кишилик
52. Кирай
53. Түркмөн
54. Дорман
55. Маабун
56. Уруҳдан
57. Мойтон
58. Ойшон
59. Бирия
60. Хахыз
61. Казак
62. Кыргыз
63. Койчи
64. Кундуз
65. Ойчу
66. Куурат
67. Бадай
68. Татар
69. Табан
70. Жаса
71. Жылдыз
72. Тюбай
73. Панлию
74. Кирдар
75. Сыртан
76. Кыргык
77. Мыкырын
78. Углан
79. Курлайт
80. Тогийлат
81. Бакыйлар
82. Жинаят
83. Калакыз
84. Уйгур
85. Бороиагыл
86. Тургак
87. Бахатыр
88. Салык
89. Куузак
90. Кужур
91. Төөлөс
92. Тообут.

Мындан башка төмөндөкүдөй уламыштар кезигет.

х х

х

Акеше аттуу адамдын Маанек деген аялы Карек деген баласы болгон экен. Аялы да, баласы да ачкадан кырылып каткан эзелки замандын көптүлүгүнүн биринде адыр-бөлөсү болуп калат. Акеше "Маанегим менен Карагым,

Жалгыздап мени кеттиңби?

Ачкачылык шум өлүм,

Түбүмө менин жеттиңби? - деп бейрегүн таяныш өкүрөт. /Кыргызда адам өлгөндө "Маанегим", "Карагым"- деп өкүрүү ошондон калган экен/.

Акеше жер кезип куу турмуштун айынан тентип кетет. Ногой элине келип бир ногойдун кызына үйлөнөт. Кыздын аты Кыргыз болот. Мына ошол кыздан төрөлгөн балдардан кыргыздар тараган.

х х

х

Энесей суусунун боюнда Кушбак деген жакыр,болсо да өтө ак көңүл адам жашап, анын Айрыкалпак, Каракалпак, Кыргыз, Казак менен төрт баласы болот. Айрыкалпактан Өзбектер тарап түштүк батышка, Казактар чөлгө, кыргыздар кырга, каракалпактар: "Аң уулайбыз" деп Аму дарыяны бойлоп кеткен.

х х х

Түрк деген адамдан токсон боолуу өзбек тарайт. Ошонун бирөөнүн атагы кыргыз. Кыргыздын эң биринчи эле бабасынын аты Кыргыз экен. Кыргыздын баласы Сабырпа. Анын баласынын баласы болуп кете берет. Алар Алжах-Дамшудилжах— Анналжах—Баргон—Кабыр хан— Галидин—Арслан— Калембий— Шабыр бий— Темиш бий— Атлан бий— Атан бий— Шүкүр бий— Занги бий—Сары бий—Муратаалы бий— Төлгөзу бий— Калбак бий—Домбыл бий—Маруба бий— Шамурат бий— Дөөлөн бий— Дөөлөндөн Домбул,Көөбаш.

Биздин аталарыбыз алатоокучу согуш болуп чыгыз — — жандан качып Енесей суусунун боюнан келгенге 800 /сегиз жүз/ жыл болуптур.

Кыргыздар өтө көп болуп согуштардын залалынан бытыраң ар кайда качып кеткен.

Хакастар, Жакшаалдагы нойгуттар, кытайдагы Чонбагыш, Чертикелер, Аксыдагы кыпчактар, Таажикстандын Тоолуу-Бадакшан областындагы уруулар, Красноярскидеги карачайлар бардыгы кыргыз. Карачайлардын атасы Карач аттуу адам болуп эр өлтүрүп Енисей боюнан качып кеткен. Жупастын сегиз уулунун бири Түрк атасы өлгөндөн кийин көп жерлерди көрүп жүрүп, бир жерди жактырып турду. Ал жер азыркы Ысык-Көлдүн территориясы экен. Ысык-Көл жок болгондуктан күнгөй, тескей Ала-Тоолорунан агып түшкөн туура суулар күн батышы көздөй агып, Кочкор жана Чоң-Кемин суулаарына кошулуп Арал деңизине куя турган. Мындан эки миң жыл /Милади Ийсадан б.а. Ийса пайгамбар дүйнөдөн

1. Магул менен Татар эгиз бир туугандан болуп элди экиге бөлүп, татар жети муунуна чейин жандык сурайт.

жүз жылы/ мурда Түркстанды текшерип Херадот деген саякатчы келгенде да Ысык-Көл болгон. Табыяттын өзгөрүшү менен Ысык-Көл кийин пайда болгон да күнгөй, тескей тоолорунан чыккан сууларды Ысык-Көл өз боюна тартып кибербеген үчүн жана Чүй суусунан нечен алыштарга байланып суу кемигендиктен Чүй суусу Арал денизине жетпей калган.

Түркөн Түтөк, Костон, Баркан деген үч уулу Түтөк Түркүн ордуна атасынын осуяты боюнча падыша болот. Кыскасы, тукумдан тукумга өтүп мына бул хандар болду: Түтөк- Айылче - Баку--Кийик--- Аленке---Магул---Кара---Угуз------ Таңын--- Кыргыз. Кыргыз атасынын ордуна хан көтөрүлүп,Сабырша, Түркмөн деген эки балалуу болот. Түркмөндөн түркмөндөр тарайт. Сабыршанын балдары: Алаш, Булаш, Бурат. Бурат тукуму Байкал көлүнүн жанында жашаган. Алаштын он үч уулу болуп, анын он экисинен казактар тарап ал эми Аалы деген уулунан Арстанбек, Үрүстөмбек аттуу эки бала калды. Үрүстөмбектин тукумдары ичкерилик атанып Хива, Бухарга, Самаркандга, Анжиян, Сары-Көл, Кең-Кол, Оюл-Тоо, Кашкар тарабындагы Каракалпак, Сарыкалпак, Кайчык, Курама, Каратегин, Кандуузкызыл, Ачак, Кыдырша деген уруктар болуп, булар өзбек, уйгур ж.б. элдер менен аралаш тургандыктан кыргыз уругунун кайсысы билсе кайсысы билбей калган.

Арстанбектен Байчоро, Жанчоро, Караноро деген үч уул болду. Жанчородон Аргын, Найман, Конурат, Кыпчак деген уруулар болуп, орто жүз аталды.

Карачородон Алчын, Жантас, Чомокей, Дөөлөткелди, Жаппы-

Кызылкурт, Айдос, Балта, Кургакты, Атанал, Жагылбайлы деген урултар ажырап кичи жүз аталды.

Байчородон Жаманбай. Жаманбайдан Күйикбай. Күйикбайдан Төбөй. Төбөйдөн Майкы, Коган, Мекрейил, Кунгур. Мекирейилдөн мин жүз деген Кокон, Наманган тарабындагы элдер тарайт. Кунгурдун тукумдары Оро-Төпө, Бухара тарабына жайланышып кырк жүз аталды. Майкыдан улуу жүз аталындагы Чапырашты, Дуулат, Сары үйсүн, Ысты сыяктуу бир нече уруулар.

Казактардын казак аталып калуусуна себеп Чынгыз хандын уулу Жуучу хан азыркы казактардын территориясына Чынгыз хандын белуп берүүсү менен хан болуп турган. Жуучунун уулу Шайбан хандын убагында Шайбандын бир нече уулдары болуп, кыргыз жигиттери менен дайыма ооз тамаша кылып, ит агытып куш салып жүрө беришкендиктен казактылар делип аталып калышкан. Казаки ошол кездеги тилдердин ыратчатта жашоочу деген маанини бере турган сөзү болгон.

Коогандан Барак хан. Андан төмөн Кабыр хан--Алидин--Арстан-- Кылмы бий--Шабыр бий-- Темуш бий-- Атан бий-- Назар бий--Шүкүр бий--Сеңги бий--Сары бий--Домбол бий. Домбол бийдин баласы Долон Чынгыз хандын убагында болгон. Ошол жылдары кыргызды Арзы төрө башкарып турган. Чынгыз хан Арзыга тогуз чумкарды достошконум деп берип жиберген. Арзы төрө кыргыздарды урушсуз эле Чынгыз ханга каратып берет. Мындан кийин Чынгыз хан Супатай,Кураалы

деген эки вазирин кошуп, Арзыны Алоолу--Кайсанды барып багындырып келүүгө жумшаган. Ал жакка баргандар кайта келбесин билип, Долон бий Арзы төрөнү эрчибей койгон. Мындан кийин Чынгыз хан бүткүл Азияны жана Европаны бир бөлүгүн каратып, Хорреэм шахы атанган Мухамбет ханды 1217- жылы Хорреэмдин чыгыш жагындагы Атрар шаарына жакын жерде төрт жүз миң колу менен кошо талкалайт. Чынгыз хан элди жеринин ыгына карай бөлүп, өзүнүн балдарынан хан койгон. Чынгыз хан кытайларды да чапкан. Ал 1241 - жылы 77 жашында көп элдерге каран түн түшүрүп, канды суудай төгүп, кубаттууларды алсыратып, гүлдөгөн жерлерди куу такырга айлантып, батыш менен чыгышка кайчы кантатып жүрүп өлгөн /1164-1241 ж.ж./.

х х
х

Кыргыздын карыяларынын дагы бир билиминде кыргыздар акказ деген ат менен мындан беш алты миң жылы мурда эле белгилүү болгон. Ошол кезде элүү беш чоң шаардуу өтө кубаттуу эл экен. Карымы олтурукташкан ал эми жарымы көчмөн турмушта жашаган.

Өгүз деген падышасынын наамында көчмөн ак-каздар кырогуздар делип аталган да бул сөздөн кыргыз наамы келип чыккан. Элүү беш шаардын борбору Киянчум делип аталган. Шаарлардын чалдыбар дөбөлөрү Енисей дарыясынын

Ийса пайгамбардын төрөлүшүнөн үч-төрт миң жылы туура делет.

жогору жактарында калган. Тарыхый баалуу сөздөр жазылган көп таштар да калтырылган.

х х
х

Кыргыз элинин келип чыгышы жөнүндө айтылып келаткан уламыштардын өзгөчөлөнүп өзгөчөлөнүп турган бирөөндө төмөндөгүдөй делет.

Индиянын түндүгүндө Багдад шаарынын чыгышындагы Кейкап өрөөнүндө Стам I уруусу турган. Алар адегенде кум турандар аталып жалпы турандар /орус, фин, поляк ж.б. уруулары / менен бир бийликте орус Орто Жер деңсүндө /суунун башталышындай/ турганда араб Султан Мухамбет Аалы, Осмон, Омор, Сыдык деген чариятлары /чар--төрт, яр--жолдош/ менен тургандарды мусулман динине кийрүү өзүлөрүнө каратуу максатында тургандарга согуш менен келет. Турандар каршылык көрсөтөт, ал эми кум турандардын Акеше /Акуше/ падышасы ыктыяры менен баш ийип берген да, Арабстанга кетип калган /Туран өйдөнү да ошондон калган ат делет/. Акеше көчүрүп кеткен эл стам түрктөрү аталды. Акеше берилген кызматкерине айланды. Ал султандын согуштук туусун көтөрүп жүргөнгө чейин жетишти. Акешени пайдаланып өзү качып келген араб падышасы Абу-Жайылды багындырат.

Султан Мухамбеттин көзү өткөндөн кийин анын халифалары стам түрктөрүн базарга салып сата баштады. Запкы чеккен Стам түрктөрү Кара-Деңизди кездей качып, алдуулары

Кара-Деңиздин түштүгүнө кетип калды. Малдуулары мал менен жүрө албай кала берди. Качкандарды ата түрктөр делип аталыч бир канчасы бөлүнүп калды. Көпчүлүгү сал минип, Дарданель кысыгынан өтүп Кара-Деңиздин чыгыш түндүгүнө чыкты. Ал жерде кыпчак мамлекети түзүлөт. Жергиликтүү калктардан кысмак жеп, алдуулары жети ополду[1] /севастопол, Константин-опол, Сифер - опол, Дарден--опол ж.б./. Астарханга келип турат.

Ушул көчүүдө балгар, мадияр, мордвиндер калып калды. Астарханга качкан себеби-- Киев мамлекетинен сокку жеген. Согуш Ока суусунун жанында болуп көп адам кырылат.

Чыңгыз хан орус мамлекетине жакындап калган кезде орустун бир князы Астархандан Стам түрктөрүн кубалайт. Качкандар үчкө бөлүнүп, бирлери кара деңизди сүзүп өтүп, ата түрктөрүнө барып кошулат. Экинчилери Аму Сыр дарияларынын түштүк жагын айланып бардар, алдуу, жети ханлык азыркы Ош, Жалал-Абад, Кокон тарапка жайланышып жети хан делип аталат.

Үчүнчүлөрү көчмөндөр аталып Оролго келип моңголдорго кезигип, Орол тоосуна капталып калат. Учуучу /ок/ жыландар жана соруучу узун жыландардын көптүгүнөн эл запкы чегип, моңголдорго согушсуз карап берет. Моңголдор өтүп кеткен соң көчмөндөрдү Асан-кайгы деген адам балтап Оп /обь/ дарыясынын боюн көздөй качып жөнөшөт. Ал жерде дыйканчылык кылып көп убакыттарга туруп калат.

I. Опол жумшак жай деген сөз. Бир кишиге жайлуусу олпок, көп кишиники.

Оп майда Оп майда

Орой-орой Оп майда -- деген ырлар мына ошол жерден башталат. Оптун боюндагы жердин суугу, чымын-чиркейинин көптүгү көнбөгөн элдин көкөйүнө тиет. Ак жайдын бир күндөрүндө көз ачып жумганча уюлгуп мөндүр жаап келсе Асан-Кайгы мындай деп кайгырып ырдаган экен:

Чымчып алар жүнү жок,
Чыңырарга үнү жок,
Ылан байкуш кантти экен?..
Кумда туулуп чөлдө өскөн,
Кулан байкуш кантти экен?

Чымын - чиркейдин чакканын мындай деп ырдаптыр:

Мурунга кирсе барбайтып,
Эрдинге тийсе калбайтып.
Кармаса колго илинбейт,
Мунун чаккан жери билинбейт.

Аба ырайын жерин сүрөттөгөн ырында жайкысын мөндүр, майда шыбыргак мөндүр, жамгыр жааганлыгын, кышкысын адырлары кара болуп мал жайылгандай, ойдун жерден үйдү кар басып калгандыгын, жайкысын таруу, күрүч айдалгандыгын, буурусун менен жер айдап келсоку, жер соку дегендери менен эгин актап ичкендигин айткан экен. Кел сокусу--сок билеги.

Акактай болгон күрүчү,
Жер сокуда актальп.

Мөндүрдөй болгон күрүчү,
Казанга кууруп какталып.
Келин менен кыздары,
Кел сокуга бапталып.
Таруусунун ширеси,
Ачымык кылган көйөсү,

Адамдын жаят денесин -- деген ыр да ошол кездеп сакталып келаткан дешет.Бирок, бул турган жери ысык жактан келген Асан-кайгы үчүн жыргалынан суук--тозогу көп болуп жүдөтүп жиберди. Асан-Кайгы кайгылуу ырларын ырдай берип элди чыгышка көчүүгө үндөдү.

Эл көчүп жетип Сууну кечип / Эдил, Энисей, Об, Иртиш, Ак - Суу, Көк - Суу, Саркан / Лена/ Нурбиштин чөлүнүн башын кыркып баратышты. Эл ач - арык болуп кыргынга учурай берди. " Ушуну кылмак элең Асан-кайгы - деп эл каргай берди. Асан-кайгы аябай кайгыга эми накта учурап ооруп калды. Өлөрүндө: "Менин сөөгүмдү адам жүрбөй турган жерге алпарып көмгүлө. Менин сөөгүм жаткан керде жүргөндөрдүн иши онбой, тукуму куруйт" -- деген керезин айтты. Өлүгүн төөгө артып Нурбиштин чыгыштагы жээгиндеки бир аралга алып барып көмүшөт да өздөрү Избыштын тоосунун түштүк тарабындагы жээкти жердеген турду. Ал жер жөнүндө төмөндөгү ыр чыгып ооздон оозго өтүп келген:

Жери сонун элге жай,
Колот,кокту өзөн сай,
Ур коену улактай,

Маралдарын карасаң,
Мала кашка инектей.
Эликтери маралдай
Асан-кайгы олуя,
Ушундай жайды табалбай,
Арманда өттү чөлдөрдө
Балыктары акактай,
Чогулуп жатат чөлдөрдө
Бул Гезбыштын тоосунда,
Майда токой,чөбү бар.
Чыгышына карасаң,
Көз жетпеген көлү бар.

Кышында тоосуна кар жатпай деңиз шамалы кагып турган, жайкысын көлөкөлүү жайлоолору көп бул жер Хасандын Сары-Көлүнүн чыгыш тарабы экен.

Эл көбөйүп Катаман аттуу хан көтөрүлөт. Ал Чын-жоо деген кытай хандыгы менен байланыш түзүп, кудалашып, жалгыз уулу Хакаска ошол хандын кызын алып берет. Элден чыккан Эдиге баатырды эли менен келининин калыңы үчүн Чын-Гого кулдантып берүүгө буйрук кылат. Эдиге баатыр элди баатыр элди баштап ханга каршы көтөрүлүп, Катаманды өлтүрөт. Атасы өлгөн Хакас кайрын кездөй көчө качат.

Эдиге чочулап Хасандын Сары- Көлүнө көчүп келип, жер чалгындай баштайт. Хасандын көлүнөн чыгып, Манжурдун чөлүнө түшөт. Андан Бакалга келип, Байкалдан түштүккө

кайрылып Элкиндин тоосуна /Хан- Тенири/ чыгат.

Элкин, элкин, элкин тоо,
Элкин тоого мен чыгып,
Чыгып жакка карасам,
Эл карасы көрүнбейт.
Түндүгүнө карасам,
Боз мунарык, көк түтүн,
Кол экени билинбейт.
Ие жапарып жаткан тулаң чөп,
Жер экени билинбейт.
Батышына карасам,
Адырлуу чоку арсайып,
Капаа болуп калыптыр.
Мусулман барбы жоо барбы,
Ие андан ары тоо барбы?
Түтүн болуп бөлүнүп,
Караса көзгө илинбейт.
Тууган жыты жыттанып
Менин көңүлүм көпкө бөлүнөт.
Түштүгүнө карасам,
Ие жапырайган адырбы,
Кыялдап аткан кытайбы!
Буралып көккө бөлүнүп,
Ие тоосу күйүп тутайбы?
Мындай чөлдүү жерлерде,
Эли ачтан жутайбы?

Кандай түрлүү адам бар,
Ушуякты бет алсам,
Менин сапарым карып узайбы?--

деп ырдап Элкин / элкин белүнүп турган, жамың деген сөз/. Тоодон түшкен. Бул жерде Эр Самат деген жакшы көргөн жолдошу өлгөн. Ал өтө шамдагай найзакер эле. Саматты көмүп, Атаман деген жолдошу менен элине бет алат. Атаман да эл коргогон баатырдан болгон. Тайкашка деген күлүк атын минип, кытай[1] замбиректинин огун тозуп алып жебедей сызып барып замбрекчилерин жыга уруп кайтчу экен. Тайкашка жогоруда айтылган жети суунун жай акканын кечип, шар акканын секирип өткөн күлүк болгон.

Эдиге саякаттап Эдилдин суусунун боюн жактырып келген. Элин көчүрүп ошол жерге алып барат. Эдилдин суусун кээктеп турганда баатырларды жарагы, аты менен, аялды жасалгасы, дыйканды өз дыйканчылык аспаптары менен, усталарды устачылык куралдары менен эстелик деп эл көсөмү Эдигенин айтуусу боюнча көмө баштаган. Ал кезде эл мергенчиликти жана жоокерчиликти жаа менен кылышкан.

Чынгыс хан өлгөндө Моңолдор батырай баштайт. Ал жөнүндө Эдиге билип алып, учурдан пайдаланып Моңолдорду каратат. Моңолдор он сегиз жылы багынып туруп, кытайдан кол алып, көтөрүлүш чыгарып, Эдигелерди Эдил суусунун аягына /түндүккө кубалашат. Ошондо Хакас да келип Эдигелерди чапкан. Эдиге көзүнө жаанын огу кадалып согушта өлөт.

1. Замбирек таш ыргытуучу машина болууга тийиш.

Качкан - тозгон эл түндүктө турушуп: "Шаары жок жер болобу, ханы жок эл болобу"-- дешип ак кийизге салып Карача дегенди хан көтөрүшөт. Кайчы[1] Торгой жана Кайкы баатырдын жардамы менен Карача элди башкара баштайт. Ал үчөө кол салбастан Чыжо менен Моңголдордо калган малдарын эстеп тийип келүүгө жөнөшөт. Жайылып жаткан көп жылкыдан тийип калышат, жер дүңгүрөткөн калың куугунчу алардын артынан түшөт. Торгой өнөрүн салып асмандан жумурткадай мөндүр жаадырып куучулардын жолун кесет. Качып келатып жолдон адашат, бирок-- куугунчулар кайтып келишет. Келген жолдорун таппай чер- токойлордогу ичке жолдор менен жүрүп, адырдан адырды кезип, ашуудан ашууну ашып келатканда Кайкы баатыр:

Эдил кайда суу кайда?
Көйкөлгөн жашыл жер кайда?
Сагындырып издеткен,
О, Карача, Торгой эл кайда-- деп ырдаптыр.

Үчөө сан жылкыны алдына салып, издеп жүрүп элди табат да Кулжа башы Куур-Чоку тарапка көчүрүп Ысык-Көлгө чейин жайгаштырат. Токмок тарабында Угуз аттуу монгол ханы жашап турган. Ал көчүп келген элдин кабарын билип Чын-жо хандыгы менен Алты-Ай тарабындагы моңголдорго кабар берет. Стамдар Угузга баш ийип соор алык-салыктарын төлөп турууга макул болот. Алар Кашкар, Ооганстан /Афганстан/ чейин соода кылышат. Силер кайдан келген коопсуздар-

---

Персиндер

1. Кайчы -- жаан алдыра алган өнөрпоздорду кайчы дейт.

соодагерлерсиңер?" --деген суроого биз "Кыр угуздарыбыз / угуздун кырда жүргөн адамдарыбыз"- деп жооп беришчү. Кыргыз деген сөз мына ошол кезде пайда боло баштайт. Бул жакка келгенден кийин кыргыздар Астаханда качкан жети хандыктын элин табат. Алар ичкилик аталып калат. Кайкы баатыр өлгөндөн кийин Торгой менен Карача Угуздун жанкысына чыдабай элди ичкилик тууганларын көздөй көчүрүүнү ойлошот. Бул жөнүндө Угуз хан угуп калат да Чыңгыз менен бирге тозуп элди кырмак болгондо кыргыздар качып уйгурларга, чериктерге барат. Кыргыздардын бир бөлүмү калып калат да, алар кайкы калмактары болуп кетет. Ал эми Эдигенин тушунда бөлүнгөндөрдү эдиге калмак, хакастарды бөлүп кеткен элинен хахас калмактары пайда болот. Карача Астарханда бөлүнүп кеткен тууганларын дагы бир бөлүнүп уламытан изилдеп аларды таап алып ичкиликтерди да бириктирип артынан түшүп калган моңголдорго сокку берүүнү ойлоп элдин бир аз бөлүгү менен издеп кетип кабарсыз калат. Азыркы карачай элинин карылары "ошол Карачадан калган эл экенбиз"- деп айтышат экен.

Карача кабарсыз калгак соң анын Аккалпак жана Каракалпак аттуу эки инисинин каракалпактагы ханлыкка көтөрүлөт. Элдин өлгөн тирилгени менен эсептешпей эзе баштаган ал зулумду эл жек көрөт да көтөрүлүш чыгара беришет. Жети ханлык бул ишке катышып көтөрүлгөн элдин да колдоосу менен Каракалпактын ханлыгын талкалайт.

Каракалпак бир канча элди зордук менен көчүрүп Арал деңизинин бойна качып кетет. Каракалпак эли ошолордон тараган дешет.

Эми Каракалпак хандын ордуна Аккалпак калат, бирок-ал бий деген даражага гана араң жетет. Мына ошону менен Эдил суусунун бойнан келген кыргыздардан ири хан чык-пай калат. Алардан бий гана чыгып ичкилик урууларынан чыккан хандарга баш ийип турат. Аккалпактын баласы Мең-гөтү атасы өлгөн соң бийликке көтөрүлөт. Андан кийин Сапарша бий, Сапаршадан кийин Кылмый бий чыгат. Кылмыйдан кийин Дүмбүл. Дүмбүлдөн Акуул жана Куу-уул деген эки бала калат.

КЫРГЫЗ ЭЛИНИН УРУУЛАРГА БӨЛҮНҮШТӨРҮ.

Кыргыз эли бир нече ири урууларга жана ошол ири урууларды ичинен да көп сандаган майда бөлүктөрге бөлүнүп келген. Ар бир уул, ар бир канат, ар бир уруу, ата бөлүмдөрүнүн өздөрүнчө аттары бар. Ал аттардын чыгышы айтылган уламыштарга караганда ар бир бөлүмдүн бабасынын атына, тамгасына же кандайдыр бир окуяларга байланыштуу болгон.

Кыргыз элинин уруулук бөлүнүштөрү кемчиликтери административдик бөлүнүштүн милдетин аткарып жайлоолор, кыштактар жана күздөө менен жаздоолор, эгин жайлар уруулук наамдарга тиешелүү болуп келген. Бирок, феодалдык бытыранды лык мезгилинде жалпы кыргыз урууларын баш кошуп бир бүтүн бийликтин астында болгон эмес. Ырас, кай бир ири уруу башчылары башчыларынын жардамы менен өз уруусун башкара алган, ал гана эмес башка урууларды да бириктирип башкарууга аракеттенген. Ошого карабастан бөлөк урууларды өз алдынча бийлик жүргүзүүнү каалаган уруу башчыларынын каршылык көрсөтүүсү натыйжасында алар бирикмек турсун көп кан төгүүлөрдүн натыйжасында жиктелүүлөр ого бетер күчөгөн.

Кыргыз эли негизинен Отузуул жана ичкилик болуп экиге бөлүнөт. Бул эки бөлүктүн ичинде айтылган уламыштар

боюнча өздөрүнүн түпкү чыгыштарын бөлөк элдерге кошкон уруулар же бир эле уруунун ичиндеги өздөрүнүн чыгышын экинчи бир кыргыз уруусуна кошкон уруктар да кезигет. Мындай көрүнүштөр кыргыз элинин ичинде бөлөк элден кошулган уруулар да бар экендиги жөнүндө айтылып жүргөн пикирлерге кошумча факт боло алат.

Кыргыз элинин урууларынын негизги Отузуул жана ичкиликтерге бөлүнүшү жөнүндө легендалардын ар бири ар башкача жооп берет. Элдеде айтылып кеткендей легенданын биринде кырк кыздын Отуз уулунан отуз уул, ал эми шаарларга жакын ичкериде калган он уулунан ичкиликтер тарайса, экинчисинде биринде ичкиликтердин составына кирүүчү Кыпчак, тейит, нойгут сыяктуу уруулар жана отуз уулдун оң жана сол уруларынын бардыгы кырк кыздын бир гана кызынан төрөлгөн кыргыздардын уулу Угуздан таралышат. Үчүнчү бир вариантында кыргыз эли кырк эмес токсон эки адамдан таралат.

Мындан башка карыялардын сүйлөмдөрүндө кезигүүчү "кырк уруу кыргыз" деген сөздү да эске алууга туура келет. Кай бир информаторлор кыргыз качандыр кырк уруудан турган деп, ал гана эмес ошол кырк уруунун санап да берет. Алар төмөнкүлөр:

1. Жоокесек	5. Калча	9. Жүз
2. Дөөлөс	6. Тейит	10. Нойгут
3. Катаган	7. Бостон	11. Багыш
4. Моңол	8. Набат	12. Думара

13. Каракалпак
14. Кисиба
15. Серип
16. Кедигер
17. Канды
18. Бадаң
19. Кыдырпа
20. Кызылаяк
21. Окчу
22. Баасыз
23. Кушчу
24. Мундуз
25. Түрк
26. Кыба
27. Саймас
28. Кылычтамга
29. Айчак
30. Кыпчак
31. Көкүнө
32. Саяк
33. Көлөп
34. Сапыраң
35. Жетиген
36. Талоо
37. Ардай
38. Тоту
39. Тагылык
40. Шыгай

Кыргыз ---------- "кыр агуз"--

"кыр уруулары" б.а. кырда көчүп жүрген уруулар деген маанидеги сөзүнөн келип чыгууга тийиш делип айтылып жүрген пикирге "кырк агуз" деген сөзду да салыштырып көрсөк ал "кырк уруу" деген маанини берет. Эгерде жогоруда саналып кеткен уруулардын көпчүлүгү кыргыз уруулларынын азырга чейин сакталып калган аттары экендигин эске алсак кыргыздардын качандыр негизги кырк уруудан турган эл болууга да ыктымал, бирок --эте күчтүү фактыларсыз бул гипотеза кыргыздын отуз уул жана ичкилик болуп бөлүнүшүнүн себептерин аныктоого толук мүмкүнчүлүк түудурбайт.

ОТУЗ УУЛ.

Отуз уулдун ушундай болуп аталып калуусу жөнүндөгү кабарлар жогоруда айтылгандай ар кандай уламыштарда гана кезигет. Биз айтып кеткен кыргыз элинин чыгышы жөнүндөгү уламыштын биринде отуз уулдун уруулары тарап чыккан Долон бийдин төртүнчү атасы Отуз уул деген ат менен белгилүү.

Схемада көргөзүлгөндөй отуз уулдун уруулары Долон бийден таралат да Долондун атасы төмөнтөн жогору карай бул тартипте саналат: Долон бий--Добуя бий--Жанкороз --Мунааты--Отуз-уул--Бараткан--Кыргыз.

Ал эми дагы бөлөк бир информацияда Долондун ата бабалары төмөндөгүчө саналат: Долон бий-- Домбал бий-- Калпак бий--Муратан бий --Телгозу бий-- Сары бий--Сакын бий-- Шүкүр бий--Тумуш бий--Чопур бий-- Кылымы бий--Арслан--Галийдин--Барган--Рашидилхак-- Алхак--Шапарса--Угуз-- Кара хан-- Мангул-- Аланча хан--Баку хан-- Элчиники хан-- Түрк.

Бирок бул санатта Отуз уулдун жана кыргыздын аттары кезикпейт. Отуз уул урууларынын таралышы көбүнчө Долондун аты менен байланышкан. Ал жөнүндө төмөндөгүдөй легендарар айтылат.

х х
х

Долон бий Чынгыз хандан Тянь-Шанга качып келип Кочкордун түштүк жагынан агып келген Коон-Арык суусун өрдөп барган жеринде белге жакын Сары-Булакты жерден

туруп калган. Анын кабыры Кочкордон Нарынды кездей еткен белдин өзүндө болуп, ал бел Долон делип аталат. Долон мындан жети жүз жыл чамасында мурда өлүп, андан Эр Калпак деген жалгыз бала калып, андан Муратай. Муратайдан Телгозу, Карагозу, Карагозудан чоң багыштар таркап Кашкар тарабында. Телкозудан Сатыке деген бала болуп, ал кийимди кооз кийинип жүргөнүнөн келиндери: "Короздонуп кийинген Короз акем"— деп тергешкендиктен "Жазы багыш Жанкороз" деген сөз калган. Сатыке бийден Акуул, Кызылуул. Кызылуул дайыма ит агытып, куш салып кооз кийинип жүргөндө аны да келиндери: "Кубулуп жүргөн Кубул акем"— деп терген, кубул атка конуп Кубул тукуму сол атанып кеткүлүгү Кашкар тарапта.Ири уруулары аскалың_ кандабас, Мычан, Кулун, Фичине, Килат, Кушчу, Мундуз, Саруу ж.б.Ак уулдан Адигине, Тагай, Мунгуш. Акуул менен Кубулдун тукумдары оң-сол аталып кеткен, анткени—алар Кочкорду жерден турушун бир күнү жайлоого көчүү керек деп кеңеш кылышат. Кубул-"Кара-Кужурга чыгабыз"-дейт. Ак-уул: "Мамбет акем кайда чыкса ошол жакка чыгабыз"— дейт. Мамбет аке деген ошол убактагы кадырлуу айлакер киши экен. Ал эки бир-туугандын көңүлү эки жакты каалап тургандыгын билип экөөнүн малынын эсебин сурайт да: " Акуул балам, сен оң тарабымды көздөй көчүп Кара-Кужурга чыккын, Кубул балам, сен сол жагымдагы Соң-Көлгө чыккын"— дейт. Эки бир туугандын Мамбеттин айтуусу боюнча бири оңго,экинчиси солго кочөт.

х х

х

Долонду кай бирөөлөр Доолон деп айтышат. Ал Домбул жана Көөбаш деген эки баласы менен Чынгыс хандан качып келген.

Экинчи уулу Домбулдан эки эгиз бала Акуул,Куу-уул. Ак-уул энесинин оң бөйрөгүнөн, Куу-уул сол сол бөйрөгүнөн түшкөндүктөн аларды оң, сол деп атап жүрүшүп ал аттар алардын тукумдарында да сакталып калган.

х х
х

Кыргыздар Индияда, Иранда, кытайда, Орто-Азияны бардык бурчтарында, Алтай, Енисей жактардын бардыгында бар дешет кай бир карыяларыбыз. Кыргыздардын антип бытырап кетишине Чынгыс хан себепкер болгон. Ал Анжиян бетин, Ала-Тоо жана Кашкар тарапты бүт ээлеп турган кыргыздарды кылычтан өткөзүп кырганда ар кайсысы бет алган жагына качып кеткен. Долон да ошондо өзүнүн Ак-уул, Куу-уул деген эки баласы менен Ысык-Көл менен Нарындын ортосундагы белге Анжиян тараптан качып келип өлгөн.

Ак уулунун тукумдары оң, Куу уулдарынын тукумдары сол аталат. Бул уруулар оң канат жана сол канат делип да аталат.

ОН.

Отуз уулдун оң уруулары жогоруда айтылгандай уламыштардын көпчүлүгүндө Долондун Ак-уул Куу-уулунун эгиздигинен же экөөнүн айлы эки жакка көчүүсүнөн жана кырк кыздын балдары түндүк-түштүккө бөлүнүп көчүүсүнөн келип чыккан. делин түшүндүрүлөт.

Ак-уулдун Адигине, Тагай, Мунгуш аттуу үч уулу жана Наалы аттуу кызы болуптур. Алардын атасы жаш кезинде өлүп алардын бардыгын жаш бокыча эң улуу эжеси Наалы башкарып калат. Инилерин асырап чоңойтуп-чочойткондон кийин Наалы бир күнү үчөөнү маңдайына олтургузуп туруп:

— Адигине, сен бардыгынын уулусусуң. Мал ээси болуп эки иниңдин тапкан малынын убайын көр. Буларга ата ордуна тутунар орунда турасың. Тагай иниң чыйрак өскөнсүп калды. Ал эл башкарсын. Мунгуш чарбакер адам болот. Иниси бардын ырысы бар деген эмеспи. Ал экөөңөрдүн малыңарды баксын—деди. Бий болууну каалап жүрген Адигине: "мени эжем бошоң санап, Тагайын чыйрак чыгарганы го. Кимдин чыйрак экенин көрүшөрбүз"- деп катуу таарынып калды. Ал таарыныч ырбагандан ырбап Адигине инисине сыртын сала берди. Тагай агасынын таарынып калганын билип, анын кабагын эптеп жазып үчүн үйүнө жийрин кирип чыгып жүрө берди. Ал дайыма эртең менен кымыз ичүүгө кирсе жеңеси, Адигинеин аялы Алатоо саамал куюп берүүчү болду. Өкүм Тагай менден кетпесин деп саамал болсо да аякты соолто

жутуп жүрдү. Акыры кезегин келтирип:

— Жеңе, бу сиздин кымызыңыз анчыбай жүрөт окшойт, бул эмнеси?—деп койду. Анда төрдө отурган Адигине кашык менен жооп берди:

— Бererине бешимде кымыз, бербесине эртең менен саамал деген ошол.

Тагай унчукпастан чыгып кетти. Ал агасы менен араздалпоону ойлоду жана аракеттенди, бирок— Адигине көтөрүп жумшарбады, ал гана эмне турсун бир колку ордодо жок жеринен чатак чыгарып инисин чокудан ары эки-үч жолу тартып жиберди. Тагай таарынган тейден бардык болгон жылкыдан бир да бөлү калтырбай айдап, Алай мекен көш айтышып аркага көчүп кетип калды. Ошол боюнча Аркада жүрүп анын тукумдары да аркалык аталып кетти.

ТАГАЙ.

Тагайдын Богорстон, Койлон, Сарыбагыш аттуу үч уулу болду. Богорстондон болгон Солто, Койлондон Коош Кедигер, Кылжырдан Бугу Сарбагыш. Уруулары деп аталышат. Кылжыр дегени Сарбагыштын өзү аны антип айткандарынын себебимоюну сол жагына кылжырайган адам болгон экен.

СОЛТО.

Богорстондон жалгыз гана Эштек. Эштектен Алыйман аттуу аялынан Солто төрөлөт. Ал жөнүндө элде:

Ак көйнөктүү Алыймын,
Адамдан чыккан жез оймок.

Айткан сөзү эп болгон,
Аялдан чыккан кер сойлок,
Кылган иште мүүнү жок,
Тиктеп койгон кийими,
Кийсе адамга кеп болгон-- деген ыр калган. Эптектин Балта, Түйпө, Косор деген да балдары болгон. Косор кожо сабап каргышка калып тукуму өтө аз болуп калган имиш. Ал эми Балта жана Түйпө эмне болгону белгисиз, казак ичине кеткен деген үгүшүм менен:

Каарга Косор калды,
Батаны Солто алды.
Кайдоол кайта чапты,
Казак кайың саады,
Кыргыз Ысар кетти,
Балта,Түйпө жоголду,
Эптек эшек болду,
Баатыр Солто камчылап--

деген сөздөгү аттары гана сакталып калган. Кайдоол Эптектин жигити болуп жүрүп калган бир жумуш үчүн кайта чапкандыгы жөнүндө айтылып жатат. Кайдоол жөнүндө толугураак кийинчерээк айтылат. Солтонун байбиче аялынан Күнтуу Култуу деген эки бала ал эми токол аялынан Чаа деген уул төрөлгөндө Санчы деген сынчыны чакырып келди да бети-башы таза жуулуп жакшынакай кийинген Күнтуу менен Култууну мандайына алып кирип:

-- Сынап бериңиз--деди. Сынчы Култууну тиктеп туруп:

-- Мунуи тукумуба бай-байтакана чарбакер конур,азыраак эл болот. Ал эми берегиники--деди Күнтууну көргөзүп.

-- Чогулушкан эл болот, түтүнгүлүк. Кыздары сулуу, аттары күлүк-- чыгат--деди да Солтонун көзүнө көзүн чагылыштырды.

--Сенден бирөө чыкмак экен, бул кандайча болуп калды. Дагы балаң болсо алып кир.

-- Ой, курусунчу! Өз кыгына өзү бөленүп токолдун бир бечели катат тиги үйдө. Ушул татынакай балдарыңдан чыкпаган андан кайсынын чыкканы--деп Солтонун көңүлү суун паанайы пастай түштү.

-- Ошону алып кир.

Тезекке кеткен токолун чакыртып козулар менен аралашып четки үйдө кароосуз жаткан Чаяны көтөрүп киргизди. Бети-башы туурулуп калган токол кагырап кесилген колдору менен баланын самтыраган ороолорун ачты. Баланын тырбыйган жылаңач денеси көрүндү.

-- Ой, жап! Жап! Сын токтобой тайгаланып кетти. Мындан кулжа кулак мең кызыл, андани кийин ат качырбас боз айгыр, андан кийин ийри кара шилк моюн, артынан баш койкоң чыгат. Тукуму көп болот деди.

Кулжа кулак мең кызыл дегени Түлөберди[1] экен. Өзү чарчы бойлуу, узун кулак кызыл адам болгон. Ал элди тынчытып тартипке келтирген адам экен. Ат качырбас боз айгыры

---

1. Кийин жагында айтылат.

Канай, ийри кара шалк мокну Жангарач, баш койкону Байтик экен. Култуу, Култуунун Култуу /чылпак/ көзү дайыма чылпактап жүрүүчү адам болуп, андан тарагандар чылпак уруусу делил аталып калган.

Култуудан Адына, Мендеке деген эки бала калат. Адынадан Атакүчүк, Элчибек. Атакүчүктөн Абышка, Чал. Буларды акукор уругу деп атачу, анткени--казак менен кыргыздын бир чабышында кыргыздар бир жакка үркүп качат. Бардык үй-бүлөсү ошондон кырылган. Абышка жалгыз кызы менен жээ кача албай тоо арасындагы үңкүргө жашынып калат. Түтөтмө кара мылтыгы менен кийик атып жеп жүрүшөт. Жылдар өтүп Койконназар деген адам жоголуп кеткен Абышканы изден жүрүп кыз олтурган үңкүргө келет. Бей тааныш адамды көрүп кыз:

— Бул жерден кет. Атам келсе жаның калбайт -дейт.

— Атаңдын аты ким?

— Абышка.

— О, айланайын! көрүшөр күнүбүз бар экен ээ - деп Койконназар бакырып ыйлап көзүнө жаш алат. Ыйлап болгондон кийин, кызга бардыгын түшүндүрүп берип, өзүлөрүн издеп жүргөндүгүн айтат. Кыз аны жашыруу үчүн үңкүргө кийрет:

— Атам киши көрүнсө эле, жоого билинип калсак жаныбыз калбайт деп атып салат. Амал менен көрүнбөсөңөр элтүрүп коет.

Койконназар үңкүргө кирсе жердин баары ақу талпак. Ақуну өтө көп аткан экен, мына ошондуктан Атакүчүктүн тукумдарына ақукор деген ат коюлган.

Иңир аралаш абышка жонуна кийик көтөрүп үңкүргө кирет. Мылтыгын асып талпактын үстүнө олтурганда кызы:

— Ата Койконназар деген кишини таанысызбы?—дейт. Капайы турмушта жүрүп мүнөзү бышса да ажырашканына көп болгон туугандын атын укканда элин сагынган Абышка

— Эмне дейт! Сен кимди айттың кагылайыным—деп боздоп жиберет.

— Ошол киши сизди издеп келип кайра кетип калды. Ал кимиң эле?

— О, кокуй алат! Кайда кетти! Тезирээк айт. Ал менин бир боорум эмеспи кокуй!

— Андай болсо ыйлаба, ата—деп кыз жашырып койгон жеринен Койконназарды чыгарып бергенде экөө бакырышып келип кучакташып көрүшөт. Сакалдарынан ылдый жаш шорголойт. Абышкадан : Карагул, Кашкар, Калбай, Төлөн. Карагулдан Дайырбек, Коеш. Кашкардан Мырзаке, Сатыбек. Сатыбектен Бөлөбала, Сүйүмбай. Бөлөбаладан Осмонкул /Кыргыз эл акыны/, Адымкул. Сүйүмбайдан Карабай. Карабайдан Асанкул, Өмүркул. Төлөндөн Бөөдөкара, Өмүрбек.

Чалдан Байке, Тилеш. Байкеден Боккөтөн, Жумабай. Жумабайдан Чоңөтүк, Чокчолой. Боккөтөндөн Уркүмбай. Тилештен Аман, Сабыр.

Элчибектен Рыскул, Бартак, Сазан. Сазандан усуп, Солтонкул. Элчибектен тараган урукту бешкаман дешчу, анткени Ормон хандын жигиттери опузалуу чыгып, оина келгенди кылыпчу. Култуулардан дайыма келип эле малын терип кетип турушкан. Анын ичинде бир жолу Рыскулдун кезге басар жалгыз атанын алып кетишет. Рыскул ал кордукка чыдай албай Тайлак деген жолдошу менен келип Ормондун айлынан бир айгыр үйрү жылкысын тийип келет. Ормон болгон ишти дайындап билип алып Конур-Өгүздө Сазандыкына келип түшөт да Рыскулду чакыртат. Өзү эт жеп кымыз ичип уктап калат. Ушул мезгилде Рыскул келип үйгө кирип бычагы менен камчысын жонуп олтурат. Ормон бир маалда көзүн ачып:

– Э, Сазан! Баягы Рыскулуң качан келет?– деп бакылдайт.

— Мен мында келип олтурбаймынбы – деп Рыскул орцунан ыргып турганда колундагы жаланган бычагын көрөн Ормон уйкулуу көзү менен аттеча качат.

— Э, катыгун! Тамак ичип кетпиңе— дейт Сазан.

— Бул түрү суук немелериң тамакты ап кылчудай эмес. Тамакты пашпай туруп жешип аларбыз—деп Ормон кээрлейт.

— Бул бешагайын ушундай колдондогон немелер чочубай эле коюнуз.

— Ошондой де. Ошондой беш каман де—деп Ормон бир эки гана жигит менен келгендиктен кокустук болуусунан коркуп узап кеткен дешет. Мына ошондон кийин баякы беш каман деген тамашалуу сөздөр айтыла берүүсүнөн калыптыр.

Мендекеден Балды, Бектоо, Буйлаке. Балдыдан Назар, Айдарбек деген эки уул болгон. Экөөнүн тең көзү чекир экен. Алардын тукумдары чекир уулу аталышкан. Бектоодон Аалы, Кожоке. Байлекеден Теңир берди, Жайнак. Жайнактан Байбагыш. Байбагыштан Токтомат, Чыныс, Саяк, Стамбек, Куштай, Ысмайыл. Токтоматтан Таштанбек, Акынбек, Андан. Таштанбектен Супатай, Субан, Кылжыр, Төлөнгүт, Кадырбай. Акынбектен Суранчы, Жамгырчы, Муңайтпас. Андаштын асыранды баласы Тайкашка, өз баласы Мойнок. Чыныктан Байсерке, Короз, Макеш. Байсеркеден Кыырай. Короздон Дубана, Бокош. Макештен Этемберди, Кудаке, Басылбек, Иманкул. Саяктан Качыке, Калча, Бүтөш. Качыкеден Кодор, Дыйканбай, Кенжекара, Маркатай. Калчадан Майлыбай, Чалбай. Бүтөштөн Түлкүбай, Көбөгөн.

Стамбектен Араке, Абадан, Эчкилүү, Ботокан. Аракеден Көкөбай, Чөпөбай, Бөкөмбай. Абаңдандан Асаркул, Секибай.

Куштайдан Жолан, Шатен, Жолондон Балкыбек. Шатенден Суукыдыр, Байдаке. Ысмайылдан Акмурза, Түлөкабыл.

КҮНТҮҮ.

Күнтүүдан жети бала болот: Карамерген, Токбай, Тору, Кулболду, Жолболду, Байгана, Чоңмурун. Жолболдудан тукум калган эмес жана Торунун тукумдарынан бир гана түтүн Бейшеев Асан деген бар. Карамегенден жүз чамалаш түтүн тараган. Кулболдудан Дандыбай, Айтыке, Сейтике, Карлыган. Дандыбайдан Абек, Тайлак, Чокин деген балдары болуп, үчөөнүн тукуму Кулболдунун Дандыбайдан бөлөк балдарынын

тукумунан көп келип Кулболдудан тараганлардын бардыгы Дандыбай уругу атанып калган.

Байганадан Кашкабаш, Сарбан. Кашкабаштан Бүтүйе, Кадырберди, Шадыбек, Жанкулу. Сарбандан Маасара, Калыш, Адигине, Кедее, Кожомкул.

Маасарадан Карабай, Чал, Базар, Чобош болуп жыйырма эки түтүнгө жетет. Адигинеден Сатагул, Боромбай, Учуке, Тото, Айтек, Тентек, Торутай.

Кедеедан Алагуш, Байыт, Эсенгул. Сарбандан тараган түтүндер жүздөп саналат.

Чонмурундан Кутуке, Адыр, Теке, Балбак. Токбайдан Козуке, Мендеш, Мукулай. Козукеден кырк чамалаш түтүн тараган. Мендештен Токтокучук, Байчоро. Токтокучуктан Беккулу, Шонкор. Беклудан Кырдыралы, Карбоз. Шонкордон Абылай, Казы. Мукулайдан Кудайкул, Тагайкул. Кудайкулдан Токмок. Токмоктон Айдарке, Дайырбек, Ураалы, Сасыке. Тагайкулдан Сатыбалды, Кубагыш. Сатыбалдыдан Байкетен, Байтик, Черикчи, Жаныш. Кубагыштан Тагайкул, Мукулай. Солтонун Байтик манабинин сомбусуна чыдабай күнтуулар Тогуз-Торонун жайыттарына көчүп кетип беш жылдан кийин кайтышкан.

ЧАА. /Белекбай--талкандар/.

Чаадан Каракчы, Талкан, Тата деген үч баласы болгон. Каракчынын тукумдары Белекбай делип аталып келген, анткени-- башка урууларды ичине көп кошулбай өз чарбаларын өзү кылып белектеп көчүп жүрүшчү бай уруу болгон.

Бөлөкбайлар ат чабыштa жана союл чабыштарда ураанды бөлөкбайлап чакырышчу. Култуудан тараган чылпактар да адамдарынын санынын аздыгынан бөлөкбайдын ураанына табын болуп келген. Талкандын тукумдары талкан аталат да күнтуулар аларга табын. Солтолор негизинен бөлөкбай, талкан деген эки атакка бөлүнөт жана аларга күнтуу, култуу гана эмес отуз уул, ичиликтерден бөлүнүп кеткен көп майда чачыранды уруктар табын болуп аларга букара болуп келишкен. Ал жөнүндө төмөнүрөөктө токтолобуз.

Бөлөкбай.

Каракчыдан Байсейит жана Бүтөш. Байсейиттен Эсиркемиш, Жалайыр, Салык, Айдарбек, Үкү, Кутумбет, Чулу, Ногой, Чүңкөлөй.

Эсиркемиштен Кебек, Мурат, Олжочу, Жылкычы. Кебектен Эрмек, Тойчубек. Эрмектен Кожокелди, Алдаяр, Жаныбек. Жаныбектен Төкөй, Көчөк, Үркүмбай, Урумбай. Алдаярдан өмүр, Миңжашар, Кунуке, Ниязбек, Илебай, Дооронбек, Рыскулбек, Буудайбек. Тойчубектен Кудайменде, Мендебайыр, Жыргал, Өтөгөн. Муракеден Бекбото, Нарыке, Жыртак. Жыртагынан тукум жок. Бекботодон Бердиш, Чынкожо, Найман. Нарыкеден Үпү, Мамбет. Олжочу менен Жылкычы Эсиркемиштин чабындыдан келген олжо токолунан дешет. Аттарын да ошого байланыштырып коюшкан. Олжочудан Наймanбай, Найыр. Жылкычыдан Токтоболот, Токторбай, Курткатай, Аким, Таңчы.

Жалайырдан Шабото, Эшкожо, Таттыбай, Байжигит. Шаботодон Атамбек, Кедей. Атамбектен Тагай, Бөрү, Төрөгелди, Кангелди. Булардын Тагайынан гана бир түтүн тукум калган. Кедейден Абайылда, Табылды, Өтөгөн. Абайылдадан Дөөмөт, Бабакан, Шамыркан, Агыбай, Тогбай. Табылдыдан Кооман, Урбай, Базаркул. Өтөгөндөн бала жок. Эшкожодон Боромбай. Боромбайдан Түркмөн. Байжигиттен Калмакы, Божокой, Найманбай, Садыр. Таттыбайдан бир эле түтүн. Кутумбеттен Карга, Төлө, Мырза, Басал. Басылынан тукум калган эмес.

Үкүдөн Эдилбай, Тойматт, Жабагы, Толубай, Кубат, Борсолдой.

Ногойдон Сарт, Медет, Оно, Теке. Сарттан Жээнбек, Күйкебай. Жээнбектен Калча. Калчадан Качкы, Качыбек, Супатай. Качкыдан Чоду, Олоң, Мамбетаалы, Сулаймankул, Агыбай, Карабай.

Качыбектен Шайылда, Кошой, Тойбай, Балбай. Супатайдан Бүргө Абдылда.

Күйкебайдан Барман. Бармандан Сопу, Чотой. Сопудан Төкөбай, Усупбай, Конурбай, Дыйканбай, Телбай. Чотойдон Жакыпбай, Өмөр, Бекбоо. Медеттен беш түтүн тараган. Онодон Жайык, чекир, Жаныбек, Эмил. Жайыктан Оровалы, Арзымат, Жангарач, Алчыкен. Орозалыдан Шатен, Бостек, Бактек. Арзыматтан Турумбай, Абылай. Алчыкендан Аламан, Агыш, Рыскул.

Чекирден Дуулат, Качыке, Жанбото. Текедең Бекбай, Байбото, Бочук, Түлөке, Тайкожо. Бекбайдан Чагырай, Жанузак, Сарыгул. Байботодон Абайылда, Жанай, Каркабат. Бочуктан бир

түтүн. Түлөөкеден Калча. Калчадан Кыдыр, Урмамбет, Кенжекара. Тойкожодон Канай, Сарыбай.

Ногойдон тараган тукумдарды Аксакберү уругу, ал эми Чулудан тараганды Жору уругу деп айтылчу. Ал сөз Ногой менен Чулуну атасы эркелетүүдөн чыккан.

"Аксак бөрү андып жейт,

Жору калган тарпты жейт" -- деген сөз ушул уруулардын жакыр турмушуна байланыштуу кийин чыккан.

Чүнкөлөйдөн Өмүке, Берик.

Бүтөштөн алты уул: Жакып, Төлөн, Тубар, Жагыш, Багыш, Түлөкабыл.

Азыркы Ивановдо менен Ворошилов райондорунун аралыгындагы территорияда Бүтөш жердеп турган. Атасы Каракчы Байсейит менен Бүтөшкө энчи бөлүп бергенде Байсейиттин малы көбөйүп, ал эми Бүтөш агасындай сүткор болбогондуктан жакырланып, малсыздыгына байланыштуу дыйканчылык менен күн өткөрө баштайт. Жер айдап эгин себет. Илгери кедейлер жер айдаса байлардын малы тепсеп отоп кеткен үчүн көп болгон. Күндөрдүн биринде Бүтөштүн таруусун Байсейиттин калың жылкысы тепсеп кирип келет. Бүтөш жатакчылар менен Байсейиттин жылкыларын кармап алып катуу сабап кое берипет. Бети-башы айрылган жылкычыларын көрүп Байсейит : "Ини болмоктон денемдин жартысы болсо да тамтыракайын чыгарып чаап алам"-- деп чамынганда: "Мени чаап алуучу Байсейит экен го? Бөлөк элди бүтүрүп эми мен калган экемин да. Чабышууну мен да байкап көрөйүн"-- деп Бүтөш

Анжиян тараптагы Карачоро тукумдарынан кол алып келүү максатында айдалган эгиндерин эрттеп жиберип качып баратканда Көк-Арт ашуусунан көчкү жүрүп бала-чакасын жапырып кетет. Аман калган жалгыз баласы Жакып менен качкан журтуна кайтып келет.

Байсейит менен Бүтөштүн энчилери бөлүнө электе эле кыпчак зулумдарынын куугунтугунда кыпчак урууларынын бирине качып келип, Каракчынын эшигинде жүргөн жана Каракчы алган соң Байсейиттин пейли тар сараң экендигин байкап, Бүтөш менен бирге кеткен.

Төкөлдөш деген жигиттин жардамында Бүтөш Кагаз аттуу кызга үйлөнөт. Төкөлдөш Кагазга бала болдум деп эмчегин эмет. Кагаздын биринчи баласы көчтө өлгөн балдар төлөнду деген мааниде Төлөн аталат. Экинчисине туун алдым деп атын Тубар коет. Үчүнчүсүнө Кудайга ишим жакты Жагыш болсун, төртүнчүсүнө бактылуу болдум Багыш болсун деген аттарды коюп түлөө өткөзөт. Бокна бүтүп дагы төрөйт. Түлөөм кабыл болду деп атын Түлөөкабыл коет.

Бүтөш уругу Жетикашка жана Жакып болуп эки наамга ажырайт, анткени— Жакып мурунку аялдан, ал эми Жетикашка кийинки аялдын беш баласы менен Төкөлдөштүн жана Төлөк деген асыранды баласынан тарайт. Жетикашка— кашкайган жети баатыр деген мааниде айтылган. Ал жети улан дайыма бирге аттанып жоо келсе чогуу качырышкан эр жүрөк,балбан азаматтардан болгон экен. Жакыптар Жакыптын үч аялынын наамында үчкө бөлүнөт: Мээр, Татыбала. Биринчи аялынан

Коеш, Дайырбек, Кашкар; экинчи аялынан Саткын, Көккөз, Карагул, Асан, Усөн, үчүнчү аялынан Жерказар.

Таңсыктын балдары көп тараган тукумдар Коеш, Дайырбек, Кашкар болуп эле бөлүнөт. Саткындан Кожогул болуп тараган тукумдарга Кожогелди уругу болуп эле аталат.

Көккөздөн Болот, Байзак, Тойчубек, Элчи, Бердикожо, Коюке, Шергазы, Оросбек. Көккөздөн тараган элүүгө жакын /белгилүүсү 38/ түтүн каратаман уругу делип аталчу,анткени-- Көккөз кара көсөлүү эгинди басып жатып жиланаяк жылаңаяк таманы карарып кеткенде Усандук тукумунан чыккан Чыңгыс көрүп калып, ага Каратаман деген ат коюп алган.

Карагулдан Андабек, Ташыбек. Андабектен Кедейбай,Жунуш. Кедейбайдан Байдөөлөт, Түлөберди, Эсенаман, Кыдыр, Бейше, Шарше. Байдөөлөттөн Мүкө, Жумалы, Жүзүм. Мүкөдөн Токтоналы, Какий. Токтоналыдан Кадыралы, Садыралы. Какийден Өмүрбек. Жумалыдан Мамакан, Жекшен. Малакан Ата Мекендик Улуу согушта өз мекенин фашисттерден коргоодо курман болгон. Жүзүмдөн Тайлыбай, Койлубай. Түлөберди, Эсенаман, Бейше үчөөнөн тукум жок.

Жунуштан Эсенгул, Эсенгелди. Эсенгулдан Акмат, Осмон. Эсенгелдиден Дүйшө, Жапаркул.

Ташыбектен Урак, Бокчу, Качкынбай. Урактан Уркүнбай, Айдаралы. Уркүнбайдан Байтери, Эгемберди. Байтериден Кожосан, Эгембердиден Молдосан. Айдаралыдан Турдалы. Турдуалыдан Абдыкул, Жапар.

Бокчудан Рысменде, Урмамбет. Рысмендеден Кадыр. Урмамбеттен Дүйшөн. Дүйшөндөн Кенешбек. Урманбеттен Мырзалы. Мырзалыдан Асанбек.

Качкынбайдан Жылжымыш. Асандан Байтүгөл, Байтүгөлдөн Кубат болуп тараган тукумдары аталат. Кубаттан Мыктыбек, Ысмайылбек, Атыкан, Турусбек, Ырыскулбек, Майлы. Мунун ар биринен экиден гана түтүн болуп көбүрөөгү Мыктыбек. Мыктыбектен Үрүстөмбек, Байбосун, Сарыбагыш, Байбагыш, Чоңбагыш деген балдары болгон. Үсөндөн Әдилбек. Әдилбектен Чынык, Чынгыш, Чынболот, Шаake, Усупбек, Булардан тараган отуз чамалаш түтүн әдилбектер болуп аталучу.

Жерказардын өз аты Башкача экен. Ал дайыма эле кашкулактын ийнин казып ойноп жүргөндүктөн калган. Анын тукумдарын татыбала деп да, жерказар деп аташчу.

Жетикашкага Төлөн, Тубар, Жагыш, Багыш, Түлөөкабыл, Төкөлдөш жана Төлөктүн тукумдары кирерин алдыда эскертип кеткен.элек. Төлөңдүн тукумдары агиттер делип белгисиз себеп менен аталган. Алар Чүй боорундагы Ак-Жар деген жерде турушчу. Тубардан Бороон, Борбаш, Момон болуп бөлүнүп үчөөнүн тукуму элүү чамасында жеткен. Көбүрөөгү Маман болуп алар Бочок, Эшмамбет, Бийгара, Байсал, Кыдык деген аталарга ажырайт.

Жагыштан Айчубак, Кытай, Адыл, Жайчы,Топсары.

Айчубактан Жанчар, Байтерек, Эстебес, Тургумбай,Арык. Айчубактын Эстебесинен азыр Дыйкан деген адамдын бүлөсү.

Тургунбайдан Саты деген тукум калып, калгандарынан урук тарабай калган. Кытайдан Тилеш. Тилештен келип олтуруп Жумабек аттуу жалгыз бала жүрөт. Адылдан Сейит, Бокбасар, Уркунчу, Жапалак, Эдиге.

Жайчыдан Кенжеке, Дандыбай, Түлөке. Топсарынын тукумдарынан төрт түтүн бар.

Багыштан бир гана түтүн бүгүн да бар. Түлөөкабылдан Айта, Чынгыш, Чоткара, Баястан, Арбос.

Айтадан Атыгай, Тотой, Уруке, Чоңтой, Жолуке, Курман. Атыгайдан Бактыяр, Дыйканбай. Тотойдон Койтумак, Сарыгалдак, Мылкычы. Урукеден Чокой, Сарпек, Дайырбек. Чонтойдон Жанысбек, Тенизбай. Жолукеден Орозбак болуп андан тараган үч түтүн бар. Курмандын Таласбайынан эки түтүн.

Чынгыштан сегиз бала болгон: Туруке, Кедейбай, Букар, Балтабай, Шайылда, Кыдыр, Чүкүмбай, Аралбай.

Турукеден Качканак, Түлөөлү, Норузбай. Кедейбайдан тукум жок. Букардан Дөөлөт, Кулманбет, Жетимишбай. Балтабайдан Зенкибай, Кондубай, Майрык, Жусуп. Шайылдадан Сопубек, Байшүгүр, Ашырбай. Кыдырдан Ысабек, Муса, Кулжа. Уркүнбайдан Бүргө, Моңолбай. Аралбайдан Айылчы, Мамбет. Чоткарадан Орозалы, Баялы, Жаманкара, Мамыркан.

Баястандан Самак, Үпөтөй, Майкөз. Майкөздөн тукум калган эмес. Үпөтөйдөн да бир эле түтүн калган. Самактан Боку, Кетиренкей, Күренкөй. Бокудан үч түтүн небрелеринин балдары бар. Кетиренкейден Бектурган, Кулжан, Жапар. Бектурдан Бекиш, Жумалы, Бекиш азыр кырк, ал эми Жумалы

элүү чамалаш жаштагы адамдар. Кулжандан Айдаке, Бегалы. Бегалыдан Туяк- азыр орто жашар адам. Жапардан төрт түтүн бар. Күрөңкейден эки түтүн. Самактын кичиң аялынын балдарынын аттары белгисиз. Баястандар бардыгы болуп жыйырма чамалаш түтүн.

Арбостон Андаш деген жалгыз бала калат. Күнтуулардын өз ара бир чабышында Арбос арачалашка барып табарсыгына жаздым найза тийип өлөт. Жетим калган Андашты Баястан чоңойтуп аял алып берет да Андаш үч балалуу болот: Кененбай, Бочур, Амангелди. Амангелдиден тукум калган эмес. Кененбайдан Жамангул, Бармангул, Сатыгул,Шаршe, Жамангулдан Майташ. Андан үч түтүн. Эки баласы азыр үйлөнө элек. Шаршеден жалгыз бала. Ал азыр Ворошилов районунун Варашилов атындагы колхоздун трактор-чусу. Барманкул менен Сатыгулдан тукум жок. Бочугурдан Дүйшөн, Бейшен, Ишен. Бейшен Бочугуров Арбосторду санжыргалап берген адамдын өзү. Жетимиш эки жашта.

Төкөлдөштүн кыпчактан качып келгендиги алдыда айтылды. Андан Умөт, Назар, Кудайкул, Андакул, Райке, Кенжеш деген алты бала болуп, алтоонун тукуму токсондон ашуун түтүндү түзөт. Төлөк Солтонун ичиндеги жети кул уруктарынын бирине кирет. Жети кул уруулары ар кайсы жактан качып келген адамдардан тараган деп айтылучу. Алар: Төлөк; Жоочалыш, шалта, көгөй, бешкөрүк, акбуура, борочор уруулары. Төкөлдөш Бүтөштүн аялы Кагаздын эмчегин эмип кул наамына конбой калган экен. Ал эми Төлөк дайыма

жетикашкалар менен чогуу жүрүп жетикашка аталган, бирок-жети кулдун бир кулу деп эсептелүүчү. Төлектөн тараган-дардын кайсы бир бөлүмдөрү Солтонун талкандарына да кирип жүргөн. Солтонун атасы Эштек Кашкар тарапта хан болуп туруп, казактарды жортуул уюштуруп барып чабат. Чыркырап ыйлаган катын, баланын ичинен бир сулуу жаш аял көрөт. Аял атка мине коюп, качып жөнөгөндө Эштек Кайдоол деген жигитине ал аялды куып жетип алып келүүгө буюрат. Кай-доол Эштектин күлүк күрөң атына мине коюп качып бараткан аялды куып жетип оодара тартат да ээрдин кашына басып чаап келет. Эштек менен бирге өзүнө укукташ хандар да элдин дүнүйөсүн чаап тартып алууга келиптир. Алар колго түшкөн олжолорду бөлөөрүндө Эштекке аялды алып берүүнү амалында Кайдоол күрөң аттын колоңсосуна ийне сайып ак-салып коет да: "Ушул аялды ала качыш үчүн Эштектин күрөң күлүгү аксап калды. Буга калыстык кылгыла"— дейт. Топ кыжылдашып олтуруп күрөң атты ортого салып аялды Эштекке берүүнү чечим кылат. Аял Эштекке тийип эркек төрөйт. Күрөң аттын төлөөсүнө келди"— деп Кайдоол баланын атын Төлөк коет. " Баламды Төлөөгө келди деп кул наамына кал-тырдың. Тукумуң жүзгө жетпесин, жүзгө жетсе да күзгө жетпесин"— деп Төлөктүн энеси Кайдоолго каргыш берет. Кайдоолдор Чүй бетинин Ак-Суу тарабында жүрүшчү. Кайдоол-дун өз аты Курманбет экен. Өзү карачоронун түштүк та-раптагы уруктарынан аяты менен келип Эштекке жигит болуп жүргөндө Эштектин аялы: кайдагы уул деп тергечү дешет.

Ошондон Кайдоол деген ат келип чыккан. Эштекти[1] казактар чапканда анын Балта, Түйтө деген жигиттери эч нерсеге жарабай элди коргобой качкан. Кыргызды үркүтүп, дүнүйө малды алдына салып капарсыз кайтып баратканда Кайдоол артынан барып чапкан. "Кайдоол кайта чапты" — деп мындан алдыда айтылып кеткен соң да ошондон калган деп жүрүшчү. Кайдоолдон[2] Темиржан, Таттыбай, Тотой, Кулуш деген төрт бала болуп алардын тукумдары алтымышка жетпейт.

Кашкарда турганда Эштектин баласы он сегизге, Төлөктүн баласы он бирге жетет. Аны көрө албастык менен балдарынын көптүгүнөн чогулган калмак хандары Эштектин он сегиз баласы менен кошо конокко чакырат да он алты баласын аларга чечектин кагын /картын/ тамак менен аралаштырып билгизбей берет. Ошондон ооруп он алты баласы тең чечектен өлөт. Дагы бир баласы өлүп жалгыз Солто калат. Эштектин тынчы кетип, Төлөк, Кайдоолун баштатып элин Кашкардан көчүрөт. Жолдо көргөнү да, көрбөгөнү да көр болуп жүдөшөт. Алар Ысык-Көлдүн сыртындагы Кара-Кужурга келгенде Төлөк жети баласы менен кайра жөнөп калмактан бир айгыр үйрүү жылкыны тийип кайтышат. Калмактан күчтүү куугунчулар келип Төлөктү колго түшүрөт да жети уулуна кошуп, эртөп жиберет. Ошол жер Төлөктүн—Сөөгү делип аталып келген. Төлөктүн төрт баласынын жана эрттөлгөн жетөөнүн биринен калган жалгыз бала Кызылкүчүктүн тукуму болуп төлөктөр беш атага бөлүнөт: Асан, Усен, Эдиге, Дөрөй, Кызылкүчүк. Асандан Ажым, Чокон. Ажымдан эсирке, Чарчыкедей.

---

1. Кээ бирөөлөр Балта, Түйтөшү Эштектин балдары дешет.
2. Кайдоол суумурундардын чечилишинде да эскертилет.

Эсиркеден Каракозу, Тоодак деген эки бала калып элүү түтүн тарап Чарчыкедейден Акжол, Эсен, Түлөөке. Акжолдон Токтоназар, Ажыбек, Бочаты. Токтоназардан Кытай, Кулуке, Кытайдан тукум жок. Кулукеден эки,Ажыбектен эки түтүн. Бачайыдан Шамен, Болот, Сай. Шаменден жыйырма, Болоттон он сегиз, Тайдан бир түтүн. Эсенден жыйырма.

Кожо. Кожодон Шапа, Кутуй. Кутуйдан Тошон, Кабак. Тотондон Сатыбалды, Байбарак. Байбарактан Жайыл, Темиркан, Эсен, Карагул. Жайылдан Таттыбай, Тотой, Баксары. Темиркандан Куланчы, Жалгап. Карагулдан Эшбай, Эшкулу. Эсенден алту түтүн. Сатыбалдыдан Кемпир, Кемпирден Каракөтөн. Каракөтөндөн Майлы, Майлыдан Арыкбай, Бөлөкбай. Түлөөкөдөн он түтүн. Чарчыкейден тарагандар жетимиш үч түтүнгө жетет.

Чокондор ар кайсы жерде чачыранды. Көпчүлүгү Ворошилов районунун территориясында жүрүп, алар Черүүбай, Байкөчөк деген аталарга бөлүнүшчү. Үсөндөн Конурат,Коңкош, Наанай. Эдиге, Дөрөйлөр кайсыга бөлүнөрү бизге белгисиз. Кызылкүчүктөн Жаманкыз, Саты, Козуян болуп түтүндөрү жыйырмадан ашат.

Эми жети кулдун калган урууларына токтоло кетели.

Чаа хан Турсунду чапканы барып бир аялды олжого алып келет да андан төрөлгөн баланын атын жоодон келген аялдан төрөлгөн деп Коочалыш коет. Коочалыштан Кенен, Белек. Кененден Кемпирек, Темир, Бишкек, Итаяк, Эсер. Кемпиректен Эсенгул, Кудайберди, Рыскелди, Казакбай, Боркок. Темирден Болот, Самтыр. Болоттон Конуш,Батай,

Жаныш, Олжотой, Кожоке, Бокбай, Карбоз, Кенжекара, Арбос, Карабек. Конуштан Айман, Беки, Карач, Ниязбек, Каманбай, Турусбек. Булардын кебүрөөгү конуштар болгон. Самтырдан Бешимбай, Малдыбай, Чылпак, Бекбото, Тукул.

Белектен Жарпак, Көңүл, Чайыш. Жарпандан Карбит, Борсолдой, Куттубай, Нооруз, Жакшылык, Жарпандын өз баласы эмес делип да эсептешип жүрүүчү. Сынма деген калмак аялдан төрөлгөн баладан тараган жыйырма беш түтүн сынмалар делип жүрүүчү. Жарпак менен Сынма кошулганда жүз чамалаш түтүндү түзгөн. Чайыштар он, Көңүлдөн сексендей түтүн тараган. Алар Жаңу, Саткын, Бердике, Апы, Олжочу болуп белүнүшчү. Жарпандын Карабийинен Тайбак, Жаныке, Алыке, Калча. Куттубайдан Беки, Чаңгыл, Чалкан, Төлөгөн. Норуздан Качкы, Маш, Адыл. Жакшылыктан Улан, Эрмек, Кочкорбай, Бүбү. Сынмалар /же сынбалар/ Момбай, Тубар, Олжобай, Кенже болуп белүнүшчү. Бишкек, Итаяк Эсерлердин тукумдары аздан.

Бишкек өлүп сөөгү коюлуп, апы берилген жер Бишкек аталып, кийин Бишкек аталып, кийин Пишпек шаарынын аталышы да ошого байланыштуу келип чыккан.

Шалтанын атасы Бөкө. Бөкөнүкү Тотоно. Тотондун атасы Токтогондун атасы Тотогон. Кайдоол деген адам Эштекти чаап Эштектин уулу Солтону өлтүрөрүндө Тотогон аман алып калат. Тотогон өзүн Тагайдын инисимин деп эсептечү экен.

Шалтадан Курдөөлөт, Төлөк, Бейше, Кутумбет, Досой.

Курдөөлөттөн Казакбай, Жанбала. Казакбайдан Байтели, Балбак

Байтеш төрт түтүн. Балбак он жети түтүн, Ашырбай,Ыйса, Алыш деген аталарга ажыраган. Жанбаладан Бокбай, Бозумбай, Такен. Бокбайдан Каракөбөн,Койсойбос. Бозумбайдан Алымбек, Жийдебай. Такенден азыр бир гана түтүн бар. Нурдөөлөттүн токол аялынан Адыл, Сыргабай, Уччал. Бул үчөөнөн сегиз түтүн тараган. Уурдөөлөттүн тукумдарын ак шалта, ал эми Досойдун тукумдарын кара шалта дешчу. Күндөрдүн биринде Солтонун Талкандарынан чыккан Жангарач аттуу адам салт атчандар менен келатып сууга түшүп жаткан балдар, денеси карараак Досой менен денеси агыраак Нурдөөлөттү көрөт. "Бул кимдин балдары-- деп сурайт, күлүп. " Шалтанын балдары"--деп жооп беришет. "Тигиниси кара шалта, беркиниси ак шалта турбайбы"--деп коет. Ошол сөздөн кийин эл аларды ак шалта, кара шалта деп шамалап тамашалап кеткен.

Досойдон Жумачал, Бапай, Каратай, Мантай. Бардык түтүнү сексенден ашуун. Шалталар жети кулдун бир кулунун тукумдары делип, букара эл катары эсептелип Талкандын улуу катынын балдары Байсейит, Бошкой-манаптар бир бөлүгүн Чалдыбар жакка бөлүп кеткен. Ортончу катынын баласы Байтиктин колунда азыркы Кызыл-Аскер р-нунун территориясындагы шалталар калган.

Төлөктөн Карымшак, Майтык. Кашкар. Карымшактан Байтаке, Чоңбаш,Жообасар, Кулсерек. Майтыктан Турпан, Конурбай, Боромбай, Кашкардан эки гана түтүн. Байтеден Бука, Мантай. Букадан Алтыбай, Атан, Тайлак, Топой, Тилен. Алтыбайдан

Таласбай, Ыстамбек дегендер болуп тукум калган эмес. Тайлактан Быржыбай, Турдубай. Топойдон Койлубай, Матемер,Баялы. Тилептен Майлыбай. Майлыбайдан он жети түтүн. Кутумбеттен Мамбет, Байсейит, Олжотой, Конуш, Теңиз. Мамбеттен Жанбото, Жаныш, Орой. Калгандарынан ким тараганы белгисиз.

Көгөй уруусу Сырымбет, Мамай, Назар, Батыр, Рай болуп бөлүнөт. Сырымбет Эсенгелди, Айдоос аталарына, Мамай Чобо, Төпө аталарына бөлүнөт. Бардык Көгөй эки жүздөй түтүн келет.

Кыпчактардын ханы Шырдакбекти[1] жоо чапканда Шырдакбек шашып, бир камыштын арасына өз баласын бешиги менен ыргытып кеткен экен. Аны ким таап алганы белгисиз, ошол баладан бешкөрүктөр тарайт. Ал баланын аты Мышык. Мышыктан Мамаш, Байкүчүк, Жаныбек деген үч бала болуп, үч атага бөлүнөт. Жолдош деген бөлүмү менен төрт ата болуп кетет, бирок-- Жолдошту Мышык казактан жылкы тийип келатып жолдон таап келиптир. Мышыктын тукумдарынын бешкөрүк аталышы мындай. Анын төрт уулу менен бирге Кожомберди деген адам да өсөт. Аны Мышыкка бир кожо берип кеткен дешет. Төрт уул Кожомберди менен беш болуп, ынтымаксыз жашаган. Биринин сөзүн бири укпай күүлдөшүп-дүүлдөшкөн адепсиздерге айланышат. Сыртынан байкаганда "күүлдөгөн кайран бешкөрүктөр"-- деп шылдың кылышчу.

I. Шырдакбек кайсы кылымдардагы хан? Информациялардын биринде бешкөрүк мундуздан делет.

Акбууранын атасы Мөнөк, Мөнөктүн атасы Адигине.Адигинеи менен Тагайлар Алайды жерден турушуп ордо аты-шуудан чатакташып таарынышып Тагай көчүп келет. Андан көп узабай эле Адигинеинин бир уулу Мөнөк ошол жактагы белек бир уруулардан эр өлтүрүп коет. Мөнөк да көп узабай каза болот. Ал өлтүргөн эрдин кунун куун жүргөн уруулар Мөнөктүн баласы Акбуураны өлтүрмөк болушат. Мөнөктүн агасы Ардай Акбууранын: " Тагай деле сенин агаң. Сен ошол жакка бар. Бул жерде калсаң өлтүрүп коюшат"-- деп качырып жиберген. Акбуура аркада туруп калып тукуму өскөн. Андан тарагандардан кийин Алайга көчүп кеткендери да болгон. Акбуурадан Кукумберди, Күлкаалы, Актайлак. Кутумбердиден Олоке,Марка. Олокеден Алтай, Ормотой. Маркадан Карабек, Сасык, Буудайчы. Күлкаалыдан Сарыке, Атамбек, Абийир, Букарбай, Асан.

Актайлактан Онтош. Онтоштон Аккен, Аккендон Кулболду. Кулболдудан Көчөк, Текебай, Кенжекозу. Онтоштун тукумдары карасалкалдар делип аталган, Тактүүсү-- бир ашта онтоштордон барган адамдардын бардыгы дээрлик карасакалчандар экен. "Баягы карасакалдар" деп тамашалап жүрүшүп ошондон глам уланып кеткен. Солто ичинде асылбаш деген да урук бар. Алар Кенже, Кудайменде, Меңсейит, Көчөк, Өтөнсары,Чалакозак, Койсары, Койлон болуп бөлүнөт. Ал урук Асылбаш деген адамдан тараган. Асылбаш Акбуурадан кийин Эштектин Акбуура деген биртууган уялашым силердин колго келген экен. Ал азыр аман-сообу? Аман ~~жүрөө~~ исуро кайда?"-- деп сураган.

I. Түндүк Кыргызстан.

Акбуура төө кайтарып кеткен эле. "Биртууганың Асылбаш келди" -деп Эштек Акбуурага киши чаптырат. Эштек: "Бул Акбууранын жесир калган келинин гана алыш үчүн амалданып келген немедир"--деген ойго да келип экөөнүн кантип көрүшөрүн байкап турмак болот. Экөө ыйлап кучакташып көрүшөт. Экөө агайын болуп Асылбаш кийин Акбууранын жесирин алат. Эштек: "жалгызсып жүргөн Акбуура Асылбашты болбосо да калп эле ыйлап кучактады. Мен Акбуурага алдатып койдум"--деген экен.

Борочордон тараган адамдын Жалгаш. Анын беш баласынын бири Итийбас жородо баркылдап сүйлөп жатканда саяктардын Өмүр деген мыкты адамы кирсе, сөзгө кызыгып олтурган эл салам бербей каткырып олтура беришет. Өмүр: "Бул Боро-Чоро келген кудай урган боркулдак айыл го"--деп чыгып кетет. Аны угуп калгандар Жалгаштын Итийбасына Борочоро деген атты коюшат. Жалгаштын бөлөк балдарынын тукумдары да Итийбастын тукумдарын өз ара борочор деп тамашалап жүрүшөт. Ал сөз бара бара бөлөк уруктарга угулуп Жалгаштын тукумдарынын айлы бүтүндөй эле Борочор наамына конот.

Жалгаштын өз атасы ким болгондугу белгисиз. Бүтөш Байсейитке таарынып көчүп барат.ып бала-чакасы көчкүдөн кырылгандыгы. Ошол көчкүдөн кырылгандардын ичинде Жакыптын агасы да кеткен. Сыртык уруулардын биринде кудалап койгон кызы болгон. Калыңы төлөнүп коюлган кыздын Жакып алып келип өзү үйлөнөт. Ал бизге аты таанып Мээр эле. Мээр

Жакыптан Коеш деген баланы төрөгөндөн кийин аягы менен келип Жакыптын колунда жүргөн Жалгаш менен көңүлү жакындап калат. Аңгыча казактар чабуул коюп, бөлөкбайлар Ысар, Көлөпкө үркөт. Жакып кийинки алган жаш аялы Таңсыкты балдары менен көчүрө качып, Мээр коңшусу менен журтта калат /Аны өзүнчө үй тигип бөлүп койгон/. Журтта калган аялды жоодон Жалгаш ала качып Кочкордон Көл-Төрүнө барып он эки жылы мергенчилик менен жан багып жүрөт. Кашкары, Дайырбек деген эки балалуу болот. Акыры эл өз жерине кайтканда көчүп келсе Жакып небак кайтып урматтуу башчы болуп турган экен. Күндөрдүн биринде үлүш болуп жатканын уча-баканын б.а. эки жамбашты бузбай бышырып эки адам бакан менен ийнине көтөрүп келип Жакыптын алдына коет. Жалгаш он жашар Коеш менен Дайырбейишки учаны жула качып келүүгө жумшайт. Жакыпты тааныбай Жалгашты жакшы көрүп өз атам деп билген, мергенчилик менен жан багып жапайы турмуштан тоң мүнөз өскөн Коеш менен Дайырбек жүгүрүп барып учаны көтөрүп кетет. Жакып болуп көрбөгөн мындай тентектиктен чочуп кетип: "Ой, бул кайсы балдар"-- деп жибергенде Жалгаш: "Ал Жакыптын баласы Коеш"- турбайбы дегенде, Жакып журтта калган Мээрди эсине түшүрүп, бирок- элге сыр алдырбай: " Болду, болду. Тим койгула"-- дей салган. Кийин мээрди үч баласы менен алып коюп, Жалгаш жалгыз калат. Жалгаш дарикер адам болгондуктан Тянь-Шаньдагы бир бай оорулуу баласын көрүүгө чакыртып кетет. Баласы айыгып бай бир жесирди алып берет. Жесирдин

---

1. Ысык-Көл жана Тянь-Шаншандыктарды Чүйдө сыртыктар дечү.

өлгөн әринен курсагында калган баласы туулат. "Мунун туулганын ит да туйбасын"--деп атын Иттуйбас коет. Ал ат Иттуйбаска айланып кетет. Экинчи баласын "Өзүмдөн туулду, тигинден ачаланып айрылды"-- деп Ача атайт. Ал туулганча үч жыл өтүп Жалгаш бөлөкбайларга кайтып көчүп келет. Көп узабай үчүнчү баласы көз карат. Атын Көтөн коет. Төртүнчү баласынын атын жанымдан чыкты деп Жанкел коет. Бешинчи баласын аякы балам арты бекем болсун, аты Бөктай болсун"-дейт.

Ошентип бул аялынан төмөндөгү беш бала: Иттийбас, Ача, Көтөн, Жанкел, Бекитай. Дайырбек менен Кашкарынын тукумдары Жакыптын ураанында кетип, сармандардын ичинде майда сарман делип аталат.

Жакып өлөрүндө Жалгаштын тындыгынан чочуп, балдарына чаң салабы дегендей ойлосо: " Жалгаштын акысы бар"--деп энчи болуп, Жалгаштын жылкысынын оң кулагына кыйык эн салып берген.

Итийбастан он бир уул болуп, алардан азыр он бир түтүн бар. Ачадан азыр Чыныбек, Алыбек, Ажыбек, Султанбек, Арстанбек, Кайыке. Чыныбектен Найзабек, Төлөбек, Жанчар, Ысабек, Дыйканбай, Ынакбек, Алымбек, Надырбек. Дыйканбайга чейинки балдарынан тукум калбаган. Дыйканбайдан эки түтүн. Ынакбектен Кыдырбай, Мамбеталы, Көбөнбай. Акыркы экөөнөн тукум жок. Кыдырбайдан Абдылда, Кубатбек, Сабырбек. Алымбектен Кутту, Жамантай, Көпөш.

Кутудан Аманкул, Осмонкул. Жамантай тукумсуз. Көпөштүн баласы Жакыбалы Ата Мекендик Улуу согушта Родинасын коргоодо курман болду. Анын баласы Кожокмат азыр аман. Кадырбектен Урустөмбек. Урустөнбектен Кожогул, Кожогулдан Чоңмурун жана Жумаш. Тыныбектен төрт, Алыбектен он бир, Ажыбектен бир түтүн тараган, ал эми Султанбек, Арстанбек. Качыкеден тукум жок. Кетөңдөн Бошкой, Адыл, Бозокор, Самсалы, Мырзабек деген беш бала болуп, Самсалыдан гана 20 тукум. Калгандарынан тукум жок.

Жаңкелдеп Эш. Эштен Болот, Самтыр, Алымсейит, Малай Сейитмурат. Малайдан тукум жок. Калгандарынан тараган түтүн он алтыга жетет. Бекитайдан эки гана түтүн. Бардык борочорлор алтымыштай түтүн.

Т А Л К А Н.

Талкандан Конурбай, Конунай, Байболот, Делдең, Бегиш, Чегиш, Бакы, Багыштан. Конурбайдан Жайыл, Жайыл казак ханы Абылайдын бир чабуулунда өлгөн. Андан Асан, Үсөн, Итмке, Теке.

Булардан тараган тукумдар азыркы Калинин районунун территориясында жүргөн. Кошойдон Жамансарт, Момкон, Кочкорбай, Кепер, Баймырза, Мамбет, Жутма.

Жамансарттан Эсенаман, Түлөберди, Бөрүбай, Эркебек, Сарыкуң уруктары. Эркебек жана Сарыкуң Жамансарттын үч аялынын экөө. Эркебектен Сөлпү, Сарыкөбөн, Мамырбай, Байит,

Умөт, Эсенаман, Бөрүбай, Түлөбердилердин энесинин аты Жакшылык. Эсенамандан Үкү, Саке, Кыдык, Айтбай, Керимбай, Кален, Карабек, Карымшак, Сарымсак, Адылбек. Түлөбердиден Эшкожо, Канай, Чыны, Карбоз, Эшкожодон Жангарач, Тынаалы, Солтоной, Баястан, Абейилде, Кенжекара, Сазан, Шоорук, Туруке, Турдубай, Балбак, Тайлак. Канайдан Байсейит, Бошкой, Куттуксейит, Нурсейит, Байыке, Бүтөш, Тилеш, Байтик, Муңайтпас, Сатылган, Байгазы. Чыны менен Карбоздун тукуму аз болуп, азыркы Сокулук районунун территориясында жүрүшкөн. Сарыкүндөн Кожоке, Солтонкелди, Байжигит, Нусуп, Саке. Сарыкүндөн тарагандарды Чоңөтүктөр дешчү, анткени Байжигит Шекен деген баласы дайыма көлчөйгөн чоң өтүк кийген. Ал табып экен. Күндөрдүн биринде алысыраак уруктардын соорулуу адамды барып көрүп келүүгө аны издеп бир эки адам келип Шекендин өзүнөн:

Ушул айылда Чоңөтүк деген табып бар экен. Ошонун үйү кайсы болду?--деп сурашат. Шекен аларды сылыктык менен кабыл алып үйүнө түшүрүп жакшылап туруп, өтүгүнүн кончун бырча-бырча тилип экөөнү экөөнүн канжыгаларына байлап берип:

— Силер Мекенди издебей чоң өтүктү издеп келсеңер чоң өтүгүңөр ушу — деп кайтарыптыр, бирок - бул окуя андай кошумча атты кайра күчүнө келтирип салган.

Момкондон Үчүкө, Карабай, Алыке, Тоопай, Алыбек, Боку, Жанмырза, Ыман, Ороз. Үчүкө, Карабай, Алыке Тоопайлар жыргал делип; Алыбек, Бокулар Апаш делип, Ыман, Ороздор

Чүрпө делип энелеринин наамында аталыпчу. Кошойдун калган балдарынын тукумдары эбин-чагын журт болуп эл ичинде жүрөт.

Байболоттон Жээнбек. Жээнбектен Адыл, Дайырбек. Байболот жигит кезинде Калмактын Коңтажы деген ханы кыргыздарды сурап турган экен. Бир жолу кыргыз-казактар биригип калмактар менен балбан күрөштүрөт. Балбанга Байболотту тандашат. Ал каршысын жыгып, эки кабыргасы колуна келет, өзү башынан аттап кетет. Коңтажы өлгөн балбанынын ордуна Байболотту берүүлөрүн талап кылып: "Байболотту мага бер. Мен аны өз балбаным кылып алып, сага каалаган жеринди бөлүп, эркиндик берейин"— деген." Кийинки тукумдарыбызга баласын калмакка сатып жер алды деген жаманатты кылып намыс келет" — деген ой менен Талкан Ысарга карай көчө качат. Байболот жолдо чечек оорусу менен ооруп кырылган көп эл менен бирге өлөт. Солтолор менен бирге сарбагышты Маматкулу, бугуларды Белек баштап качат. Бугулар жолдо, азыркы Жалал-Абад областындагы Токтогул районунун Уч-Терек деген жеринде калып калат да Сарыбагыш менен солтолор Ысарга жете барат. Талкан бугулардын Уч-теректе бөлүнүп калып чогуу жүрбөгөндүгүнө ачууланып чапмак болот. Аларга Сарбагыштар кошулат. Бугулар алдын алып тогуз байдын тогуз кызын тартып чатакты токтотуп коет.

Делденден Райымбек. Райымбектен Бердике. Бердикеден Таята, Сарыке, Тайкожо, Куттукожо, Байбагыш. Бегиш менен

Чегиш калмактар менен урушуп-сүрүшүп жүргөндө Анжиян тарапта калып калган. Ошол боюнча белгисиз.

Бакыдан Эшимбек, Жанбала, Шапак, Айдарбек, салык, Баймат, Дөөтбай.

Багышандан Кожомберди, Чыныбек, Жанболот, Жанкулу, Абыке, Мурат, Бөкөнбай.

Т А Т А

Чаанын токолунан туулган баласы Татанын тогуз балаасы болгон: Абыл, Абан, Кенжебай, Кулубай, Соно, Конуш, Бобуш, Айтыке, Төкөбай.

Абылдан Бегаалы, Жөкө, Шайбек, Жанкулу. Бегалыдан алты түтүн. Жөкөдөн Теке, Кетөнтай, Атагул, Аланкөз, Шайбектен Кочкор, Сагын, Рысбай, Сооронбай. Жанкулдан Орозоке, Түргөнбай, Байказак.

Абандан Эсенбай, Өчөмбай, Элдисер, Мүсүрөк. Эсенбайдан Мамбет. Мамбеттен Тугулчу, Чынык, Кыдык. Өгөм байдан Жумабай, Жалган. Элдисерден Алатай, Кулатай. Мүсүрөктөн Жангарай, Багышбек.

Кенжебайдан Кожомкул, Сарымсак, Чана, Боку. Кожомкулдан Назар, Байтен. Сарымсактан Эраалы, Шераалы. Чанадан Чаңгыл, Ыман. Бокудан Тейиш, Кашкоро.

Кулубайдан Эсенгул, Макеш, Токо, Казыбай. Эсенгулдан бир, Макештен беш түтүн. Токодон Бегаалы, Жунушаалы болуп азыр тогуз түтүн. Казыбайдан Алтымыш, Бөкөнбай. Сонодон

үч түтүн. Соно үйдүн кесүүсүн өз милдетинде кайтарбай коюп, жалкоолугунан элдин каргышына калып тукуму өспөй калган дешет.

Конуштан канча бала болгону белгисиз, анткени--Конуш Татанын балдарынын ичинен мырзасы экен. Тайган агытып, куш салып жүрүп бир күнү жоголуп кетет. Кулубай аны издеп жүрүп бир казакка малай кирет. Ал казактын бир баласын чүкө берип, малдын четине чыкканда алдына өңөрүп бокна үйүр кылып үйретөт. Бир күнү кетеринде баланы талашат. Берки казак өз баласын бербүбү. Кулубай акыры талашканын койбой ханга арыз берет. Калың элди тегерете олтургузуп, баланы ортого алып келип кое беришсе Кулубайга жүгүрүп барып тизесине олтура калат, көрсө Кулубай чүкө өкчөп отурган экен, ошентип Кулубай баланы алып келип атасы Татага көргөзүп: "Баланды ушунча жылдан бери издеп таппай койдум. Аны өлтүрсө да казактардын колунан келди, байлап кетсе да казак байлап кетти. Анын кунуна бул баланы казактарды каратып туруп алып келдим"--дейт. Ал баланы улуу уулу Абылга асырап берет. Конуш болсо ошол бойдон дайынсыз жоголот. Кийин гана жакында Казакстандын Ак-Моло областынан /1925-жылы кышында/ он үч адам таталардын ичине көчүп келип кене албай койдук деп кайра кетишкен. Алардын ичинде Алымухамбет Шаршенбаев деген адамынын айтуусунда Ак-Моло областында алты жүз түтүн тата уруусу өзүлөрүн "Конуш атанын балдарыбыз деп эсептешет экен. Алардын угушунда да Конуш казактардын жортуулчулары

тарабынан уурдалып кетип малай жүрген да бир күнгө үйлөнүп түкүмү өскөн. Ал эми казактан келген баланын аты Кызалак болуп анын түкумдарынан калган эки кыз азыр күйөөдө.

Бобуштан Бекөмбай, Басылбай. Бекөнбайдан Баялы, Жаналы. Басылбайдан Ырысалы, Ысман, Жолбун.

Айтыкеден Эрназар, Токчулук, Жылкайдар, Короочу, Райке. Төкөбайдан төрт уул: Эңкелеш, Түлкү, Атамбек, Эркесары. Эңкелештен Аккаш, Акмузоо. Акмузоодон түкүм жок. Аккаштан Карымшак, Айылчы. Карымшактан Сарала. Сараладан жыйырма жашар бир бала азыр бир түтүн. Айылчыдан Шамурат. Шамураттан азыр тирүү Шаршен /орто жаш/, жеңем /Фрунзеде шофер/, Жуман / Фрунзе шаарында милиционер/.

Түлкүдөн Отой. Отойдон Дуулат, Бугубай, Кенже. Дуулат түкүмсуз. Бугубайдан Токтомамыт / Фрунзе шаарында суу техниги болуп иштейт/. Андан отуз жашарда бала бар. Бугубайдын Сардарбек деген баласы өзүнүн сүйүктүү Ата Мекенин германдык баскынчылардан коргоодо курман болду. Кенжеден алтымыш жашта Абыласан, алтымышка жакындаган Мүкөш. Мүкөштүн эки баласы өзүнчө түтүн болуп Фрунзе шаарында кызматкер.

Атамбектен Уркүнбай, Талас. Уркүнбайдан Сарногой, Сарногойдон алтымыш чамасындагы жашка келген Муса. Таластан Койчуман, Жаманбай, Дарданбоз. Дарданбоздон Назарбек деген бар. Берки экөөнөн түкүм жок. Эрке сарыдан Термечик, Тебике, Болот, Карабука, Калча, Белекбай. Термечиктен

Байбол. Байболдон Ысмайыл, Абадан. Абадандан тукум жок. Ысмайылдан Жээнтай, Жээнбек. Жээнтайдан Дүйшө, Калча, Сары, Асанбек, Абылабек. Жээнбек тукумсуз. Тебике, Болот, Карабука, Бөлөкбайлардан да тукум жок. Калчадан Сазым. Сазымдан Сатыбалды, Сатыбек, Акылбек, Алымбек. Бардык таталар жүздөн ашуун түтүн.

КЫЛЖЫР.

Кылжыр деген өзүнүн аты эмес. Анын өз аты Сарыбагыш, Моюну дайыма бир жагынан кылжырайып жүргөндүктөн гана ошондой атанып калган. Бугу уруусу да Сарыбагыш уруусу да ошол адамдан тарап адегенде экөө тең Сарбагыштар деген ат менен жүрүшкөн да Кочкор өрөөнүндө турушкан. Сарсейит дегендин баласы хан Кудаян кочкор өрөөнүндөгү кыргыз урууларын түштүккө көчүргөн. Элди Нарын дарыясындагы көпүрөдөн чубаткан. Маматбек деген адам: "Мен аягында өтөйүн, келиниңди /өтүшүн аялынын/ өтүп соруп калыптыр. Элди чубата бериңиз"-- деп артында калат. Эл чубал бүтүп Маамаатбектин гана кол астындагы эл калганда асма көпүрөнү тартып салган. Кудаян болсо түштүккө барып алардан тоголок деген уруу түзүлгөн. Кай бир айтууларда Кудаян Нарындан эмес, Аму-Дарыядан өтүп жатканда Афганцын колдору келип калып аларды чаап кирет. Берки өйүздөгү кырылгандан калганы кайра кайтат. Бул окуя "Кыргыз Ысар баргандА, казак кайың саалгандА" учурга туура келет. Ошол кайтып келгендер

Ысык-Көл бетиндеги уруулларга кол салып согуша башташат. Көл бетиндеги уруулар бүлгүнгө түшөт. Кочкорлуктардын бир жолку чабуулунда катын-бала чырылап, алы келгендери малын айдап кача баштайт. Анча алтымыш айры ак бугу көлдүктөрдүн айлын аралай чуркайт. Ошондо Ошондун Керимбек баатыр:

— Ой! Токтот чабуулду. Булар да бекер эмес, сыймыктуу эл экен. Эми токтотпосоң кызыкты накта көрөсүңөр"—дейт. Бугу деген ат ошол алтымыш айры бугудан калган- деген да сөздөр айтылып жүргөн. Ал эми Кочкор тарабындагылар Сарыбагыш боюнча калган. Бугу аталуунун келип чыгышы жөнүндөгү дагы бир легенданы төмөнүрөөктө эскертебиз.

Кылкырдан /Сарыбагыштан/ Орозбакты жана Дөөлөс деген эки бала. Орозбакты улуу болуп энчисин бөлүп өзүнчө чыгып кетет да Дөөлөс Сарбагыш атасы менен чогуу туруп калат. Алардыкына барган элдер "Сарыбагыштыкына барабыз"— деп, алардыкынан көргөн элдер: "Сарбагыштыкынан көрдүк"— дешип Дөөлөс оозго алынбай калганда Дөөлөстүн тукумдарына да Сарыбагыш уруусу деген ат мына ошондон калган. Ал эми Орозбактыдан бугулар тарайт.

Б У Г У

Орозбактыдан беш уул: Арык-Мырза, Асан-Мырза, Мырзакулмырза, Кара-мырза, Токоч - Мырза.

Арыктан Балтатыр, Жоотатыр. Балтатырдан Эсей, Эгизей,

Ондон. Сарыкеден Буларкы, Соно, Кески. Сарыке баатыр адам болгон. Сарыкенин түшунда кыргыздар Анжиян бетинде турушкан да өзбектер /сарттар/ менен көп салышчу. Бир жолку салышууда Жамангулдун[1] баласы Боокенин аялы колго түшүп сарттардын ичинде дайынсыз кетет. Сарыке аны таап келмек болуп жанына жигит коштоп жолго чыгат. Бир жерге барып алыстан көп ат байлануу турганын көрөт. Өзү бекирип жатып жигитинин ошол тарапка чалгынга киберет. Жигити барса Боокенин аялын өзбектин бир беги алып, ошого эл чакырып тамак берип жаткан экен. Аял келген жигитти көрөрү менен таанып:

- Билинсең эле өлдүң— дегендей кылып эрдин тиштеп белги берет. Учурун келтирип экөө кезигет. Жигиттин алып кеткени келгенин билген соң:

— Эми барганга болбой калды. Булардан качып чыгуу кыйын. Боокеге аял табылар. Мага Мамбетимди гана алып келип бир көргөзгүлө. Уулумду сагындым- деп аял жайын түшүндүрөт. Анда жигит муну айтат:

— Эмки жуманын түнүндө келип сен жаткан жерди уйча жөөйлөймүн. Сен ошондо "Өш" деп чатырыңдан чыгып келип Мамбетимди көр. Жигит кетип, болгон иште Сарыкеге төкпөй-чачпай айтып берет. Божошкон күндө жигит барып аялдын жаткан түшүн уйча жөөлөйт. Бек дал ошол күнү бөлөк аялынын төшөгүнө кеткен экен. Жигит аялды ээрчитип: "Бала быякта"— демиш болуп үйдөн алыстатып Сарыкеге ээрчитип келет. Сарыке аялга эми качууга толук мүмкүн

I. Мырза-өз бойлорун таза сактаган сыпайы жүргөн адам. Жаманкул Мырзагулдун небереси.

экендигин айтат. Бир тууган элин жана бала-чакасын сагынган, душмандын колунда кор болуп, колу-буту чор болуп, аккан жашы шор болуп, көрүнгөнү зор болуп жүргөн аял макул болгон соң, Сарыке өңөрүп качат. Үйдөн бир топ алыстаган соң даярдап койгон атка аялды мингизип алып жөнөп кетет. Сарыкенин адегенде тогуз уулу болгон. Күндөрдүн биринде калмак-кыргыз үйүлүп балбан күрөшмөк болушат. Калмактын кек букадай дүрдүйгөн сүрдүү балбанына туура келер кыргыз чыкпай коет. Ошондо бирөө айтат:

--Сарыкенин эки баласы текенин терисин ийлеп жатып керебиз дегенде үзүлүп кеткенин билет. Ошого барып көрсөңөрчү.

Бул сөздү угуп намыс кыстап турган журт Сарыкеге киши чаптырат. Сарыке макул болот:

-- Эр жигит эл намысынын тогоосу эмеспи. Балам барып күрөшсүн, бирок- чечиндирбей салгыла- дейт. Келгендер баш ийкеп, сөз берип, Сарыкенин балбан уулун алып кетишет. Бирок, ар кимиси туурадан чыгып:

Ой, жөнү жок жоруктуу койсоңорчу. Тиги чечинип турган немеге муну чечиндирбей жибересек тебөсүнөн сайылбайбыдей беришип баланы чечиндирсе эки далынын ортосунда тайдыкындай чолок жалы бар экен. Бала барганда калмактын ханы тиштерин арсайтып катырат да кайра сурданып тиктен кармаша кетери менен бала көйрөң каршысын жерге чалак чаап ,жиберип башынан аттап кетет.

— Ыкканы аз келгенсип башынан аттап, шартты бузганы эмнеси—дешип калмактар, кытайлар көптөп чатак чыгарышат да, кыргыздарды чапмак болгондо кыргыздар байгени азат кылып чатак зорго басылат. Мелдеш тарап, күндөр өтө берет. Сарыкенин балдары чечек чыгып башынан бырчылдап өлө баштайт. Сарыке акыркы баласын ырымдап суу кечирип казактарга кетирет. Көп узабай калмактар бүлгүндүү чоң чабуул баштап казактар Иле суусун кече качат. Казактарды Райымбек баатыр баштап качат. Ал Иле суусунун боюна келип: "Э, биртууган дайра! калкымды колдой көр"— деп кайгырганда суу тең жарылып токтоп калганда казактар өтүп бүтөрү менен шар коюп агып кеткен да өлүм менен кайгы-зарды найза кылычтары менен суунун келаткан талоончу- жоону токтотуп калган дешет.

Көл бетиндеги кыргыздар көп жоого туруштук бере албай Анжиянга бет алып качышат. Жолдо кырылып денелери көмүлбөй карга кузгунга жем болгондорду көрүп, зарлап—ыйлап аксакалынан ылдый жан шорголоп бир акынман мындай деп ырдаган экен:

Семиртип карга, кузгунду,
Каңырсып аба бузулду.
Адыр, аеыр, адыр тоо,
Арсайып турган аска зоо
Томсортуп турган жеримди
Боздотуп кыргыз элимди

Карарган чаңды буратып,
Каршыккан эрди сулатып
Кайдан чыкты калың жоо.
Көбөйтүп малын жайытта,
Урушпай койсо не болот.
Журт менен журт жоолошун
Кырышпай койсо не болот.
Эзелтен бери кыргындуу,
Замандын койну тар экен.
Ат тепсеп уулу жанчылса,
Эненин көөнү зар экен.
Көгөрүп жаткан кең асман,
Сурданган бийик Ала-Тоо,
Элинди куубас койнундан,
Дүрбөлөң салып келбес жоо,
Көшүлгөн заман бар бекен?..

Сарыке өлгөндөн калган эл менен Анжиян бетине жетет. Ал жерде Буларкы, Соно, Кески деген үч балалуу болот. Буларкынын Көкчө деген баласы баатыр чыгып, ат жалын тартып мингени жер-жерлерди чалып жүрсө, алдынан Кашкардан келаткан Боркан баатыр кезигет. Ал экөө үзөңгүлөшө жол тартып, азыркы Пржебалск шаарынын айланасына келипет. Ал жерде калмактын бир ири адамы кабыл алып абдан конок-тойт. Ошол калмактын сурануусу боюнча Көкчө кайра Анжиянга барып бир кап тамеки алып келип берет. Калмак Көкчө келгенче Боркопту эч кимге көргөзбөй жакшылап багып жатат. Көкчө келгенден кийин калмак:

Мен калмак, силер кыргызсынар. Үчөөбүз тең адамбыз. Дос бололу. Эл эч качан бири-бири менен согушуп, бири-бири өлтүрүүнү каалабайт. Аларды күч менен согушка эл бузар хандар. Дайыма келип-кетишип туралы. Азыр биздин иш кыйшандап турат. Буркаңыбыз дайыма эле ыңгыр тердөөчү болду. Ал биздин расында жаманчылыктын белгиси делет, бирок - жакшылык болуп калгысы бардыр- деп экөөнө кырк жылкы айдатып жолго салат. Боркош менен Көкчө жыйырмадан болуп алып өз-өз үйлөрүнө кайтышат. Кийинки жылы көп мал менен барып калмак Анжиянгдагы Көкчөдөн тамеки алып келет. Ал кезде Ысык-Көлдө тамаки айдоону билишчү эмес экен. Дагы бир жыл өткөндөн кийин Көкчө көл бетине келсе, калмактар бузулуп журт которуу максатында кайдадыр көчүп кетип калышкан экен. Көчнөй калган бирин-эки калмактардан сураштырса:

— Буркан тердей берди. Биздин бактыларыбыз аны жаманчылыкка жоруп элдин жүрөгүн титиретти. Алдуулар көчүп кетти. Амалсыз биз калдык— дешет. Көкчө кайра барып Анжиян бетиндеги кыргыздарды Ысык-Көлгө көчүрүп келет. Ошондон баштап кыргыздар биртууган Ысык-Көлүндө кыргыздар тура беришти. Көл бетин кайра тапкан Көкчө дешип азырга чейин айтылып жүрөт.

Көкчөнүн баласы Теке деген чыгат. Ал доого да, жоого да тың адам болгон. Анын күмбөзү азыр Текестен бери камандуу карагай деген жерде.

Буларкыдан Рыскулу, Баргы, Бөкөнбай, Алдаке, Шимек, Көкчө, Толубай. Буларкы үч жүз чамалуу түтүн. Эшейден тогуз уулу болуп Боромжар деген жерде калмак менен кагылышып сегиз уулу өлөт да, Курумшу деген жалгыз уулу калат. Курумшудан Күнтууду, Жээнбай, Токтомат. Эгизейдин беш уулу болуп, булар азыркы Ысык-Көл областынын Покровка районундагы Барскоон кыштагы орношкон калчыгайдын оозунан курал жок кезинде текенин мүйүзү менен арык казып Тамганы көздөй бурган. Ошондой өкүм тындыгынан беш каман деген атка конушкан. Булардын тени Кочкор тараптa жүрүшчү. Бардыгы болуп отуздан ашуун түтүндү түзүшкөн.

Ондондон Сейитказы, Асан. Сейитказыдан Итинбооку, Сарыгалдак. Төрт жүзгө жакын түтүнү Кочкор тараптa жүргөн. Асандан Бозторгой, Эшимбай, Борчо, Жыргалбай, Досумбай.

Жоотатырдан Күчүк, Түкү. Күчүктөн Сейитказы, Сейиткулу, Каратакыя, Байым. Сейиткулу Сабатар аталып калат, ал анткени-- ал өтө бай болуп, короосундагы көп малга ууру келсе үч уулу алмак-салмак сабаган бышып жатышат.

-- Капырай, сабасын атып эле уктабас болду го- деп жата беришин, жадаганда:

-- Сабаатар бизге кылды бейм- деп кете беришет. Үч жүздөн ашуун түтүн. Сейитказыдан Бөбөөн, Дүйшө, Мүсүрөк, Татыгул. Бөбөөндөн Жамгырчы, Былык, Сүйөк, Түлөберди. Күчүктүн иниси Түкү өлүп Сокур деген жалгыз бала калат.

Сокурдун энесин Күчүктүн баласы Б$_{а}$йым алат. Сокурлар Байымдарга кошулуп жүрүшчү.

Арыктан тараган урук Арык тукуму делип аталган.Арык тукумунун ичинде сексенден ашуун түтүндүү отуз уул уругу бар. Алардын таралышы мындай. Күчүктүкүнө казактын Түнтөй, Чүнтөй деген эки бала келет. Чүнтөй отун алып от жагып, суусу менен кошо кирип, күлү менен кошо чыгат. Түнтөй Күчүктүн жылкысын багат. Күндөрдүн биринде анын жылкылары дөбөдө олтурган жыйынды тебелей үркөт. Күчүктүн бир жигити: "Жыйынды көзүнө илбеген тентиген кул. Иттин гана баласы! Сазайынды колуна берейин деп жаа менен атып жиберсе саңга тийип кабылдап кетет да ал өлөт. Чүнтөй буга таарынып төрөсүнө кетип калат. Төрөнүн отуз жигити болгондуктан Чүнтөйгө Отуз уул деген атты коет. Күчүк Торок деген асыранды баласын жиберип жатып Отузуулду кайра алдырат. Отузуул мына ошол баладан таркайт.

Бөрөк калмактан түшкөн кыздан төрөлгөн. Андан кыргыстан ашуун түтүн Тороктор тарайт.

Сейитказынын баласы Бөбөен Анжиянга барганда аялынын төркүндөрү Адигинелерден бир бала алып келет да Кызылсакал деп ат коет. Андан жыйырмадан ашуун Кызылсакалдар. Жогоруда айтылгандай Түлөбердинин тушунда бала окутуш үчүн Казандан Эшим деген адам келген. Ал дайыма сары калпак кийип жүрүчү. Андан он беш түтүнгө Сарыкалпактар тараган.

Кара-Мырза өзү мерген адам болгон. Бир жолу Ала-Мышыктын тоосунда жүрүп бири эркек, бири ургаачы Соечор /торпок/ бүгүнү кезиктирип эркегин атат. Ургачысы кыз болуп кубулуп:

— Жалгыз уялашыңды бекер аттың— деп ыйлап тура калган. Кара-Мырза аны шап кармап алат да үйүнө алып кетмек болот, бирок—кыз мындай дейт:

— Мен кайберердин кызымын. Бүгүн тоого түнө. Биз баруучу үңкүрдө көп дүнүйө бар. Эгер сен ошону таң атканча уктабай күзөтүп чыксаң бардыгы биздики болот. Кара-Мырза макул болот да кызды эрчитип жүрүп олтуруп бир үңкүргө келет. Үңкүрдүн ичи үйүлүп жаткан алтын-күмүш, жана кымбат баалуу асыл ташгарга чагылышып турат. Кара-Мырза жалгыз калат. Уктабай чыдап олтурат да таң куланөөк салганда көзү илинип кетсе шарактаган үндөрдү угуп чочуп ойгонот. Көзүн ачса көчүк басып олтурган күмүштөр менен гана колду тийген бир аз дүнүйө калыптыр. Кыз маңдайына жанын: келип:

— Уктаба дебедим беле. Эми болбой калды. Жүрү кеттик-дейт. Кызды учкаштырып алып Кара-Мырза үйүнө келгенде кыз айтат:

— Инимди да сен өлтүрдүң, мага биринчи болуп катылган да сен, ошондуктан—мени өзүң ал. Менден жаманчылык деле көрбөйсүң.

— Сендей талаадан табылган олжо кызды алып эмне кылайын—дең Кара-Мырза шылдың кылып коет да Мырзагулдун

Алсейит деген баласына алып берет. Ал аялды эл мүйүздүү эне деп кетет да Орузбактының бардык тукумдарынан бугудан кубулган кайберен кыздын атынан бугу деген наам коюлуп кетет.

Кара-Мырзанын тогуз уулунун сегизи өлүп калат. Көлөгөн деген жалгыз уулунан Жумаш. Жумаштан Жалгамыш, Актиш, Толу, Козуке. Төртөөнүн тукуму токсон чамалуу түтүн. Кара-Мырза мүйүздүү-энени албай бир ыза кылган. Андан кийин Алсейитке тийип талгак болуп жүргөндө, мергенге чыгып бараткан Кара-Мырзага:

— Кийиктин эмчегин төшү менен чыгарып келип бер десе, алып келбей, акыры Арык алып келип берген. Мүйүздүү эне ал эмчекти канганча эмип Арыкка жакшы тилек тилеп бата берген. Кийин Кара "ушул мүйүздүү-катындын каргышы тийип менин балдарым токтобой жатып жүрбөсүн— деген ой менен бала тилеп бата сурайт. Мүйүздүү-эне бата берет. Каранын кемпири сексен жашында бокна бүтүп төрөйт. Баланын үстүнкү эрди жырык болгондуктан жоо чаап келгенде Кара-Мырза: "Мастандын берген баласына да тойдум"- деп баланы бешиги менен журтка таштап кетет. Аткулактын арасында ак марал эмгизип жаткан жеринен Сарбагыш Тынай таап кетип атын Атаке коет. Ал баатыр чыгат. Бир жактан сүйлөшүүлөргө кишилер келсе өңүнүн сууту, эрдинин жыктыгынан уялып көшөгөнүн ары жагында туруп колун чыгарып амандашчу экен. Атакеден тараган тукумдар сарбагыш уруусу менен кошо таратылат.

Асандан жүз чамалаш түтүн тараганда арыктар менен чогуу жүрүүчү. Токочтон да аз түтүндүү урук тарап Карамырза уругу менен чогуулашып кеткен.

Мырзакулунун Алсейит жана Тынымсейит деген эки баласы болот. Алсейиттин уулу байбичеси окна келгенди иштеген Токтобек деген беш жүзгө чейин ит баккан экен. Андан ардам деген жалгыз бала төрөлүп өз башына колдон суурулган тың чыгат. Мергенчиликти жакшы көрөт. Бир жолу мергенге чыгып кийик атып сойшканда, жолдоштору аның кисесине тамашалап боор салып коюшат. Өзү эч нерсени билбей жүрө берет. Боор сасып кеткенде жолдоштору аны сасыган боор дешип тамашалаган. Ошондо ардамдан тараган жүз алтымыштай түтүн боор атанып Түптөгү Чрң- Таш,Корумду деген жерлерди жердеген. Ардамдан Мендибай. Мендибайдан Түгөлбай. Түгөлбайдан Токтомамат, Кадырберди, Бочука. Токтомаматтан Коңкобай, Маамат. Кадырбедиден Базаркул, Касымбай, Караназар. Бочукадан Эңкесары, Эңкелеш, Черикчи,

Алсейиттин мүйүздүү байбичесинен Жамангул, Бапа. Жамангулдан Итбак, Бооке, Төрекочкор, Кыдык, Белек. Итбактан Мамбет. Мамбетти төрөп энеси жесир калат. Төркүнү барбагышка кетип калып, алар төлөйкөндөргө берет. Мамбеттен Тиленчи, Кедей, Сатыбалды, Жаанбай, Булар Мамбеттер делип аталат.

Мамбеттин энесин Төлөйкөндөрдөн Желдендин Аккүчү баатыры Мамбетинди көргөзөм деп алып чыгып ала качып келип Бookeге алып берет. Андан Такабай төрөлөт. Мамбеттер кырк түтүнчө келип аздыгынан келип Такабайлар делип

аталып кеткен. Такабайдан Кудайкулу, Жумаш, Сатыгул, Назар, Асыгул, Жагач, Нарбото.

Кыдык алты жашка келгенде Төрөкочкордун аялы Токто Кашкар тараптагы сарттардын колуна түшүп кетет. Ал жерде бай сарт үйлөнүп бир балалуу болот. Кыргыздар кербен тарткан соодагерлерди паралап кат жазышат:

"Сени барып тартып алалы десек куралдуу аскериңер бар. Күйөөң Төрөкочкор каза болуп калган. Ошонун арбагын сыйлап сен берирээк чыгып берсең биз ала качат элек.

Аялдан кайра кыскача кат келет.

"Иш бүттү. Сарт күйөөмдөн уул таптым. Төрөкочкордун туугандары экинчи ирет: "Мейли, келе бер"- деп жазышат.

Аялдан макулдугун билдирген жооп келет, бирок көп узабай эле: " Дагы болбой калды. Бюкма экинчи бала бүттү"— деген кат келет. "Мейли кайра жакшы болуптур. Колдон келсе ала кел"— дешет. Токтонун айы-күнү жетип төрөйт. Желдендин Аккүчү баатыр барып баласы менен ала качып келет. Ал баланын аты Торгой. Аккүчү куржунга салып ала качып келгендиктен экинчи аты Куржун. Андан Беккулу, Майназар, Тектемир, Муса, Бекназар деген балдар болуп Торгой уругу тарайт. Бул удаа чейилген Такабай жана Торгой уруктары жөнүндө:

— Торгой кыдыксыйт

Такабай Белексийит— деген сөз айтылучу, анткени— Торгойлор Кыдыктын ичинде, Такабай Белектердин

ичинде жүрүшүп, жогоркудай окуялардын ичинен чыккан.

Кыдык үч аял алган. Токтону Тынымсейиттин баласы Нарын жакта тургөн Жаманак алам деп чаң салганда, Токто: "жок мен Торокочкордун иниси Кыдыкка тийчүүмүн"—деп жети жашар Кыдыкка башын байлатат. Андан: Жакшылык, Жаанбай, Кутулду. Кыз алган аялынан Жаныбек, Бапанын жесири Шыдыр күндөн Кудайбакты. Кыдыктар миң чамалаш түтүн болуп азыркы Ысык-Көл областынын Тоң районунун территориясында жердешчү.

Белек Жамангулдун эң кенже баласы. Ал үч Чибай, Кожош. Алакөз саяктардын Акжамбаш бийинин кызы ак Жаркын деген аялынан Токой, Токоч, Саты, Алдаяр, Алдаш. Казактан жесир алган Уулбаладан Толубай. Белек сарбагыш мрүүмү уругунан таркачу Мамбеткулулар менен бирге Кочкор өрөөнүн жердеп турду. Кышкысын Орузбактынын тукумдары Дөөлөстүкүнөн оокаттуурак келип жоро ичип күжүлдөштү. Күндөрдүн биринде Маматкулу:

— Жеңеси төрөп ысык сорпо ичпей алдана албай жатат. Союш-моюш берсин—деп Белекке киши жиберди. Белек үйдө жок болуп, жиберген кишиси куру кайтканда Мамбеткулу ичине кек түйүп калды. Жаман чобуруна минип эртеси Белектин айылындагы жорого мурдагыдай эле саламчы катары барды. Белек төрдө олтуруп: "Макем келди, Макем келди"—дегенди угуп: "Кокуй, түшүргүлө"—деди. Маматкулу атынан түшүп үйгө кирди да жогору этпөстөн иреге жакка олтуруп алды. Анчыча бир аяк боло келди. Эски саңсаң тебетейлюе туруп калган шыбыргак кар коломтодогу отко эрип жолун

колундагы бозого тамчылап жатканын байкаган бирөө:

--Маке, тебетейиңди күбүп алсаңчы - дегенде Мамбеткулу отургандарга кыйыгы менен карап:

-- Силкер кезде силкип аларбыз--деди да колундагы кер аяк бозону тартып жиберип чыгып кетти. Айлына келип Дөөлөстүн тукумдарынын ар бир кол арага жарай алгыдай жигит жаландарын чогултуп кеңеш курду. Союл чочморун даярдатып Белектин айлынан мал тийип ала баштады. Айылга дүрбөлөң түшүргөндө көптүгүнө сала бергенден кийин Белек бугуларды Ат-Башынын жайттарына көчүрүп кетти. Маматкулу ар кайдан кол курап дагы эле тынчтык бербегенден кийин Белек элди Текес жакка көчүрөт. Ал жерде өзү калмактын Эсен деген ханына караштуу бир чың жерин башкарып турат. Ага кушчудан /кутчудан/ чыккан Кубатбек өчөшүп артынан жаманчылык издеп жүрүп акыры эсен-хандын ак орунда жаткан Айманбай аттуу казакты качыргандыгын чагымдайт. Аны эч кимге билгизбей Эсен-хан жашырып жүрөт, анткени-- "чынчы Белек чынын айтат- деп жактырып жүрүчү. Кубатбек Боокенин баласы Такабайдын үстүнөн да чагым түшүрөт. Эсенжан Такабайды чакыртканда Такабай: "Качып кетейинби"--деп Белектен кеңеш сурап барса баруусун туура табат.: "Эгерде сен качып кетсең калгандарыбызга каарын чачууга мүмкүн"-- дейт. Такабай Эсен-хандын ырамжылуу сурагына баратканда кишисин жара тартып көмдүргөн Көкданғыт /Чокту төрөнүн/ ити агытылат. Ит мына мына

жара тартарында өтүгүнүн бийик жыгач такасы менен мөөсин чыгара тебет. Суракчы аны көрүп үйгө кирет да учун жогору каратып тактайга мык кактырып Такабайды жылаңаяктантып киргизет. Мык Такабайдын бутун тешип сыртына мымы чыга түшөт, бирок--Такабай солк этпестен суракчынын көзүн тике карап туруп жооп бере бергенде суракчы ыраазы болуп:

--Эми сен барып Алтайдын Көгала кулжа дегенн бар, ошону атып келсең күнөөң кечирилет-- дейт. Такабай бул жөнүндө Белекке айтып барат. Белек:

-- Эсен-хан ал кулжага жиберүүчү адамдарына мылтык тандатат. Ошончо мылтыктын ичинде дат баскан мылтыкты карма--дейт. Такабай Белек айткандай кылып топ адам менен Алтайга жөнөйт. Керектүү жерге келишкен соң бөлөк тыңсынган адамдар: "Ушундай" жаман мылтык менен эмнени атмак эле"-- дешип аны төмөн калтырып, өзүлөрү жогору чыгып кетишет, бирок-- Көгала кулжа Такабай олтурган жерге качып келип, дат мылтык тарс этканде оңкосунан кетет. Менсингендердин ичинен бир зордукчусу кулжаны артынып алып:

-- Мен аттым --деп барат.

-- Жок мен аттым--деп Такабай талашат. Октун тийген изи текшерилип Такабайдын сөзү чынга чыгып, күнөөсү кечирилет. Бирок арамдыгы ашынган ичине кара таруу айланбас Кубатбек чагымды күчөтө берет. Акыры Эсен-хан Белекти чакырып:

Сен кое берген Айманбай биздин элдин малын тие берип колго түшкөндө жети жыл болгон сенин келип хан болгонуңа алты жыл болду. Кубатбек жогорку хандарга чагым кылып мага суроо келип жатат. Сен эмне үчүн аны кое бердиң?-- дейт.

-- Мен сизге ишенип кое бердим, төрөм. Кандайдыр бир аял дайыма ордун жанына башын ийип туруп-туруп көптөн кийин боздоп ыйлап кетип турду. Бир күнү чакыртып алып сурасам ордо жаткан Айманбай деген казактын аялы экен. Келип тамак берип жүрүптүр. Менин келгеними алты жыл болду, сен эмне үчүн мага айткан жок элең--десем:

-- Коркуп жүрдүм эле акетай--деп сөөгүмдү какпата боздоп-боздоп жиберди. Боорум ооруду. Аркан жыйнатып, ордогу туткунду жер үстүнө чыгардым. Карасам, орго салардан саларда чычырканакка бөлөнүп сабылып, тикендери этине алиге чейин сайылып жүрүптүр. Бир дарыкерге тердирип дарылаттым да:

--Сен өзүң ууру экенсиң. Айылыңа жана ач-жылаңач жетимсиреп жүрөт деп аялың айткан балдарыңа боорум ооруп сени ордон чыгарттым. Эми сен элиңе бар, бирок-уурулук кылып жан бакпа десем төмөндөгүдөй деп ырдап жиберди:

Боорукер адам экенсиң,
Боорум ишиң оңолсун.

Душманың болсо өз алды,
Дымы чыкпай жоголсун.
Уруну ууру дейт экен,
Уурулар уурдап жейт экен.
Колго түшсө кордолуп,
Меникиндей кейпи экен.
Уурулук шермен иш болсо,
Мен дагы аны билгемин.
Жокчулуктун айынан,
Жортуулдан жалгыз жүргөмүн.
Балдарым ачка ыйласа,
Денемден кесип эт кылып
Бышырып кантип беремин.
Кыйын экен аччылык,
Аздырып элден тоздуруп,
Абийирсиз экен жокчулук.

Мен анын ырын угуп бир топко ойлонуп олтуруп мындай дедим:

—Мен аялың экөөнө эки бээ мингизейин. Уурулуктан башка жан багуунун жолун ойло. Ал берген бээнин бирине минди да:

— Бул бээни менде тургузушабы же жокпу аны билген бар бекен? Кош боорум! Сенин жакшылыгынды өлгөнчө унутпаймын —деп жүрүп кетти, төрөм. Эч нерсе жашырган жокмун- дейт Белек.

— Чынчы\ Белек чынынды айттың. Мен сени жакшы көрөм, ошондуктан —күнөөңду кечиремин. Быйыл туура терт жүз алтымыш жашка чыктым. Өлүүчү мезгилим өтө жакын. Мен өлгөндө сени Айманбайга кылган жакшылыгың үчүн жогоркулар баары бир жок кылып коет, ошондуктан—сен бул жерден кетишиң керек. Кетериңде эмне тилейсиң?

— Кечерүмдө ар бир түтүн сайын бирден кулундуу бээ бериниз—деп Белек сурайт. Ошентип, Белек баштаган эл бирден кулундуу бээ алып, жолдо кымыздын ичип күн көрүп Анжиян бетине көчүп жөнөйт. Белек кетеринде Эсен-хан Белектин он уулун Санчы-сынчыга сынатат. Адегенде Алдаштын сынап, оолак бир жерге олтургузуп коет. "Алдаштын тукумунан бирин-эки кыйын чыгат. Токойдун тукумунан атагы алыс кеткен бир баатыр чыгат, Шүкүрдөн чыныгрлуу барак чыбыр таш дегендер чыгат - деп бирден сынап олтуруп, "Толубайдын тукумунан тың чыкпайт. Өз башы хандыкка жарамдуу киши экен—дейт. Эсен-хан Белектин ордуна Толубайды алып калып, хандыкка көтөрөт. Белектен элин жолго бир аз узатып коюп, кайрыла кетүүсүн сурайт. Белек кайра келгенде абдан коноктоп, көңүл айтып, койнуна алтын жамбы салып берип, өзү атчан узатып чыгат. Белек элди Анжиянга көчүрүп келет. Акырындык менен малдары көбөйө баштайт. Ал жерге Маматкулулар да барган болот да Белектердин тынчын дагы кетире баштайт. Белек элин Ысык-Көлгө көчүрүп жөнөйт. Маматкулу алардын артынан түшүп чаап алууга аттанат.

Белек карып көзү көрбөй калган кези. Боокенин уулу Мамбет өтө жаш бала болгондуктан Маматкулу баштап келаткан калың колду көрөт. Ак боз бээ чалып Белектин көзү ачылат. Элин үштуруп ат-атка чычырканак сүйрөттөрүп бургутун чаң көтөртүп, топ-төп адамдарды бир жагынан дөңдөн кайра-кайра айландыра чубатып, жиберген элчиси аркылуу Белекке нойгуттан, саяктан, конураттан, калмактан сансыз колдор келип жатат дедиртип Маматкулу менен Дөлөткулунун[1] жүрөгүнүн үшүн алат. "Белек амал"- деген сөз ошондон калган. Акыры колдор беттешет. Белек:

--Адегенде өз гана колум менен сайышамын. Жеңилип баратсам жардамга келген колду саламын- деп, жоосун чочутат. Сарбагыштан чыккан жеке баатыр Белек өзү чыгып ыргыта саят да чоң салгылашуу башталат. Бул салгылашууда чочулап калган сарыбагыштар качып берет. Үч жүздөй ээрдүү ат бүгулардын колуна түшөт.

Эңке,Белек,Шабото,
Ээрдүү атка бөлөндү.
Маматкулу,Дөөлөткул,
Масейилге жөнөлдү- деген ыр эл оозунда ошол кезден сакталып калган. Эңке саяк, Шабото Конурат уругунан болгон. Алар азоолок айлы менен белекти жандап көчүп жүрүшкөн. Белек баштаган эл Ат-Башыга туруп калат. Сарыбагыштар төрт жылы ооз ачпай тымызын чабууга даярдана берет. Кокон хандыгы, саяктын кээ бир бөлүмдөрү менен сөз жүргүзөт да даярдыгы бүтүп, көп кол

менен Белекти баштап бүт бугуларды байлайт да:

-- Мен буларды Ысарга алып барып таштаашуучумун-деп айдап жөнөйт. Бир токойго барганда Белек ыйлайт:

-- Ой, айланайын Маматкулу, адегенде да өзүң баштадың эле. Бир Кылжырдын балдарыбыз. Мени эмне кылсаң ошо кыл. Мына бул элдин убалынан корк. Эл чарчады, ушул токойдо бир аз өрүндөт -- дейт. Эл өөүүндөп колдору байлангандары чечилет. Бугулар кеңейип туруп Белектин баласы Тогузбайдын Сулуке деген кызын алып берет. Маматкулу аларды бошоткон Ысык-Көлгө келишет. Келсе көл бетиндеги калмактар өзүнөн өзү бузулуп көчүп кетишкен. Азыркы Жети-Өгүз деген жерде алардан жети өгүз калып калыптыр. Калмактарга эмне болду деп сураштырса жеринде жылаан көбөйтүп, малдарын чагып кыра баштаганда Азыркы Түп районундагы Сары-Дөбө деген жерге бир дубачысы бардык жылаандарды чогултуп туруп эрттөп жылаан чыгышка карап бир ак жылаан чаар жылаан батышка карап учуп кетет. Калмактар ошондон коркуп көчө качышыптыр.

Ысык - Көлгө келген Энкеле Чолпон-Атаны, көлдүн көкүрөгүнө / азыркы Ново - Вознесеновкадан Түпкө чейин/ жайгыштырат.

Белектер Сарыбагыштарды кол салуусунан чочулап Текес тараптагы калмактар менен кайрадан байланыш түзүп

I. Кээ бир айтууда Малакан делип да айтылат.

өзү Ак үйлүүгө[1] турат.

Белектин жогоруда айтылган балдарынан булар тарайт.

Тогузбайдан Дүйшөбек, Кенжебек, Дүйшөбектен Кудайкулу, Чычы. Кудайкулдан Эшкулу. Эшкулудан Жайчы, Жаныш, Агыш, Айдар. Кенжебектен Алда берди, Кожомберди, Муратбек, Чүпөк. Алдабердиден Ибрайым, Бердикожо, Ажыкожо, Айтан, Курман. Кожомбердиден Бакия, Карбоз, Беки. Муратбектен Байчерик, Байчубак. Чүпөктөн Жангарач, Райым, Мамбет, Сарымсак, Карагул.

Шүкүрдөн төрт уул: Сарт, Бапа, Адигине, Эркесары. Сарттан Абылай, Жанғыр, Эркеназар, Кожоназар. Бападан Токтомамат, Токту, Бекболот, Тумак. Адигинеден тукум жок. Эркесарыдан Арстанбек, Аккочкор, Абдыбек, Кабылан, Карабек, Алымбек, Жаныбек, Татыбек.

Элчибайдан Тултемир, Бектемир, Бегаалы, Чүңкөлөй, Мамаке.

Кожоштон Очор, Тагай, Акбагыш, Бобот, Бөкөнбай, Маанеке. Маанаке кадимки эл оозунда айтылып жүрүүчү эсепчи. Мекенин бул төрт уулунан тарагандар Салмеке уругу делип аталат. Ал: "салбар катын Салмаке"--деген сөздөн келип чыккан. Белек ак үйлүүдөн кайра көл бетине келгенде Жаркын аны жаркылдап, эми Меке көңүлсүз тозуп чыгат да. Белек Жаркындын үйүнө түшөт. Мекеге көп жолобой көкөп, шылдыңкор адамдар жогорудагыдай сөз чыгарат. Белектин сөөгү да Жаркындыкынан чыккан делет.

---

1. Акүйлүү --посол. Эки эл ынтымак жүрсө бири-бирине кол салбас үчүн экөө тең аялуу адамдан посол кошчу. Чатак чыкса алар өлөт.

Токойдон Абайылда, Айбаш, Доскулу, Бабай. Абайылдадан Эшкожо, Эшим, Эшбери, Сасык. Айбаштан Шаамырза, Баймырза, Жакып, Карабала, Жанек.

Эшкожодон Балбай, Матай, Бакытай, Чүнтөй, Балбак, Ыманбек, Урмантай, Сатай.

Доскулудан Намаз, Букара, Түлөөкабыл, Сопу, Молдо, Капсалаң, Чакчыгай, Төштүк. Бабайдан Бообек, Бактыяр, Мендеке, Нарбото.

Булар Токой уулу аталып үч жүз түтүнгө жеткен.

Токочтон Барманкул, Баястан, Өтөм, Аткелтир, Ыбагат. Барманкулдан Төлө, Турдубай, Мырзабай, Шайымбет, Койсойбос, Чугубай. Молдодон Өскүлөң, Жалгап, Карабек, Жообасар, Бокбасар, Чонтой, Дуулат, Таштанбек, Кызылбай, Бөлөкбай. Баястандан Семей, Шамбет. Семейден Кожобек, Таажыбек. Кожобектен Кенет, Кулет, Жанет. Таажыбектен Токтонбай, Табылды, Жакып. Шамбеттен Ажыбек, Ажыбектен Кылычбек, Муса, Токто. Өтөмдөн Адыл, Керим, Чынкожо, Чынгыш, Дейдибоз, Солтон, Миңбай, Атай. Адылдан түкүм жок. Керимден Кумар, Жүзбай, Кумардан Кулсары, Байсары, Кемелбай, Кошубай. Жүзбайдан Алей, Чаргын, Күренкөй, Атыган. Чынкожодон Санбай, Канбай, Берикбай, Өмүрчү. Чынгыштан Байчубак. Байчубактан Байжигит. Аткелтирденден Көбөй, Төрөгелди, Артайлак, Байтайлак, Байтүкө.

Ыбагай, Мамбет, Османбек. Мамбеттен Стамбек, Осмон, Тойчубек, элебес. Осмонбектен Кожомкулу, Жылкыбай, Тайкашка, Нурбай.

Сатыдан Калманбет, Ыбрай. Сатынын түтүнү ончо. Алдаярдан теке, Абылаке, Асан, Мочуй, Монот. Текеден ийгилик. Ийгиликтен Болот, Чекен, Адык. Абылакеден Шайбек, Багыш, Жагыш, Эшмамбет, Чынгыш, Көрөңгө, Көмөч. Көрөңгө менен Көмөч Абылакенин калмактан келген асыранды балдары. Ал экөөнөн тараган түтүндөр аттары бизге белгисиз. Мочуйдан Жанкиши. Монотгон Үсөн, Чомот, Качыбек, Калча, Абылакенин Багыш деген баласынын казактан алган эки тонсуз уулу болгон. Бирөө өлгөн. Жылжуган дегенинен кырк түтүн тукум тараган. Бардык алдаяр үч жүз элүү түтүн.

Алдаптан Тазабек, Шапак, Меңмурат, Түкөк, Бирназар, Кудайменде.

Тазабектен Токтогул, Бердибай, Бердике, Байток.

Шапак бөш аял алыптыр. Көкөнөй деген аялынан Шераалы, Сокур, Эраалы, Үкү, Моңолдордон алган аялынан Эшкожо, Эшкулу, Эрсары. Кытай аялынан Урмамбет, Молдо, Арык тукумунун каратакыяларынан алган аялынан Адыл, Бообек, Саруулардан алган аялынан Чидер, Шейрен. Чүрүм деген эркек баланы да Шапак калмактардан алып келип андан жетимиш түтүн тараган чүрүмдөрдү кошкондо бардык Шапак үч жүздөн ашуун түтүнгө жетет.

Меңмураттан Байбото, Сазыке, Кирки, Боронбай. Булар да үч жүздөн ашкан. Түкөктөн азыр он бир түтүн Кең-Суудан Бирназардын өзүнүн алты, багып алган алты уулу болгон.

Өзүнүкү: Эсенаман, Аалыбай, Муратаалы, Нанжебес, Баялы, Данияр.

I. Топсуз — асыранды деген маанини берет.

Тонсуз уулдары Бүрбүрнал, Жылкыайдар, Айбаш, Кочмурат, Түүлөөбай, /Курман?/, Акбагыш.

Эсенамандан Маңкоо, Болгонбай, Келгенбай, Малдыбай. Даныярдан Матай, Шамурат, Айтпай, Насыпбай. Алыбайдан Солтонкулу, Хрүстөм, Дөөткулу, Жунуш, Жаныбек, Чынгыш, Конокбай, Тойгонбай, Карбоз. Чолпонкулдан Мыныбек, Карабай. Хрүстөмдөн Ормон, Соодонбек. Дөөткулдан Саламат, Субан, Баатыркан, Сатылган, Маамыт, Көбөгөн, Көмөк, Шамыркан, Алтымыш, Алтыбасар, Көкөтөй. Жунуштан Байзак, Байзактан Атай.

Баялыдан тукум жок, анткени— ал күндөрдүн биринде жогоруда айтылган тонсуз уул Тилекматты эрчитип энеси Бүкөгө кирип келет:

— Энеке, бай келгенде айтыңыз. Алты кулду алты баласына бөлүп берсин. Мен тилекматты алам—дейт.Бүкө:

— Өлүгүндү көрөйүн! Сен кул деп балам турбайсыңбы -деп бычак менен уруп жиберсе чыкыйына барып кадала түшүп ошондон өлгөн. Нанжебес менен Муратальдан да он-жыйырмалап түтүн тараган.

Бүрбүжалды Бирназар өзүнүн кайнатасы Солто Баки бийден байбичесин жиберип суратып алат. Баки бий калмактарды чаап, аны Сарыкөбөн деген бала менен кошо алып келген. Бүрбүжалдан Сырдыбай, Турдубай. Сырдыбайдан Токтомбай, Кубатбек, Кулан, Касаболот, Байболот, Өмүрзак , Берикбай, Болотбек, Бейшеке, Карымшак. Турдубайдан Асылбек,

Сасымбек, Сасай, Осмонбек, Ажы, Акбай,Карабай, Сырдыбай, Менде, Жаңыбай, Токтор.

Черик уруусунун Боорсок бөлүмүндө Кожокул деген Кожомкул деген адам болот. Анын Сарыгул деген баласы тың чыгып, атасына токол алып берет. Токол уул табат. Картайып калган Кожомкул жаш баласын жакшы көрүп токолунун үйүнөн чыкпай кеткен соң, байбичеси күнүлөп:

— Атаң бизди карабай кетти. Көңүлү бузулду- деп баласына чагат. Сарыгул Кожомкул менен токолду жаман алачык тигип берип, мал-жытын алдырбай, туяк жүзүн көргөзбөй бөлүп салат. Байбиче айылдагы кыз-келиндерди чогултуп келип токолду зордук менен урдуруп кет дегендени кет дей берет. Азабы алты, тозогу тогуздан ашкан токолду көрүп Кожомкулдун ачуусу келет:

— Ай иттер! Мен силерди качан токол алып бер дедим эле? Өзүңөр жаныңды койбой жатып алып бердиңер да минетесиңер. Деги жаныңды тынчытып сен да кет баланды көтөрүп. Аман болсо элин табар - деп токолду кетирет.

Шордуу токолдун кайгыдан каңырыгы түтөп жонуна бешик көтөрүп ээн жерлерди түн катып жөө басып, бап каларга жер издеп, көзүнүн жашы он салаа агып келатат. Токол эчки койдо жок, токол катын тойдо жок деген ушул экен. Ала-Буга деген суунун бойна келет. Буулуккандай чамынып аккан, кирген сууну карап туруп, кайгынын

каары коркунучун талкалап аял суудан кечип өтмөй болот да кечип кирет. Тилсиз жоо, тишсиз жоо, тишсиз болсо да чайнамуу жоо, боорсуз жоо, колсуз жоо, колсуз болсо да кармачуу, кайлачуу жоо шордууну чалып жыгып, бешикти жулуп алып ала качат. Аял эптеп кайра чыгат да сууну бойлоп ыйлап жүгүрүп олтурат. Ыйлай берип жаны түгөнүп, көзүнөн кан агат. Баласынын артынан түшүп акыры өлүүнү ойлойт, бирок – чиркин илгери умут кыйын экен, азырынча аман турат. О, балам! Энеңдин кубанычы, бел байлары, кайраты, кыялы, умуту сен элең. Эгерде жанагы Сарыгул деген акмак агаңдын бир козусу агып кетсе тыңсынган ал чочко аргасыз момундардын эчөөнүн жонунан кайыш алат эле. Ал эми, о, ууз эттүү айланайын, наристе, азыр ал Сарыгул чочконун күнү түүп, чырагына май таамп эл бийлемиш болуп, алардан сыгып алган малынан бирди союп, бармагын майга батырып үйүндө олтурат. Баланын энеси ары бери жүгүрө берет. Таң агарып атып келет.

Ал кезде Ысык-Көлдөгү эл Анжиян тарапка барып базарлачу. Бирназар Анжияндын базарынан келатып суу бойлоп сыздап ыйлап жүрген аялга кезигет.

— Эмне болду?– деп сураса, аял жайын айтып:

— Мусулман болсоңор бүгүн конуп, баламдын жок дегенде талка тийип талкаланган денесин таап бергиле. Карасам да көксөм суур бекен– дейт. Келаткандар конуп

калат. Эртең мененки куппа намазды окуш үчүн даарат алып жатса, бир тайлак боздойт. "Бул жерде айыл барго"- деп ойлойт, бирок - эч жерден айыл көрүнбөйт. Бир аралда агарган караан делбиреп турат. Барса ак жабылуу бешик. Бала тирүү жана ууртунан сүт агып жатат. Бир бугунун качып баратканы көрүнөт. Бешикти алып келгенде Энеси Бирназар үчүн өл десе өлгөндөй, тирил десе тирилгендей абалын билдирет. Баласын эмизет да коштоп келаткан аттардын биреене минип, бешигин өңөрүп Текести кездөй Бирназарлар менен Текеске жөнөйт. Бала үч-төрт жашка чыгып калган кезде Кожомкулдун байбичеси кабарын угуп, жаман окунда токолдун ал баласын өз балдарына кул кылып чоңойтмок болуп, бир эки жигит менен алып кетүүгө келет. Бирназардын Бүкө деген аялы / Солто Баки бийдин кызы/:

— Аял менен аял дос болбой коебу. Экөөбүз дос бололу. Эки үч күн жатып шашпай эс ал- дейт. Экөө достошкон соң Бүкү:

— Кана, досум, айтуучу сөзүң болсо айт- дейт. Кожомкулдун байбичеси эбиреп, жебирен кирет:

— Бул токол менен байбиче биздики эле. Өзүнүн акмакчылыгынан азабын тартыптыр. Талкан сүйүнөт, таанынган алат эмеспи. Алып кетейин деп келдим эле.

— Экөөбүз дос болуп калбадыкбы. Токолду алсаң алып кет. Баланы ташта. Колкосун дале жолу менен кылуу

колдон келер. Колкосун деген сөз дүнүйөкор байбичеңин көңүлүнө майдай жактыбы:

— Анда болуптур. Сенден бир токол менен ошо тууган бала садага чабылып кетсин. Сенден кантип аяйын. Токолду деле, ~~токолду~~ деле, баланы деле таштайын деп жиберди. Бүкү Кожомкулдун аялынын көзү түшкөн, жибек менен чалынып, кыргыз элинин сөнжыргалуу көп кыял оймолорунун эң кооз түрлөрүнүн бири салынган чыгданды берет. Эки баш адамды жанындай көрүп жүдеп келген жок эле го, ошондой болсо да ушундай олкого кабылганына күдүндөп өбин талканына сыймыктанып Кожомкулдун байбичеси жолго түшөт. Бирназар баланын энесине нике кыйдырып алат да баланы атка мингенден тартып жылкычы ири кылат, аты Жылкыайдар болуп кетет. Жылкайдардан Тилекмат, Байтайлак, Кыдырбай, Буржук.

Тилекмат жети аял алган. Биринчисинен Түнгатар, Узак, Ботобай. Аның аты Айыке болгондуктан үч уулдан тараган тукум Айыкелер делип кеткен. Экинчи аялы Көнжеден сегиз уул: Түркөбай, Чымырбай, Таңыскожо, Чыныбай, Серкебай, Алышбай, Дыйканбай, Асакей. Үчүнчү аялы Үрпүяңдан Текебай, Сооронбай. Төртүнчү аялы, күңгөйлүк саяктардан аштын байгесине келген Каракүңдөн Деркенбай. Каракүң бир бутун сындырып басчу экен. Бирок, жумушка тындыгына кызыгып, Айыке аның Бирназарга башын байлатып койгон. Бешинчи аялы Сайкалдан Аламан, Мамырбай. Алтынчы

аялы сарбагыштан алынган кыз болгон. Андан тукум жок. Жетинчи аялы узун чачтан Семетей.

Тилекматтын бир туугану Байтайлактын биринчи аялынан Чынгышбай, Чотобай, Сарыбай, Ботобай, Жаркынбай. Жаркымбайдан Нарынбай деген балдары азыр тирүү. Экинчи аялынан Токой, Күрөңкөй, Алтымышбай, Жетимишбай. Алтымышбайев Асылбек Академияда.

Кыдырбайдан Итебай, Дардыбай. Буржуктан Бокчу, Намазбай, Орузбай, Бакы, Кинезбай.

Тонсуз уулдан дагы бирөө Айбаштан Тогузак, Бердикожо, Курман, Салык. Айбаштар кырк чамалуу түтүн.

Кочмураттан Итийбас болуп, төрт-беш түтүн тараган.

Түлөөбайдан Жанузак, Туйба, Акун.

Акбагыштан Идипбай, Бактыбай, Түгөлбай, Казакбай, Каратөш, Сооронбай.

Андалтын Бирназардан кийинки жазылган баласы Кудайменденден ким экени бизге азырынча белгисиз.

Эми Белектин жогорку баянда калмакта калган Толубай деген баласынан Кудаке, Сейит, Кожомкулу, Мамаке, Кудайкулу. Толубайдын үзөнгүсүнө уу сыйпап Кубатбек өлтүргөндөн кийин Толубайдын баласы Мамаке атасынын хандык мурасын бир куржун алтынга сатып, көчүрүп кеткени барган Алдаш менен өз элине жүрө бериптир.

Жаманкулуга Алсейит өзү Ырдакбек хандын кол астындагы Камчыбек деген хандын кызын алып берет.

Ошондо мүйүздүү эне:

— Сен улуу уулуңа хандын кызын алып бердиң. Эми Бапама аялды өзүм алып берем. Бир айга чейин келем, келбесем менден түңүл— деп кетип калып бир айга убакыт жакындап калган кезде, күүгүм талаш бир кызды үйгө ээрчитип кирип келет.

— Бул менин синдим. Адам жыттанып калыптырсың деп жакындатпай жүрүп, аран алып келдим— дептир. Ал кыз Бапага тийип Олуят-байбиче атанып калган.

Бападан тогуз бала төрөгөн. Жаманкулунун элин таранчы деген Кашкар тарабындагы элден келип чапканда Жаманкулуга ок тийип, аны ак ингенге жүктөтүп казак жерине үркүп баратканда Бапа баласы менен:

— Кудай ушу абакемди соо коер бекенсиң—деп төгеренип кетет. Олуят байбиче Тороштек жана Чалай деген эки баласын айландырбай кармап калат да Бапаны:

— Как баш! Менин тукумум Жаманкулукунан аз болбойт эле. Сен келишип койдуң—деп кайып болуп кетет. Жаманкулуну жүктөгөн ак ингең Асынын белине барып чөгүп турбай коет. Жаманкулу ошол жерде жан таслим кылат. Аны көмгөн жерде он чакты терек өсүп чыккан дешет.

Бапанын Чалай менен Тороштешинен башкасы бир четинен кырылып өлөт. Бапа өзү өлөрүндө:

— Э, Кокуй! Сенин ордуңду ким басат— деп ыйлагандарга:

— Менин ак өргөмдү Төрөштегим ээлейт, Ак оллогумду Төрөштегим кийет. Ордуңду басар ошол. Чалай киши болбойтто— дейт. Бул сөздү угуп калган Чалай Бапа өлгөндөн кийин ичинде кекирбес кегин сактап жүрүп, бир жолу кийик атып жонуна көтөрүп келген Төрөштекти иреңеде жашынып туруп бычак менен колтукка сайып өлтүрөт. Төрөштектин аялынын боюнда калып бир бала төрөлөт. Аны курсакта калган куу Мажик дешчу болот. Чалай Мажик жүгүрүп жүргөн кезинде Анжиян тарабынан келген соодагерлерге сатып жиберет. Мажик бир нече жолу качып келсе Чалай улам сата берет. Акыркы жолу сатканда бир нече жыл келбей калат. Чалай аны эстебей калган кезде өңү бүткүл чаар, сакал-мурут чыккан жигит келет. Чалай тааныбаган соң:

— Мен сенин иниң Мажикмин— десе Чалай:

— Мажик сендей чаар эмес, мурут-сакалы жок болучу. Тилиң да сартка окшогон неме экенсиң— дептир. Мажик бол окуяларынын баарын айтып ишендирет. Өңү чечек оорусунан чаарайып, тили ошол жактагы элге ыңгайлап, сакал-муруту убагы келгендиктен чагыптыр. Чалайдын пайы жетип, өтө жакырланып калгандыгын билген соң Мажик Нарын тараптагы Тынымсейит туугандарынан жардам сурап кетет. Тынымсейиттер аны тоотпогон соң: "Сураганда бербесеңер, уурдаганда бересиңер. Эми мен силерден

айтпай сурап аламын"--деп, союп жаткан койлорунан өйдө жула кача берет. Кайра келип Чалайды малдандырат да ошондон тартып экөө ынтымактуу жүрүп калышат.

Чалайдан Атыга, Адыр. Атыгадан Кутуй ыий. Кутуйдан Кожош, Чагыр, Тойчу, Теңиз, Саркүчүк, Акжол, беги.

Кожоштон Абыл, Таберик. Абылдан Ниязгул, Тарычы, Кебек, Сүркө, Болот, Жакып, Талкан. Тарычыдан Калыгул, Түлкү. Калыгулдан Чыпак, Айтбай, Курманбай, Тойгонбай. Чыпактан Асаналы, Сагалы, Султаналы. Айтпайдан Токтокожо. Токтокожодон Мукаш, Жакеш, Амангелди, Эсенгелди. Мукаштан Темир, Болот. Курманбайдан Бекжур. Бектурган Ыскак, Кускак. Тойгонбайдан Сатлык. Түлкүдөн Көчөкбай, Жайыл, Көчөкбайдан Сатылган. Жайылдан Абдыкерим, Абдылдакун.

Ниязгулдан Осмон, Жапек. Осмондон Коной, Күчүк, Карымжы, Сарт, Чычкан. Канайдан Элчи, Мукаш. Калкабайдан Калемалы. Калемаалыдан Сыдык. Байтиктен Мукай, Сатар, Үсөк. Күчүк, Карымсы, Чычкандан тукум жок. Сарттан Бакеней, Ысай. Бакенедейден Конок. Ысайдан Калый, Аный, Макталип, Муктазар. Калыйдан Амантур. Аныйдан Абай. Жанектен Садырбек, Данияр, Карап. Садырбектен Байгелди. Байгелдиден Алакун, Бакы,Балтабай, Мамбет. Данаярдан Калдыбай, Малдыбай, Акун, Ыманакун, Сейтакун. Карачтан тукум жок.

Кебектен Карга, Кожобек, Байсал. Каргадан Бейбиталы. Бейтиталыдан Алымбай. Алымбайдан Бакеш. Байсалдан Карынбай. Кожобектен Обомбай, Кененбай. Болоттон Сурапчы. Сурапчыдан Токбай. Токбайдан Акимкан, Мукаш.

Табериктен Жалгап, Шамат. Жалгаптан Бердаалы, Бактыяр, Таңыскожо, Жаркынбай. Бердаалыдан Туту, Кыдырмыш. Тутудан Жигитек, Мамыркан, Мамыркан. Кыдырмыштан Турдумамбет. Бактиярдан Короолу, Кыштообай, Жаздообай. Короолудан Байтерек. Байтеректен Турсунбай. Кыштообайдан Касымбай, Мамбетакун. Таңсыкожодон Күздөөбай. Күздөөбайдан Олоңбай. Жаркымбайдан Тулпар. Тулпардан Деркенбай. Маматтан Дербишаалы, Турат. Дербишаалыдан Жантөй. Жантөйдөн Алжамбай, Бөкөнбай, Куланбай, Албанбай. Алжамбайдан Ыманкул, Ыманкулдан Осмонаалы. Бөкөнбайдан Турсунбай. Турсунбайдан Саяк. Албанбайдан Керимаалы. Керимаалыдан Жунуш.

Тураттан Суран. Сурандан Жолбун, Саке, Жолбундан Кукеш. Сакеден Ысмайыл, Жамангул, Такырбаш.

Чагырдан Токой, Төлөн, Үсөмбай, Качыке, Кошаал. Бокойдон Борбу, Ысакожо, Белек. Борбудан Орунтай. Ысакожодон Кожобай, Төлөкожо, Сопу. Белектен Жолаалы. Төлөндөн Адырбек. Адырбектен Мамырбай. Мамырбайдан Аалы, Орозбек. Үсөнбайдан Акымбек, Мксүт. Максүттөн Шалбаа. Акымбектен Кулубай. Кулубайдан Түнгатар, Түнтөй, Түмөнбай, Узакбай. Качыкеден Самсаалы, Мусур, Атагөтөн. Самсаалыдан Чолпонбай, Жоошбай, Чымырбай, Алышбай. Мусурдан Бөлөкбай, Акун. Бөлөкбайдан Ыймаш. Атагөтөндөн Өзбек, Курманаалы, Кошаалыдан Курманкожо, Багыш, Тыныбек. Курманкожодон Макей, Бешбала, Амазалы, Тыналы.

Тойчудан Майназар. Майназардан Орузбай /Сары Тойчу/, Жаанбай, Жакшылык /кара тойчу/. Орузбайдан Чубак, Эсен, Илгедей, Баялы, Үркүмбай, Казакбай, Бошкой. Чубактан

Токсонбай, Токомбай, Аймanбай. Токсонбайдан Бейше, Токомбайдан Токтокожо. Эсенден Кетенбай, Сарбат, Кыштообай, Байсейит. Илгедейден Жумабай, Бердибай. Бердибайдан Орозакун, Абылкасым. Баялыдан Жылкыбай, Садык. Уркунбайдан Кекче, Албан, Алжан. Казакбайдан Кыдыраалы. Бошкойдон жок.

Кутуйдун Саркүчүгүнөн Дүйшөмбү, Айдар, Үнүр, Алагуш. Дүйшөмбүдөн Бөөбий. Бөөбийден Жанузак, Бийзак, Байзак, Усубалы, Шераалы, Маданбек. Айдардан Ырыскулу, Жаңыбай. Рыскулудан Касей, Байболот. Жаңыбайдан Жангазы, Ургазы, Сейитказы. Үнүрдөн Мамыр, Мендеке, Молдот Мамырдан Муса, Токторбай.. Мендекеден Тойгонбай. Молдодон Кашым. Кашымдан Нияз. Тениз, Акжол, Бегилерден бири эки гана тукум тараган.

Адырдан Келдибай, Шүкүр. Келдибайдан Эдиге, Жума, Чал. Эдигеден Токтор, Мурат. Токтордон Мениз, Сазан,Медер. Менизден Бакан, Субан. Сазандан Кызалак, Тилен. Тиленден Мамырбай. Мамырбайдан Жума. Кызалактан Байгубат, Асанбай, Усөнбай. Медерден Эдилбек, Тыныбек. Эдилбектен Оробек, Жапания. Тыныбектен Осмонаалы, Өрозаалы, Тынаалы, Култерек. Мураттан Кошаалы. Кошаалыдан Шайылда, Маңгыт. Шайылдадан Байбагыш. Байбагыштан Өмүралы, Иманалы, Маңгыттан Байсак, Эсенгул, Эсенаман. Эсенамандан Керимбай, Абдыкасым. Жумадан Балапан. Балапандан Байбала. Байбаладан Кечек, Малай. Кечектен Осмоналы. Осмоналыдан Чонон, Абылда.

Малайдан Усөн, Кекө, Момун, Өмүркан. Чалдан Байшүкүр, Ыман, Байзак, Кенжекожу.

Байшүкүрдөн Куттуксейит, Жабагы, Канай. Куттуксейиттен Өмүр, Жанай. Жабагыдан Рысменде, Баймырза. Канайдан Ысабай. Ысабайдан Бообек. Ысмандан Чекир. Чекирден Айтпай. Айтпайдан Курманбек. Байказактан Карбоз. Карбоздон Аманкожо. Аманкожодон Мукамбет, Ыскак. Кенжекозудан тукум жок. Шүкүрдүн Жансейит деген баласы балбанга түшүп, балта аттуу баланы олжого алганда атын Жантемир кылып өзгөрткөн. Жансейиттен Сүйүндүк. Сүйүндүктөн Эш. Эштен Байтору. Байторудан Эгемберди. Эгемберди өзү бир гана түтүн. Жантемирден Бейшебай, Жумагул. Бейшебайдан Түлөөбай. Түлөөбайдан Урбек, Бугубайдан Муса, Шергазы, Абылгазы, Молдогазы. Урбектен Абыл, Ысмайыл, Ыбырай, Ботобай.

Маликтен Кенжебай, Жолчоро, Медет, Карагыз, Сатай.

Кенжебайдан Абылеш, Садык, Карагул, Кожоберди. Абылештен Суранчы, Таштеке. Садыктан Казы, Алыбек, Өмүрчү, Айылчы. Казыдан Бакбасар, Келдибек. Бакбасардан Жанузак, Шопок. Жанузактан Майрек. Майректен Ордобай, Орчунбай. Келдибектен Балбак. Балбактан Сарымсак. Алыбектен Акылбек, Саалы, Ыса, Кожобек, Малабек. Өмүрчүдөн Соатоной, Түлөөкабыл, Султан, Маана. Солтонойдон Шадыкан, Атакан, Кендирбай. Түлөөкабылдан Карабай Султадан Байтерек, Райымбек, Чоро. Маанадан Мамбет, Байзак. Айылчыдан Темир, Токтомамбет, Албан. Темирден Шамыркан, Мамыркан. Токтомамбеттен Буурабай, Байтон, Жоомарт. Карагулдан Карымшак, Адылбек, Ажыбек. Карымшактан Сарбагыш, Жанбагыш, Байкожо. Адылбектен Сарт, Карбоз, Калча, Аджан, Алчын. Ажыбектен Чынгыш, Шыгай, Ыбрайкан. Кожомбердиден Жаныбай, Тагай. Жаныбайдан Чолпонкулу,

Кененбай, Байкөтөндөн Курманалы. Тагайдан Шалак. Шапактан Аваналы. Асанальдан Тургенбай, Турат.

Сатайдан Айт, Маамаке, Кожомбердн. Айттан Шаанияз, Казак, Орузбай, Байыке. Маамекеден Акынбек, Бөрүбек, Ажыбек, Осмон, Козубек. Кожомбердиден Алтыбай, Барман.

Жолчородон Жумаш, Чылпак, Мөндөш. Жумаштан Арбото, Жаныш, Бейбит, Олжобай, Кочкор. Жаныштан Сүттүбала, Абыш, Баным. Чылпактан Берикбай Култай, Гулбай, Салбай. Мондоштон Кожомжар, Койсары. Кожомбердиден Байдаалы. Мендештен Огой, Карбоз, Урдумат, Агымат.

Карагыздын өз тукуму Сатайларга кошулган. Бападан алты жүз түтүндөй тараган.

Алсейит калмактын чокту төрөсү менен кошуна болуп ак үйлүүдө туруп алат. Мүйүздүү эне кошо барган. Чокту төрө Алсейиттин үйүнөн бир бугу чыгып оттоп келип кайра кирип кетип жүргөнүн көрүп калат да кызы Чөөжимжан бул сырды чечип келүүсүн тапшырат. Чөөжимжан мүйүздүү эненин сырын билип атасына айтып келет. Чоктуу төрө катуу кызыгып мүйүздүү энени алмакка кызын ортого салат.

— Эгерде мага тийсе алтындан сарай салдырып берем. Эч ким көрбөгөн жыргалдын даамын таттырам— дейи.

Чөөжимжан ыгын кемпирин атасынын окн мүйүздүү энеге билдиргенде мүйүздүү эне муну айтат:

— Алсейитимдин көңүлү алтын сарайдан мен үчүн жыргалдуураак.

Чокту төрө мүйүздүү эненин Алсейиттен ажырабастыгын билгенде:

— Мен бул мурутту өлтүрөмүн—деп бир жакка ээрчитип жөнөйт. Алсейит үйдөн чыгарда мүйүздүү эне төрөнүн арамдыгын билип калып күйөөсүнө түшүндүрөт да:

— Сен алысыраак узатып кайра жазгырып качып кел. Мен ат даярдап турайын—деп айтат. Алсейит аялынын айтканын аткарат да экөө эки аргымак минип элге качат.

Чээжимкан мүйүздүү энени жакшы көрүп калгандыктан эч кимге билинбей алардын артынан ээрчип барат. Алсейитке да ачык болуп калат. Мүйүздүү эне Чээжимкандын кыйналып жүргөнүн билип, Алсейитке токолдукка алып берет. Алар бирин-бири абдан үйдөмөлөкмөлүкмөкалып сыйлап жүрөт. Мүйүздүү эне жууганда үйдө жалгыз калып кириүүчү, "Мен киринип жатканда эч кимиңер карабагыла"- деп айтуучу экен. Алсейит бир жолу жылчыктан шыкааласа аялы ичин карып ичеги-карын аралаштырып жаткан. Кирипип, кийингенден кийин:

— Алсейит, менин сөзүмдү укпай койдуң. Эми ажырашпаска айла жок. Чээжимканды жүдөтпөй жакшы бак - дейт да өлөт. Чийдин артына сөөгүн алып коюп бир түнөтүшөт. Кыламык кар жааган экен, эртең менен эшиктен тарта бүгүнүн изи кетип, чийдин артында сөөгү жок. Алсейит Чээжимкан менен күнүн көрөт. Чээжимкандын бокна бүтүп Туумакашканы төрөйт. Туумакашкадан Аккозу, Каракозу, Бозкозу. Аккозудан Аккүн. Каракозунун улуу аялы Кубулдан

Козанай, Курманай. Козанайдын И Ысыкайран, Саты, Таттыбала, Көтөнбай. Курманайдан Кожоберди, Кенжебай. Каракозунун кичи аялы Качанайдан Желдең, Базарчы, Жүдөмүш. Желдеңден Күрүчбек, Мураткан, Маркаш, Карабаш, Манжы, Шүкүр. Базарчыдан кедей. Жүдөмүштөн Атакиши, Ботокиши. Атакишиден Тойчу,Итийбас. Аккүндөн Аккүчү, Рыскулу, Кебек, Төлөк. Бозкозудан эки гана түтүн тараган. Чээжимкандан тараган Желдең делип аталган, анткени жогоруда айтылган Желдендин тукумдары өтө басымдуу болуп кеткен.

Мырзакулунун экинчи баласы Тынымсейиттен Кабели, Шалтак, Мортук. Кабелиден Беш бала деген урук. Шалтактан Кызылтаз, Каратаз, Актаз, Мендибек, Кабак, Чабалдай. Кабактан Түлөбай, Түлүбай, Кемел, Калча. Түлөбайдан Абайылда, Молдолор. Түмөмбайдан Сарытай. Сарытайдан Мекетай,Жаркынбай, Жаркынбай, Карымшак. Кемелден Суранчы. Калчадан Бекқулу, Меңназар, Бектур, Жаңыбай. Мортуктан Токтогул, Жаманак. Токтогулдан тогуз уул: Дөрбөл, Чыйбыт, Термечик, Мөңгү, Норуз, Акбагыш, Былжык, Дүлөй, Чагир. Акбагыштан: Уркүнчү, Жылжымыш, Кожомжар. Уркүнчүдөн үч уул: Бердике, Божокой, Шопок. Божокойдон Төшүк, Сарык, Калча. Сарыктан Атаке, Атабек, Матай, Алыке, Айылчы, Баястан. Токтогул минден ашуун түтүн. Тынымсейиттер Нарын тарапта турганда азыркы Жумгал районунда туруп Кабак баатыр чыгып баскынчы калмактарга каршы жааны таалай тартып жүрөт. Акыры оору тийип ата-бабасы жердеген Ысык-Көлдөгү Барсконго келет. Ал жерде өлүп, сөөгү азыркы

Ак-Коргон деген көрүстөнгө коюлат. Жумгалдагы Кабак деген жер да ошол кишинин атынан коюлган.

САРЫБАГЫШ

Сарыбагыштын Оросбактысынан Бугу уруусу тарап Дөөлөстөн Сарыбагыштар тарагандыгы жөнүндө жогоруда эскертилген эле. Эми Дөөлөстөн Токо, Жантай, Манап, Элчибек.

Дөөлөс өзү бий экен. Калмак ханынын Мончок аттуу кызына ашык болуп, атасына жуучу жиберет. Хан кызын бергиси келбей, Дөөлөстү дүнүйөдөн кысып качыруунү ойлойт да:

— Кызымдын баасын төлөсүн берейин. Күз кула аттын ар биринин эки бакайына алтын билерик тагып алып келсин. Ал аттардын бардыгы окшош балдактуу[1] болсун дейт. Дөөлөс кыздын баасын өзгөртүүгө кийин өзү келет.

— Кыргызда балдактуу ат жок. Бардык кыргыздын жарым малын жыйып берейин- деп айттырарда, анын эмне үчүн келгендигин Мончок угуп, Дөөлөстөр олтурган эргөөнү капшытынан болот кестик менен оюп түшүрүп, Дөөлөстү көрөт. Жигиттин маңдайында бир нур балбылдап турат— көрсө ошол нур өрүштөй чыгып, укум-тукумуна чейин тың болуучу баланын белгиси экен. Сарайына кайтып келип бир нөөкүр кызына мындай деген сөз айттырып Дөөлөскө жиберет:

---

1. Балдак—ыйык жалдын ылдыйкы эки туягына чейин кара тасма кетет. Тасма жазы башталат да туягына келгенде ичкерип калат.

ашык

— Мен Дөөлөскө ашык болуп калдым. Ага салынган жүз балдак кула атты мен алтын шакегим менен эч кимге билинбей Дөөлөстүн наамынан атама өткөзөйүн. Дөөлөс атамдын айтканына макул дей берсин, бирок— мени менен кошулганга чейин эч бир аялга жолобосун.

Дөөлөс кыз айткандай хан менен макулдашып элине кетет. Токо, Жантайды төрөгөн аялынын койнуна жатат, бирок Мончоктун айткан сөзүн эсинен чыгарбайт. Көзүн жумбай ойлонуп жатса чабуулдан түшкөн күн ирегеде жаткан жеринде мандайына дирилдеген нур түшүп турат. Ага таң калып үч күнү байкайт. Көргөнү улана берет. Төртүнчү күнү аялын ойготуп күндүн мандайындагыны көргөзөт да:

— Бул күн бекер жан эмес. Мага Токолдукка алып бер—дейт. Аялы макул болуп алып берет.

Убагы келген кезде Мончоктун элине барып кызга кабарлашат да калмак ханга малды өткөздүрөт. Хан убадасын буза албай той өткөрөт. Дөөлөс да шаншөкөттүн ичинде өргөөдө олтурганда Мончок кашыруун келип шыкааласа баягы нур жок. Бөлөк аялга ооп кеткен. Ичи тыз-тыз болуп берген убадасынан кайткысы келет, бирок —"катын намысынан кара кылат кийиптир"— деп, элге дүң болуп калган сөздөрдөн уялып, аргасыздан калат.

Той-тамашасын бүтүрүп Мончок күйөөсүнүн элине жөнөйт: Мезгили жетип төрөйт. " Элчилик менен бүтүп, күйөөгө чыгып төрөдүм"—деп атын Элчибек коет. Ал эми

күң токолдон төрөлгөн баланын атын Манап коет.

Токо өлгөндө аялынын бокында калын төрөлгөн Каракурсактан өтө аз түтүн тараган. Токо Жантайдын Күмүштай деген ырчы кызын багып алган. Андан башка да Абыла, Сабыр, Чагалдак, Өзүк, Молой, Чечей, Бешкүрөң деген жети тонсуз уулу болгон.

Токо өлгөндө Саруурга күйөөгө чыккан Күмүшай тентекке кабар бере албай калышат, анткени— жазга маал болуп мал арыктап калган кез экен. Күзгө жуук Күмүшай кайындары менен Токого бата окумакка келет да: "Мен жоо чаап, Манап, Жантай, Элчибек агаларымды да Абыла, Сабыр, Чагалдак менен Өзүк, Чечей, Молой, Бешкөрүк да кырып кеткен экен-деп ойлосом бардыгы эле аман турбайбы"— деп кабар бербегендигин какшыктап, атынан түшүп кошогун мындай кошкон экен:

Абыла,Сабыр,Чагалдак,
Атамдын тондуу уулу эле.
Өзүк,Молой,Чечейлер,
Өзүмдөн тапкан кул эле.
Өзү келген Бешкөрүк,
Атамдын качан уулу эле.

Өзүмдөн тапкан кул эле" дегени Күмүшайдын "тартуусуна келген экен.

Абыланын атасы Кочкор. Кочкор менен Теке казактан качып чыккан биртуугандар болгон. Теке колго түшүп

калып өлөт. Ал эми Кочкор Токонун колуна корголойт. Үйлөнүп Абыла аттуу балалуу болгон өлүп, Абыла Токонун багуусунда калат. Булардын бардыгынан урук тарап өз-өз аттары боюнча эле атанган. Жалпысынан Токо делип аталат. Ичинен бизге азырынча Өзүктүн таралышын чечүүгө гана мүмкүнчүлүк болду.

Өзүктөн Аккийиз, Түгөл, Асан. Аккийизден он уул болгон. Тогузу бир аялдан болуп, экинчи аялдан болгон жалгыз Кожомшукурду четтете беришкендиктен Кожомшукур Анжян тараптагы таякелерине кетип калат. Калган тогузунун Мамбет деген эң кичүүсү үйдө калып, калган сегизи мал тийгени барып кырылып калат. Кишим деген эжеси Мамбетке жесир калган сегиз жеңесин алып берет. Ал эми Кожомшукурду алтымыш жашында Мамбеттин Сары деген уулу алып келет. Кожомшукурдун бала-чакасы Анжян Анжиян тараптa кала берген. Ошол жакта Кожомшукур деген урук тараган дешет. Бул жакка келгенден кийин да аял алып бериптп, андан үч бала төрөлөт: Мырзабек, Шайбек, Жансары. Мырзабектен Кызалак, Түкөй. Кызалактан Түлөөкабыл, Кененбай, Түкөйдүн Рыскелди. Шайбектен Кулчун, Медер. Кулчундан Абыласан, Борбу, Береман. Медерден Бердибай, Сооронбай. Түлөөкабылдан Жакыпбай, Жаркынбай, Сүйүнбай, Жакыпбайдан Чымырбай. Жаркынбайдан Абейил, Рыскелдиден Абдыкадыр, Абдымомун, Абдырашит, Керим, Асан, Аруун.

Жансарыдан Кыдык. Кыдыктан Түлөөбай, Түмөнбай, Түлкубай.

Түгөлдөн Казыбек, Шадыбек. Казыбектен Базар, Дайыр. Шадыбектен Бекболот.

Асандан Топо, Чайыш. Топодон Кардаачы, Бердиш, Темиржан, Бокбасар. Чайыштан Тыныбек. Тыныбектен Норуз. Норуздан Бегалы, Бейшен, Алыбек, Конушбай, Чалмеке, Бердигул, Сагымбай, Эдилбай. Бегалыдан Мамыр, Сазан, Манас, Такабай, Сасыкул, Моңке. Мамырдан Өскөнбай. Сазандан Төкөнбай, Казыбай, Кочканак. Манастан Жанузак, Өмүрзак, Байзак, Арыкбай, Бөдөн. Жанузактан Атаян, Саржан, Сатар. Өмүрзактан Тентимиш, Дүйдө. Байзактан Айдар. Арыкбайдан Карагул, Муса, Чекирең, Калык, Кенжебай. Бөдөштөн Жолбулак, Ысмас, Сарыбаш, Бакир, Молдоалы. Бейшенден Супатай, Андаш. Супатайдан тукум жок. Андаштан Турсунбай, Бообек, Качкынбай, Абдылда.

Алыбектен Нурдөөлөт, Сараке.

Конушбайдан Күрүчбек. Күрүчбектен Токтоалы, Мамин. Жаманакын. Жаманактан Куттубай, Саркул. Бердигулдан Ногой, Султан. Ногойдон Ысбакбай, Токсумбай. Султандан Касабек. Сагымбайдан Ормоке. Ормокеден Алышбай, Тынай. Эдилбайдан Асылбек. Асылбектен Шыйкымбай, Сартбай, Сулайман, Ракман, Абдыкерим, Абылкасым.

Манап Жезбийкеден төрөлөт. Жезбийкенин боюна бүткөндө Дөөлөстүн улуу аялы Меңшик ичине курсагын чоңойтумуш болуп кийиз тартынын жүрөт. Жезбийке тууганда мен туудум деп той кылат.

Манаптын улуу аялы тууй албай өлүп баратканда

курсагын жарып алган баланын атын Жарбак коюшат. Аны Манаптын кийинки аялы багып, эмчегин эмизгенде сүт түйүлүп боюна бүтүп тууганда атын Сүтөй коет. Жарбактан Жарбак уругу тарайт.

Сүтөйдөн Сарысейит, Тугур. Сарысейиттен Үчүкө, Түлкү, Кудаян. Үчүкөдөн Мааматкулу, Дөөлөткул, Бердигул. Мааматкулдан Темир, Болот, Андагул, Көккөз. Темирден Черикчи, Назар, Кулуке, Богачы, Бука, Торпок. Черикчиден Борколдой, Жаныбек, Абайылда, Жамангара, Мама, Караменде, Бекожо, Адылбек, Дайырбек, Карабай, Манапбай, Кенжетай. Шербото, Нарбото, Ыбыке, Кыдык, Төрөкелди, Шадыкан, Беки, Коондук, Капсалак, Асыл, Басыл, Шеринбек. Болоттон Дайырбек, Айдаке, Татты, Кетен, Сураке. Булардан Бешкүрөк деген урук тараган.

Болот бий карып калган кезинде тенттуштарынан бирөө:

— Болот, балдарыңдан камчы саптык бирөө да жок өңдөнөт. Чүй бетинде Санчы-тынчы деген бар экен, ошону алып келип бир сындатып көрсөнчү дептир. Ансыз да: "Кумга сийген экенмин"- деп капаланып жүргөн Болот ат тондотуп киши жиберип Санчы-сынчыны алдырат. Санчы-сынчы Болоттун балдарын көрүп:

— Балдарың өз чарбасы менен алек болгон көкө катык чыгып калды. Эл менен иши болбойт. Эми сен аял ал - дейт.

— Э, эми ушул токсонго келгенде мага кайсы кыз тийсин—деп Болот көңүлсүнбөдү. Ага Санчы- сынчы болбоду:

— Кыз тийбесе да, тийүүчүсү табылар. Сен, Болот бий,

элинди көчүр. Мен сындап өткөрүп бөрүнү алып берейин.

Ошентип, Болот элин бир жол аркылуу көчүрүп, өзү Санчы-сынчы менен жол боюндагы дөңдө олтурду. Эл артып-жетелеп өтө берди. Акыры көчтүн аягы басылды. Санчы-сынчы: "Эч ким чыкпай калды го"-деп турганда укуругуи сүйрөп бир жигит келатат.

— Э-х- Эй! Бери бастыр.

Болот бийдин үнү чыкканда жигит алардын жанына келип аттан түшө калып кол куушурду.

—Ассалоомуалейкум!

—Аллейкимагуссалам — деди Санчы-сынчы—артта көчмөч көрүнбөйбү?

— Көч жок. Бир кулун тели болуп мен ошого каралап артта калдым эле. Чолок кара уйунан жүгү оош калган кемпирге кезигип, жүгүн ондоп артышып келатканым ушул. Андан башка эч ким жок.

Аңгыча жалгыз үкөн жөө жетелеген кемпир да келип калды. Санчы-сынчы обдула түштү:

— Мына ушуну аласың.

Болот ал аялды алды. Өзү даркылдап сүйлөгөндүктөн атын Таалаке катын таркылдак дечү болду. Чынында эле боюна бүтүп, бирок той өткөзүлбөдү. Бир жолу чалды-куйду ал замандын жоо чабышы болуп эл үркту. Таалаке бешиктеги баласын өңөрүп келатканда Алтын байбиче күнүлөп:

— Өлүгүңдү көрөйүн, сенин сасыган балаң эмес, Алтын баштуу адамдын жан алакети болуп жатат. Аны таштап мал

айда--деди. Таалаке бешикти өңөргөн боюнча малды айдай берди. Бирок-- Алтын ого бетер туталанып жигиттерге жулдуртуп журтка таштаттырат. Үркүп келип конгон жерде эртеси Болот Далакенин кайгылуу түрүн көрүп:

-- Бала кайда--деди. Иштин жайын түшүндүрүү менен Темирди жиберсе ал барып таап келет.

Мунум оңой бала болбойт. Аман-эсен калган кулум, Эсенгулум - деп Болот эркелетет. Эсенгулдан кийин Кожомшүгүр төрөлүп, анын тукумдары Салыбек уулу аталат.

Эсенгулдун алты ылы аялынан жыйырма бала. Асанбай, Үсөнбай, Найман, Ныязбек, Кубат, Куттусейит, Абдыраман, Карасарт, Шоорук, Базаркул, Назар, Айтбай, Керим, Жапар, Сатын, Кудаяр, Сукан, Жайчы Бекболот, Шамурат. Эсенгул- баатыр чыгып Казык моюн аталган. Жыйырманын ичинен Ныязбегинин тукумдары көп. Ныязбектен Ажы, Субан, Кожобек, Ормон, Шатен, Рыскулбек, Бердикожо, Бердибек. Андагул. Көккөздөн кырк уруу деген урук тарайт.

Түлкүнүн биринчи аялы кайынэнеси Деркен менен өч болуп, Түлкү Деркендин айтуусу боюнча аялын минген аты, жетелеген төөсү менен Тынай деген баласын алып калып көч үстүндө кое берген. Ошондон кийин кыз жактырбай үч жыл чамасында бойдок жүргөндөн кийин Какшаалдагы нойгуттардын Баатыр кыз Жаңыл Мырзаны алуу үчүн барып, жылкысын тийип келип, Какшаалдын тоосунун арасында Жаңылдын жаасынын огунан өлүшөт. Үчүкө менен Түлкү антип өлгөндөн кийин Кудаян хан болуп элди Ысар Көлөпкө

көчүрөм деп кыргызга кабылтат.

Тынайдан Атаке, Сатыбалды, Сокур. Атакеден Карабек, Таштанбек, Жанкийиш, Солтоной, Солтонкелди.

Атакенин тушунда,
Атка каттык ууунда.
Таштанбектин тушунда,
Талтай каттык ушунда— деген ыр эл оозунда сакталып калган.

Карабектен Жантай, Телтай, Молтой, Маркозу, Бургудан Эшим, Олжотой. Эшим тукумунан аргай де жер аздан. Олжотойдон Чончарык деген урук тарайт. Дөөлөстүн төрт уулунун бири, Токонун уялашы Жантайдан Сары. Сарыдан Бөрүчөк. Бөрүчөктөн Атабай, Акуке, Илеке, Күзеке, Токтоку, (Мендеке)

Атабайдан Кубат, Белек, Акчабуу, Мендеке, Талтокум. Кубаттан Койсойбос. Белектен Ысмайыл, Алдаяр, Эркесары. Акукеден Акукелер. Илекеден Алымсейит. Алымсейиттен Аккозу, Асан. Аккозудан Улумжу, Ырай. Асандан Эш, Турсун, Кудайназар. Күзөкөдөн Акий, Калматай, Эшиге, досон. Жантайдын ичинде калмаакы деген урук бар. Алар Итигул жана бешкалмаакы болуп бөлүнүшөт.

Сары калмактар чабуулдан үркүп качкан жерде түрүлгөн эшиктүү үйдүн ичинен бир бала таап алып атын Ажыгул коет да андан Итигул. Итигулдан Байбото, Шербото, Акжол.

Жантайдын тукумдарына бир кезде беш калмак бала "Жантийбиз"—деп келишет. Аларды Жантайлар: "Жантийдин

"Жантайдын бир баласы калмакка кеткен экен. Булар оңонун балдарынан турбайбы" - дешип элпек тозуп, үйлөнтүп жайлантышат. Алардан тарагандар Бешкалмаакы.

Элчибектен балдары бүт таз болгондуктан аз урук беш таздар делип аталуучу.

ЖЕДИГЕР

Тагайдын бир баласы Койлондон Жедигер. Ал дайыма кооз кийинип жүргөндүктөн "Койлондон кооз Жедигер"деген сөз калган. Жедигерден Орус. Орустан кийин Асан, Үсөн деген эгиз бала төрөлөт. Жедигердин эң кичүүсү Мөңкөтөй болуп төртөө.

Орустан төрт уул: Атабек, Чамбыл, Кенчимаалы, Майчы. Асандан Мамбет. Аны дене түзүлүшүнө байланыштуу аны чоң Мамбет дешчү экен. Ал Арстанбабада турганда Калмактардын Бака- Манчы, Коң-Таажы деген эки ханлыгынын Коң-Таажысы менен карыш турушуп кэп салгылаштар болот. Коң-Таажы куулануп туруп Мамбетти "жеңүүнү ойлойт да: "Биз тынчтыкта туралы"---деп киши жиберип Чоң Мамбеттин күчүн каларсыз жаткында талкаламак болот, бирок- Мамбет: "Биртууган жерибизди бошотушсун. Эгерде ага макул болбосо, бул жерде же алар же биз турабыз"-- деп жооп берет. Коң-Таажы Мамбеттин кескин сөзүнөн чочулап акырындык менен анын күчүн байкамак болот. Өлчөмдүү жерден бута атышып, тамаша уюштурат. Адегенде Мамбет чыгып катарынан коюлган беш кетменди жаа менен теше атат. Андан кийин Коң-Таажы чыгып жети кетменди теше

атат. Эки кетмен күчү ашык экендигин сөзгежде Коң-Таажы "Мен мындан күчтүү экемин. Буга жалынып жүрбөй эле өлтүрүп коюш керек экен да"-- деп ойлойт, бирок-- Мамбеттин иниси Таазгара Тогуз кетменди теше атат. Ошондо Коң-Таажы "Жалгыз Мамбет болсо жалпайтат элем, жабалактан өй эли бар турбайбы"-- деп бармагын тиштептир. Кыргыздар анын ичинде жедигерлер калпактардын баскычы ханы Коң-Таажыдан эң бай, эң сонун жер Арстанбабды бошотот.

Мамбет өз элин абдан сүйүп жоодон сактаган. Ал өз балдарын эң жакшы көрүүчү. Мамбетке тиешелүү бир терс мүнөз бар эле. Ал эс кире элек балдарынын ою менен болуп, өзү базарга жөнөрдө балдарынан бирөө:

-- Ата, бизди ойноочу сарт ала келиңиз"--десе, Мамбет айтуучу:

-- Базарга барганда эсиме салып койгула. Балдарымдын сөзүн уктунарбы? Ошентип, ал Анжияндын же Намангандын базарларына жүрүп кетүүчү. Базардан кайтып келатканда биринчи кезиккен сартты далдан эңип жигиттери аны Мамбеттин балдарына алып келүүчү. Сарттарды үй-бүлөсүнөн ажыратып, көпчүлүк убактарда мойнуна аркан салып койдой жетелеп келишчү да, аны Мамбеттин балдарына эрмектөөгө беришчү. Дөйөмө алып келе берген сарттардын тукумунан Арстанбаптын жанында кийин Чарлак деген кыштак түзүлгөн.

Асандан Тазкара жана Аккозу деген да Мамбеттен бөлөк эки уулу болгон. Мөңкөтөйдөн Кулболду, Карадөң, Кулжабаш,

Кулжыгач. Жедигер Тагайдын бөлөк уруулары-на карагында аз жана жогоруда айтылып келгенден майда уул, аталарга бөлүнбейт. Жедигерлердин аз болуп калышы жөнүндө төмөндөгүдөй кыскача легенда айтылат.

Тагай балдарына энчи бөлүп бererде ар бири өз тамгаларын жылкыга кандай саларын ойлонуп келүүсүн айтат. Балдарынын үчөө үч жылкыга тамга басын жетелеп келет. Сарыбагыш жылкынын жаагына, Богорстон Санына, Койлон мандайына басыптыр. Ошондо Тагай: " Сарыбагыш менен Богорстондун тукуму жайык, кең жерде малы көбөйүп, өздөрү да кең болот экен. Ал эми Койлонумдан тараган эл кысыкы жерлерде ас санда болуп малга кедей келет экен"— дептир.

Б А Г Ы Ш

Анжиандагы Эреше ханга Тагай барып ак үйлүүгө үч жылы жүргөн. Ал бойдок баргандыктан өтө жүдөп кетет. Кийимин жуун берген эч ким жок болот. Күндөрдүн биринде Тагай бити-ни карап олтурганда үстүнөн Эреше хан чыгат. Тагай:

— Таксыр, убагым бүттү, мен элге кайтсам экен. Өзүм да көрүп олтурганыңыздай жүдөп кеттим— дейт. Эреше хан унчукпай кыздардын ичинен Назы деген кызды Тагайга алып берип, Тагай кайтканча аялы болуп, анын үстү-башына көз салуусун тапшырат. Жүрө-жүрө бокна бүтөт. Тагайды Тагайды элине кетирерде Назыны Эреше хан жибербей коет.

Ошондо Тагай Назыга бир кездик жана жоолук берип:

— Эркек туусаң атын Жанкороз коюп бул кездикти бер. Кыз болсо мына бул жоолукту салып атын өзүң билип кой-деп өзүнө жүрүп кетет.

Назы эркек төрөп атын Жанкороз коет. Ал Эреше хандын сарайында молдо Эректен окуп жүрөт. Кийин ак үйлүүгө кызыл сакал Мышык бий деген барат да Назыны алып, Асылбек, Байысбек деген эки балалуу болот. Бир жолу көчөдөгү балдар менен уруша кетишип, алардан Жанкороз: " Арам кул, кыргыз"— деген сөздү угат. Ал энесине келип: "Мени эмне үчүн кул кыргыз-дешет. Ошону айтып бериңиз, менин атам ким эле жана ал азыр кайда" деп кыйнап сурай берет. Назы уулуна болгон сырды чечет. Көп узабай өзү да өлөт. Мышык Эреше хандын жазасында даргага тартылат. Жетим калган балдарды Эреше хан сарайдагы көп бактысыз кыздардын катарына кошот. Жанкороз эркиндик издеп эки инисин ээрчитип качып чыгат да Тагайды издеп жөнөйт. Астыртан ат таап минишип ойду-кырды кезип жүрүп олтурушат. Бир жерге келсе көп кой жайылып жаткан. Жылаңач тонун этине кийип , ал койлорду сакалы куудай бир абышка кайтарып жүрөт. Жанкороздор ал абышкага келип:

— Бул кимдин койлору - дейт.

— Бул Тагайдын коюу.

— Эмесе пулун берем, бир кой бериңиз, ушул жерде союп бышырып жейбиз. Антпесек курсак ачты:

— Пул дегениң эмне—деди, чыканактайынан баштап койдун артында жүрүп эч нерсе билбеген карангы заманда карангы байкушу. Жанкороз бир нече акчаны абышкага кармата койду да үчөө бир семиз койду көтөрүп уруп сое баштады.

Кандайдыр бир тегерек темирлерди кармата коюп өздөрү билгенин кылып жатканын көргөн Абышка:

— Ууру эле ууру-деп жаман чобурун селпендетип Тагайдын айлын көздөй жөнөду. Балдар карала-торала болуп эт жеп жатканда беш-алты киши чаап келип аларга камчы үйрүп кол салды. Байысбектер аларды өз чылбыры менен өздөрүн байлап коюп жай олтуруп эт жеп тойгондон кийин орундарынан туруп, жигиттердин колун чечип да аттарына минип Тагайга келишти. Барса дөңдө кымыз ичип чатырап олтурушкан. Балдар атынан түшүп алардын жанына келет.

— И, балдар, жол болсун! Кайдан чыгып, кайдан?- дейт Тагай.

Жанкороз жооп берет:

— Биз жоголгон атыбызды издеп жүрөбүз.

— Болду, болду, балам, оозуңарды жапкыла, кымызды ичип болуп Тагай балдарды үйүнө ээрчитип барат.

— Силер кайсы атаңарды издеп жүрөсүңөр. Жанкороз болот кездигин көргөзөт.

— Болду, болду. А бул кайсы балдар?

— Мунун бирөө чором, тигинниси жөн-жай эле селсаяк жолдошум— дейт Жанкороз Назынын үйрөтүүсү менен.

— Анда булар да менин балдарым турбайбы. Бири Карачоро, бири Саяк болсун.

Ошону менен бул үчөө Тагайдыкында жүрүп калат. Ал кезде Адигиненин баласы жок экен. Келген балдарды багып алайын десе үчөө Тагайга качып болбой койгондо, Адигине созуна келген сөз менен урушат. Анда Тагай:

— Урушуп бала кылат белең?— десе Адигине:

— Атаңдын көрү—үү—үү! Балам жоктугун билгиздиң ээ/— деп этегин кағынып үйдөн чыкканда Тагайдын Койлон деген баласы:

— Атаке, таарынба. Сенин балаң менмин—деп этегин кармай чыгат. Койлондон тараган жедигерлердин түштүктө жүрүп калышы ошого байланыштуу экен. Кийинчерээк Карачоро, Саяк, Жанкороз жана Богорстон, Койлон, Кылжыр казактардан олжо тийип келүүгө аттанат. Олжону тийип келгенде бөлүштүрүүдөн чатак чыгып Жанкороз кетип калат. Кийин Тагай аркага кеткенде да Жанкороз түштүктө кала берет. Мына ошол Жанкороздон жазы багыш таратылат.

Жанкороздон Көкүм, Күркү, Бадам, Конок, Жики.

Көкүм бийдин көк күмбөзү Ташкенттеги Шейхантаур деген мазарда болучу дейт. Багыштар кыйынчылыктарда: ! "Көкүм-баба колдо"—деп айтыша турган.

---

1. Жазы багыш— көп багыш деген маанide.
2. Экинчи бир информацияда Самаркандда дешет.

Көкүмдөн Куттусейит, Найман, Караманак. Куттуксейиттен Чике, Аккөйнөк, Көкмоюн, Саландбут, Черик, Чарык, Моңол. Черіктен Кызылболок, Алакуржун, Тустар. Моңолдон Чапантуума, Баймоңол, Тойгус.

Наймандан Элтинди, Узунчекти, Алдаяр, Сапалак. Элтиндиден Каңды, Бешимтаз. Узунчектиден Төмөнчекти. Төмөнчектиден Чычар, Төбөй, Чоткара. Чычардан Сарт, Шаки, Көтөрберди Жанатууган. Чоткарадан Курамакалпак, Чекелдик, Оңдокой, Карасакал, Төлөйкөн. Түкүтай.

Сапалактан Тилеке, Бечел. Тилекеден Битике, Токтомат.

Карамөнөк эңкелдеш,

Канга ылайык ар экен-- деген сөз калган. Карамөнөктү Багыш деп да аташчу. Жанкороздун жалпы эле тукумдарына да Багыш деген ат ошол багыштан калган экен. Карамөнөктөр Наманген жакта турган кезде Көкүмдү чаап алууга казактын Жаныш төрөсү келет, бирок өзү талкаланып калат. Жанышка найза тийип колго түшөт. Ошондо Көкүмдүн балдары: " Жанышты сайган мен"-- деп тамаша башташат:"- Сен бардык адамдарыңды менин алдымдан чубатсаң мени сайган адамды көргөзүп беремин"--деп көкүмгө айтат. Көкүм элди чубатканда Жанышты сайган Карамөнөк болуп чыгат. Буга агаларынын ичи тарып, колдон келген жамандыктарын издей башташат.Бир жолу Намангандын базарына барганда бир сарттыкына аттарын байлап:

Баарын делип аталат да, алар ачатамга жана ачатөгөрөк деген эки бөлүмгө ажыраган. Ачатамга: Каработо, Кожояр, Коноке, Грмекшады; Ачатөгөрөк: анабаарын, балабаарын, Сарыкашка, Күчүк болуп ажырачу.

Бадам, Конок, Жикиден кимдер тараганы белгисиз.

С У У М У Р У Н

Жогоруда айтылган Жанкороз менен бирге келген Карачородон Балта, Түйтө. Балтадан Кайдоол. Түйтөдөн Нурмамбет. Нурмамбеттен Дүйшөн, Олжобай, Тогузак, Түлкүчөк, Тубай, Асан, Беки, Жутабай.

Дүйшөндөн Тагаят, Аташ, Ботош, Кенже. Тагаяттан Назар, Нияз. Назардан Богачы. Богачыдан Жоошбай. Жоошбайдан Өмүрбек. Өмүрбектен Койлубай, Кабыл, Эстебес, Байсакал, Найзабек, Данияр. Аташтан Акимбаев, Байсакалдан, Найзабектен Дыйканы Арык, Качы, Эсенгелди. Ботоштон Баялы, Майчы. Кенжеден Сеңкибай, Бакы. Сеңкибайдан Эшбото, Чокобай, Боромбай. Бакыдан Мамай, Сооронбай. Мамайдан Ниязаалы, Тана. Сооронбайдан Дүйшөнаалы, Төрөбек, Сансызбай.

Аташ менен Ботоштун тукумдары Кара суумурун дешчү.

Олжобайдан Чымчык, Шабек, Жамгырчы болуп булардан тарагандар үч, Олжобай аталышчу.

Тогузактан Акжол Качакбай, Карасакал, Бучук, Жээренбай, Шайыбек. Бучуктан мурат, Жумаш, Сагындык, Акжол, Кечекбай. Шайыбектен Кубагыш, Айтпай, Текеш, Карабай.

Түлкүчөктүн тукумдары аз санда болто ичинде чачыранды болуп калган.

Тубайдан Райымбек, Сүйөркул деген экөө болуп Сүйөркулдан азыр тукум жок. Райымбектен Ити, Саты, Казыбек. Итиден Баймурат, Кожомкул. Баймураттан Ажыгул, Ажыгулдан Чынаалы, Таштанбек. Кожомкулдан Аккозу, Айдарбек, Рыскул.

Аккозудан Андагул, Калча. Айдарбектен Андабек, Чанғыл. Рыскулдан Кулатай, Курткатай. Сатыдан Кутулду. Кутулдудан Сатылган, Төлөгөн, Ботаалы. Ботаалыдан Ашыраалы--артист. Казыбектен Абыш, Бокбасар. Абыштан Кубат, Кудайберди, Манап, Медет, Болот. Кубаттан Койсойбос, Карача. Койсойбостон Ашырбай. Ашырбайдан Дукаш, Сыдык, Ыбраалы, Шаake. Карачадан Жолдубай. Жолдубайдан Осмонкул, Кожомкул, Момун, Шарше. Осмонкулдан Ажыгул, Сүйөркул. Кожогулдан Маат, Рыскул. Момундан Састан, Асан, Медер.

Манаптан Байкиши, Байтөө. Байкишиден Абдыкерим, Шалпык. Абдыкеримден Ысак, Усубаалы, Мыяр, Ысманбек. Маярдан Эшим, Эсенгул. Эшимден Жумагазы, Эрик, Ибарат, Марат. Эсенгулдан Таланбек, Саматбек. Ысманбектен Казакбай, Ысабек. Ысабектен Найзабек.

Кудайбергенден Турдубек, Талканчы, Конурбай, Мойнум Кочкорбай, Болгонбай.

Медеттен Турусбек, Болоттон Кожоналы, Рысаалы.

Бокбасардан Ботой, Токтор, Байгабыл, Байтору. Ботойдон Тойгонбай, Качыке, Чопой.

Тубайдан тараган урукту жетиген дешчү, анткени-Тубайдын энеси Акылай жети хан шаарынан олжого түшүп келиптир. Токтомат деген бир атанын баласы да жетигендердин ичинде жүргөн. Алар Нойгуттардан келген.

Үчүкө, Түлкүнү Жаңыл мырза элтүрүп койгондо Солто, Сарыбагыштар Какшаал деген жерден Жаңылды карман келишет. Жаңыл колго түшкөндөн тартып нойгутту калмактар чаап кыса баштайт. Ошондо нойгуттарды Доолат бий элин

таштап калың, казак жериндеги Аңыракайдагы Конур"Кошойдун Кара-Тоосунда жүргөндө Түнгатар, Жылкыайдар, Токтомат, Калмамат, Токто деген беш баласы менен Курманбектин колуна түшөт. Дуулатка жылкычы кылып коет. Бир жолу Нурмамбеттин баласы Түлкүчөк: "айгыр аттар жарап эле баратат да"— дейи. Анда Урмамбет: "Ошолордун тилин карап көрчү"- дейт. Түлкүчөк алардын тилин караса Дуулат кыл менен байлап, качууга жылкынын этин жеңилдетип жүргөн экен. Түлкүчөк атасынын кой дегенине болбой жылкыга туз берип, кийиктен келем демип болуп төргө барып Дуулатты жаа менен атып таштайт. Өлсө да элин коргоп жоо бетинде өлбөгөн, элден ажырагандан кийин бий сүрү жок өз ара башын эл намысынан артык көргөн Дуулаттын денеси көмүлбөй калып ит-кушка жем болот. Түнгатар менен Жылкыайдар бой тартып үч кичинекей иниси менен жетим- калат. Нурмамбет аларга: "Балдарым, элиңерге кетиңер келеби?-деп сураса: "Эли-жерибизди абдан сагындык"— дешет. Түнгатар менен Жылкайдар: "Булар биздин инилерибиз, сиздин балдарыңыз болуп калды. Анчалык алыс жерге азыр жүрс алышпайт"— деп үч инисин калтырып экөө аттанып-тондонуп жолго чыгышат. Экөө бир суудан кечүү издеп бири жогору, бири төмөн жөнөп бири-биринен адашып калат. Жылкайдар белгисиз. Ал же бытырандыктын айынан баскынчы душмандардан запкы чеккен нойгуттарга жетти бекен, же биртууган элижерин эстеп токтоно албай тилсиз суугa жей болду бекен, ал белгисиз. Түнгатар кайтып келип Солтонун Талкан бөлүмүнүн ичинде жүргөн да, андан бир нече түтүндөр тараган.

Токтону Байсейиттин Жалайыры, Калмакты Тогузак, Жозу кайтаргыч кылып алат. Токтомат Урмамбеттин өз колунда калат. Анын кенже уулу Тубай болгондуктан Нурмамбеттин сөөгү Тубайдыкынан чыгат да Токтомат Тубайдын колунда калат.

Токтоматтан Кочумбай, Жылан, Чолок. Кочумбайдан Козубек, Жумаш, Батке. Козубектен,— Абдыгул, Керимкул. Абдыгулдан Алыбек. Керимкулдан Кенжегул, Эшенгул. Жумаштан Самудун. Баткеден Абдылда, Кулуш, Абдыналы. Абдыналыдан Шаршекеке. Кулуштан Асаке. Абдыналыдан Рыскул. Жыландан Кендирбай, Кенжебай. Кендирбайдан Асаналы. Асаналыдан Жылкыбай. Кенжебайдан Орозалы. Орозалыдан Жапаркул, Ашыркул, Мырзагул. Жапаркулдан Жолдош, Кубат. Ашыркулдан Ажыбек, Колек.

Чолоктон Атансарт, Сартбай. Атансарттан Чоңмурун, Жумабай. Чоңмурундан Бейшембай, Кулмамбет. Бейшембайдан Алманбет, Абылбек. Алмамбеттен Алымбек. Кулмамбеттен Алтынбек, Зоотбек, Сейитбек. Жумабайдан Жекшенбай. Жекшенбайдан Капаш, Саташ, Сулайманкул, Тургунбай. Сартбайдан Байдөөлөт. Байдөөлөттөн Туруса[illegible]лы. Тогузактын колунда калган Калмаматтан Бейбит, Кармыш. Бейбиттен Сейтимбет. Кармыштан Байтерек. Байтеректен Карагул, Өлбөс. Өлбөстөн Ийне, Курманалы. Курманалыдан Борончу.

Жалайырдагы Токтодон Алишер, Бозгунчу, Куттуксейит.

Кетигендин ичинде Дарма деген да урук бар. Ал калмактан олжого түшкөн аялдын боюнда келген Дарма деген

дегенден тараган. ~~дегенден тараган~~. Дармадан Атамбек, Ажыбек, Ажыбай, Турдубай. Атамбектен Конуш, Баястан, Малдыбай. Конуштан Макыпбай. Макыпбайдан Кожомкул. Кожомкулдан Өкү, Ныяз. Баястандан Кожогул. Малдыбайдан Жунушалы, Тентимиш, Дүйшеналы, Бейшеналы. Жумалыдан Омор, Алыкен, Асангул. Алыкенден Солмоорбек, Керез. Тентимиштен Кыдырбек, Таажы, Асан. Ажыбайдан Айбаш, Уйбаш. Айбаштан Сабыралы, Султаналы. Уйбаштан Керезгул Турдубайдан Табышалы, Чандик.

Дарманын Атамбегине кошулуучу Стамбек уулу бар. Стамбек Дарманын иниси б.а. Сатынын уулу Кутулду Дарманын энесин алгандан кийин төрөлгөн. Стамбектен Сарыбашыл, Чыныбек, Кожобек, Тоодак. Сарбашылдан Мүсүке, Аденкул. Аденкулдан Токомбай, Эрмек, Маамат, Жүкүн. Чыныбектен Шыгай. Шыгайдан Бозгунбай, Жийдебай. Кожобектен Абдыкерим, Эгинбай. Абдыкеримден Сатыбай, Саткын. Эгинбайдан болот, Канатбек. Жунуш. Тоодактан Андабек, Чанғыл. Андабектен Сейденаалы. Чанғылдан Казак, Эсенаалы, Алтын. Эсенаалыдан Бекиш азыр кырк чамалаш жаштагы адам.

Стамбекке бир калмак бала келген. Андан Төлө. Төлөдөн Ысмайыл. Ысмайылдан Калмаке. Салмекеден үч чоң бала бар. Асандан Жаманбай, Сасыккара, Оторбай, Бекиден Акымбек, Дейди. Асан, Бекинин тукумдары өтө аз.

Жутабайдан Чымчык, Шабек. Чымчыктан Толубай, Барман, Кадыр, Баглан. Толубайдан өтөгөн, Жайыл. Ошондон Төлө. Бармандан Бейшебай, Сарыбай, Чүкөбаш, Аким. Кадырдан Айдыралы, Кыдыраалы, Сулайман. Багландан Эштай, Керим, Жылкыбай. Шабектен Батчөнөк, Качыке.

С А Я К Т А Р

Жанкороз Карачоро менен келген Саяктан Өйдөчекти, Кайдуулат, Каба. Өйдөчектиден Байболот, Асаке, Күрөң, Ибрайым, Кожосан. Кайдуулаттан Каратай, Дөөлөт, Ырайым, Бешташ, Култай.

Кайдуулат менен Кабанын энеси күнү болгон. Каба төрөлгөндө Кайдуулаттын энеси: "Талаадан бала таптым"— деп күнүсүнүн төрөгөнүн билгизбей коет. Каба кайыптан бүттү деген уламыш ошондон калат.

Кабадан Түнкатар, Түнтөй, Кутунай, Шыкмаамат, Алакөз, Асад, Дуулат. Түнкатардан Нарбото, Атакан, Садыр, Өмүрбек, Түмөнбай. Качканак, Бийкет. Качканактан Асан, Арзымат, Көкүмбай, Черикти, Сатыке, Түмөнбайдан Майрыке. Майрыкеден Назар, Арык, Кудуш, Бегет. Түнтөйдөн Актери, Боэтери, Урат. Актеридеи Шамыке, Черик. Боэтеридеи Казак, Досой, Элтинди. Казактан Жулжуган, Жулжугандан Дербиш. Дербиштен Назарбек, Алдаярбек, Дайырбек, Акылбек. Кузундан Карагай, Жагыш, Мусулман, Ырай. Элтиндиден Учай, Бетей, Жаныбек, Сарбан. Үчөйдөн тукум жок. Бетейден Жалпыетек. Жалпыетектен Жаманбай. Жаныбектен Каракучкан, Батыгур. Сарбандан Кудайменде.

Кутунайдан Алматай, Ажым, Саркашка, Сарысейит.

Шыкмаматтан Кудаш. Кудаштан Курткамерген, Бектемиш, Алдаяр, Кожояр. Курткамергендеи Бокотой, Барак, Акылбек,

Аңылдак. Бектемиштен Шайыбек. Шайыбектен Кудаяр, Кожош, Куртка. Кудаярдан Жайыл, Кудайменде, Назар, Чулум. Куртkадан Чороке. Алдаярдан Кулча. Кожоярдан Асказак, Эсенбай, Эсентүгөл, Ырыстай. Алакөздөн Карагул, Чоока, Кошум, Байтөбөт. Абад, Дуулаттын тукумдары Алай жакка, Актери-Тогуз-Торого кеткен.

Саяктарда Белекбай деген урук да бар. Ал Кудаштын асырап алган уулунан тараган.

Бир жолу Кудаштын үйүр жылкысы жоголуп, Ат-Башыдагы чериктерден издеп барат. Түштө үйүндө бир бала от жагып, суу куюп жүрөт. Кудаш бастырып барып:

— Балам, сен кимдин баласысың? - дейт.

— Мен ата жөнүмдү билбеймин- дейт. Баланын оң далысындагы калды байкап алып Кудаш чериктерге түшүп:

— Бул менин балам— деп мурда көрүп алган белгисин айтат. Бала чынында эле тентип келиптир. Чериктер берүүгө макул болушат, бирок- өздөрү уурдап келген сары айгырдын үйрүн таштап кетүүсүн сурашат. Кудаш балага гана бир ат мингизип калганын таштайт. Аны асырап, атын Белекбай коет. Белекбайдан Токтогул, Калматай, Белек. Токтогулдан Атыкүчү, Чалай. Атыкүчүдөн Чиркей. Калматайдан Беке, Шана, Досой, Кожик, Эшбала. Бахшан.

Саяктардын экинчи белүмү Чакыр саяктар. Уламыштык чыгышы боюнча алардын таралышы төмөндөгүдөй.

Тагайга Жанкороздор келгенден кийин анын өз балдары менен биригип казактарды чабат. Мына ошол чабында

өзү сары, көзү чекир, аты Шакир бир бала Саяктын колуна түшөт. Экинчи бир айтууда Өйдөчектинин баласы Байболот казак жеринде жортуулдан жүрүп оңол балага кезигет.

— Сен кайдан жүргөн баласың?

— Атам-энем жок, тентип жүрөм.

— Эмесе мага бала болосуңбу?

— Болом.

Байболот атына учкаштырып жүрүп кетет. Жолдо бараткан Шакирдин койнунан Байболоттун жонуна томпойгон нерсе урунат.

— Ой койнундагы эмне?

— Ашмек.

— И, молдо турбайсыңбы. Сен таржыма алынды айта жүрчү.

— Менин атам Мумсут деген Татар эшен. Биз Баракан кандын жеринде элек. Баракан бир зоодон дайыма шумкардын балапанын ала турган.

Эмнегедир бир жолкусун атам көрүнбөй барып алып коет. Хан балапандардын жогун көрүп: "Ким уурдаган болсо башын аламын"- деп каары-жаалын төгүп изүүлдөй баштаганда атам: "Өзүм өлсөм өлөйүн, тукумдарым аман болсун. Чыгыш тарапта кыргыз - казак деген меймандос эл бар"деп Жусуп, Ибрайым аттуу эки агам үчөөбүздү ушул жакка жашыруун качырган.

Шакир үйлөнүп Куртка, Түгөл деген эки балалуу болот.

Курткадан Кудайберди, Ыман, Аккабак. Кудайбергенден Кулжыган![1] Чоро, Тагай.

Үчкуртка саяктардан Атантай, Тайлак деген эки бир тууган баатыр чыккан экен. Нарын тарапта турганда аны кытайдын Ноотайынын кырк жигити көп кол менен келип басып калат. Тайлак качып чыга берип бат эле кыргыздан көп кол жыйнап барат. Тууну сайып коюшкан. Тайлактын алты жашар баласын өлтүрүшкөн. Аңгыча кыргыздар чабуул коюп эки гана адамы жашыруун жол, таптаал кырды ат жетелеп жөө ашып кутулат. Калгандары катын-баланы кандай кырса, өздөру да ошондой кырылат. Тайлак колду дагы толуктап, чындап Ноотай жайланышкан жерди басып калат. Ноотай өтө бекем үйгө жашынат. Тайлак үйдүн асастынан казып кирүүгө буйрат. Жигиттери кирсе Ноотай айланасына курчай жарылгыч дары төгүп, өзү сонун келдөлөңдөрдүн үстүндө канжа чегип олтурган экен. Үйгө киргендер аны кармаарында канжасын дарыга тийгизип үйдүн чамгарагын асманга чыгарыптыр.

Атантай, Тайлактар малга зыяндуу деп карышкырларды кыруунун да аракеттерин кылган экен.

Түгөлдөн Курманкожо, Кыстарбек, Курманкожодон Маңгыт, Байталчы, Котон, Сарык. Катаган. Сарыктан Көкмөө. Маңгыттан Кудайменде, Мойнок, Күнтууду, Казыгул, Сүйөркул, Эширкелейт, Күнтуудудан Каракчы, Сокучу, Каракучкан, Ахыбай, Жакыбай,

---

1. Кулжыгач-- см. 139 стр.

Кургак. Жакшылыкдан Эдил, Келдибек, Шербек, Кургактан Сакаш Чүкө, Ниязбек. Кыстарбектен Осмон.

см. 138 стр. поместить на место знаком 0 0 поместить 0 0 см . . . .

Кулжыгачтын эки аялы болгон. Улуу байбичеси Күрүч бектен Караболот, Шаболот, Коюке, Жолуке. Кичи аялы Супкана дегенде Сүтемерди төрөдү. Бир жыл айланып экинчи Итемерди төрөгөн. Итемер жана Сүтемер аталышына мындай себеп болду: байбичеси Күрүчбек ойлонду: "Бул токол күң катындын эки баласын мен балдарыма үйдө төрөлгөн арзан кул кылып беришим керек. Эгерде мен бул күңдү тим койсом дагы чубуртуп төрөп салып мага чоңдук көрсөтүшү мүмкүн.

Күндөрдүн биринде арзанды кымбат сатып, кымбатты арзан саткан көп кербенчи өтүп калды. Кулжыгач үйдө жок эле. Күрүчбек үйдөн чыкты да кербен башыны токтотуп алды:

— Мен сага күң сатамын. Наныңды ширин, көмүрүңдү алтын кыла турган күң.

– Кийин доо келүүчү күң болуп жүрбөсүн?

— Жо-жок. Доо келүүчү күндү сатып мен акмак белем.

— Андай болсо баасын билели.

— Мага Кандырчынын кара айгырын бер – деп Кандырчы деген саяпкердин ошол кербенде жүргөн күлүктү сурап, Күрүчбек мостоюп туруп калды.

— Об – бо – ой! Ал айгырдын өз гана башы тогуздаган

мал. турат. Болбойт, болбойт...- деди кербен башы колубашын чайкап.

-- Анда мейли. Бир таар күрүч бер. Биздин элде күрүч жок. Бир таар туз бер. Отун жарчу кара балтадан бирди беремин.

Соодагер: "Сиздин кадырыңыз үчүн"-- деп жатып келишкенден кийин Күрүчбек айгай салды:

-- Супкуна, э, Супкуна! Бери чык!

Бир нерседен шекшигендей диртилдеп токол чыга келди. Жигиттер күчкө салып алып кетти.

-- Балам, Балдарым! Кагылайындар - деген зардуу үндөр улам алыстан барып угулбай калды. Күрүчбек болсо көңүлү магдырап жылмайды да үйгө басты. Эки бала төөнүн комуна оролуп иреңеде жатат.

Улуу баласын келиндер сүт берип бакты.

Ошондон Сүтемер ат калды.

Күндөрдүн бир күнүндө Кулжыгач дөңдө отурса ээн калган боз үйдүн эшигинен бир караан шып этип кирип кетти. Дөңдөн тез түшүп үйгө кирсе кичи баласынын ууртунан сүт агып жатат. Дароо тышка чыкса желини салаңдаган кер тайган боор таяныш кетип бараткан экен.Баланын аты Итемер болду.

Куртканын үч баласынан тараган уруктар жонунан Учкуртка деп аталган.

А Д И Г И Н Е

Тағай кеткенде Адигине Алайда кала берген.

Чымыны жок кең Алай,
Адигине ээледи.
Тагай ага тарынып,
Арка жакка көнөдү--

деген ыр калган.

Адигенеден Бөрү, Беки, Баргы, Сырттан. Бөрүдөн Кудайкул, Дөөлөткул, Татар, Казак Таранчы, Каражылкы, Тээш. Кудайкулдан Атаке, Кожоке, Алыке, Бабаке, Буйлаке, Байыш. Атакеден Сараба, Куртка, Кулчу, Баккара, Чап, Акчубак. Чоттон Ми Окшотмо, Каргулук, Адий, Каракучкач. Каракучкачтан Бөжөк, Балаке, Жаман. Бөжөктөн Кудайкул, Ыйман, Ырай. Кудайкулдан Абышка, Баястан, Жангара, Байбото. Абышкадан Акбото, Өмөр, Омон, Мамайусуп, Ысман, Курбан. Акботодон Жансейит, Алим, Байсейит, Жайчыбек, Ташбай, Маамыт, Кожогул. Маамыттан Акмат, Байкулу, Кулмат, Эрке, Төрө, Дүйшө.

Бекиден Карабагыш. Карабагыштан Назаркул, Баштык, Досмат, Жаныбек, Жанай, Мырзаке, Ашымкул, Чаарбаш, Шайбек, Козу, Олжобай, Жообасар., Шүкүр, Калматай, Төлөк. Түштүктөгү карабагыштардын ичиндеги арык деген урук Ысык-Көл тараптан Эр Табылдынын түшунда келген дешет. Таабалды Чалкалмак менен урушуп, аны өз жерине жолотпой сүрүп жүргөндө, Таабалдынын агасы Кудайназар элди азыркы өзгөн району тарапка көчүрүп кеткен. Карабагыштар өздөрүнүн уруусу адам санын көбөйтүү максатында арык укумулар

Ысык-Көлгө кетип калбасын деп арыктан табылган баладан тараган деген имишти чыгарып айтып жүрүшкөн. Карабагыштардын Калматайы баатыр деген сөздү үгүп жар тандап жүргөн Жаңыл атайын издеп келет. Анда калмактан:

-- Агам Төлөк турганда андан мурда аял алганды мага ким коюптур-- деп агасына алып берет. Кырк күнү оюн, кырк күнү тоюн жасатат. Төшөк салынганда Төлөк жаздыкты аттап барып жатат. Жаңыл-- кыз ошо замат аттанып элин көздөй зымырайт. Кеткенин түюп калган Калматай артынан куып барса Жаңыл кайрылып туруп:

-- Баатыр сөзүнөн кайтпайт, жолборс изинен кайтпайт. Мен атайын сен үчүн келсем сен кык жаздык агана алып берем дейсиң. Ак көңүлдү караткан өзүңдөн тап, баатыр. Кайт эми. Кайтпасаң бөөдө зыянга учурарсың--деп жүрүп кеткенде Калматай чекесин бир чаап катуу өкүнгөн экен. Калматай калмактар басып киргенде кармашта жүрүп өлөт.

Баргыдан Кудайбергенди, Кудайбергенден Апалтай, Маңгылтай, Бөкөй. Апалтайдан Сарыбаргы. Сарыбаргыдан Торойчу, Токтош, Жаанбай, Маңсыр. Маңгылтайдан Эсмат, Калкамат. Эсматтан Шалтак, Шалпак, Карманчы. Каманчы кожо көрсө сабап, калмак көрсө талаган тентек чыгат. Ал бир жолу калмактын жаны Аюукени чаап келүүгө камынып жатканда Шалтак чакырып алып:

-- Кой бала. Мал керек болсо менин малымдан пайдалана бер. Он Аюукени чабам дегениң менен жазыгы жок

көп элдин каны төгүлөт. Менде тукум жок. Сенден башка кимим бар десе болбой барып Аюукени чаап анын кызын олжолоп келип:

— Балким ушундан тукум көргүң бардыр- деп Шалтакка алып берет. Каманчынын эки кашка тиши түн ичинде да жаркырап туруучу экен. Ал качырып сала берген камандын башын жара чаап Каманчы атка конот. Жортуулун койбой жүрүп калмактын бир баатыры менен беттешет. Каршысын өлтүрөт, бирок акырегинен найза тийип далысынан чыга түшөт да ырбап олтуруп ошондон өлөт. Молдобаш деген жетими ат жалын тартып мингени колуна найза тутуп эл четинде, жоо бетинде болот. Анын атасынан адамгерчиликтүү жери бирөөнүн элине, бирөөнүн жерине чаң салып, кан төгүп өзү кол салуучу эмес. Бир жолу согуш менен калмактарды өз жерине кубалай сүрүп бараты өлөт. Аялынын боюнда калып, Алымбек деген уул төрөлөт. Шалтактын калмак аялынан Желдең, Калматай. Желденден Жамантай, Токолой, Орусмырза, Сарыбекмырза, Уркөбек. Жамантайдан Бото, Төлөк. Көкөтөйдөн Чарык, Мамалда. Орус мырзадан Меңсейит, Мамбет. Меңсейиттен Сүйүндүк. Сүйүндүктөн Башкур. Башкурдан Намазбей, Кулуке, Кутан, Калча. Намазбектен Чот, Алымбек. Чоттон Маамады, Мааткерим, Акынбек, Үсөнбек, Мамбеткул, Мамажакып, Эгемберди. Маамадыдан Курбанбек. Курбанбектен Ибирайым, Сулайманкул, Токтораалы. Ибирайимден Сейитбек, Жумабай. Мааткеримден Акмат, Көккөз, Акматтан Маматаалы, Тагай. Маматаалыдан Тобокел, Жумаш. Тагайдан Ысмайыл. Көккөздөн

Жолой, Карыбек. Жолойдон Аттокур, Жакынбай, Төленбай. Акынбектен Абдырасул, Гүлжигит, Токторбай, Ташмат. Абдырасулдан Зулу, Маат. Зулудан Түрікбай, Бекболот. Мааттан Чырмаш. Гүлжигиттен тукум жок. Токторбайдан Жоробек, Мааткадыр. Жоробектен Апан. Мааткадырдан Бийзамидин, Байзылда, Абдыкалыл, Абдылда. Ташмааттан Темирбай. Темирбайдан Кошмаат, Асанбай, Каратай, Абдырахман. Үсөнбекен Токо. Токодон Пирмат, Шермат. Пирматтан Артык, Пиримберди. Артыктан Шамшы. Шерматтан Ссмон азыр отуз жашта. Мамбеткулдан Сулайман, Төрөбек, Маамыт, Матаалы, Жантөрө, Чуку, Максут, Шайы. Сулаймандан Казмат. Казматтан Мамататазым, Кызылаяк. Төрөбектен Мааткасым, Дүйшөбай; Мааткасымдан Түлөн, Алтымыш. Маамыттан Адан, Акыш. Матаалыдан Жолдошбай, Шырдак. Жолдошбайдан Адылбек, Сейдаалы. Шырдактан Камал, Жантөрөдөн Зунду, Шарабиддин. Зундудан Миндибай он беш жашта. Чукудан Манап. Манаптан Апаз. Баатырбек, Муса. Максуттөн Төтөп, Арстан. Төтөптөн Жумаалы. Арстандан Эргеш. Шайдан Таштаболот. Таштаболоттон Кежир. Мамажакыптан Турганбай, Токтоосун, Маамат. Турганбайдан Ысмайыл, Чегитай. Ысмайылдан Ашыраалы. Токтоосундан Сапыраалы. Эгембердиден Калыбек. Калыбектен Эрмаат, Шермаат, Беки. Бекиден Ысмадыяр. Алымбектен Солтонбек, Султанбек. Көкөдөн Назарбек. Кулукеден Мама, Садык. Кутандан Калмырза. Калчадан Керимкул. Мамбеттен Мамбет уулдары. Сарыбектен Чүрүм, Бообек, Култай, Момбай, Талканбай. Уркөбектен

Алтыбай, Шаамырза, Жолдош. Эсматтан тараган тукумдар Таз Баргы делүүчү, анткени— Эсматтын башы таз экен.

Бөкөйдөн Токо, Сабай, Олжоке, Көкчө, Буужук, Тилек. Бөкөйдүн сарт айылнан Сатыке, сансыз. Токедеи Алдар, Кучкан. Алдардан Кыпайза, Сарыке, Кучкачтан Дөбөт, Жоруп, Белек. Сабайдан Калча, Атабек, Кошкулак, Маркаш, Мендикул, Бакалдан Кожояр, Келдике, Каракүчүк, Чал. Сатыбектен Кара-баргы. Сансыдан Ардай, Мөнөк. Сарттардан Кызылбай, Оштук, Конурбай, Туумачар, Төбөй, Катаган, Сарттар ак-тойдо аксакал катары сыйлануучу, анткени- ал Адигинеиин сарт аялынан экен, Адигине аны жакшы көрүп: "көңүлүи калтырбагыла-деп керезин айтып кетиптир.

Адигинеиин ичиндеги Жору уругунун таралышы жана келип чыгышы уламыштарда төмөндөгүдөй баяндалат.

Кашкардагы Эреше хан Адигинени орго салып коет. Бир жылдан кийин иниси Тагай барат. Шаарга кечинде жетип дарбаза бекип калып, буура көкүл тору айгырдан түшүп кыштын кырчылдаган токсонунда сыртка конот. Дарбазаны таң алды менен Тагайды ханга алпарат. Эмне үчүи келгенин сураганда агасы үчүн келгенин айтат.

— Анда шаарда жата тур. Биз мергенден көңүл ачып кайра келгенде сүйлөшөбүз деген хандын сөзүн тозо сүйлөйт сүйлөйт:

— Мени дагы ээрчитип алгыла, таксыр. Бирок ушул бала

куу өнөнөт дешип калтырып салышат. Хан үч күнү талаада тамаша кылып кайтса, бакчасынын үстүнде муруттуу жору айланып турат.

— Эй, бала! — дейт Тагайга— Сен мергенге чыгууну суранган элең. Андай кыйын болсоң өнөрүңдү көрсөтчү— хан колун жоруну көздөй жаңсап койду. Бир жигит жаа суна калды эле, Тагай башын чайкады:

— Жок, мен агамдын гана кара кундак[1] жаасы менен атамын. Тагайдын колуна каалаганы тийип көздөрүнөн от жанды:

— Кана, каалаган чекитиңизди буйрунуз.

— Ээгинен тийип, эки көзүнүн ортосунан жарып чыксын. Көп узабай эле далдайган жөндөмсүз куш хандын алдына жатты.

— Тиле кысталак!

— Агамды бошотуп бериңиз.

— Шаар тиле кысталак!

— Шаарды багым болсо аламын.

Жору жаманчылыктын кабарчысы делип эсептелгендигинен-аны жок кылган Тагайга хан агасын бошотуп, бир кул тартуулап берди. Үчөө шаарды таштап жөнөп кетти. Тартууга келген жигиттин аты Жору болуп калды. Ал үйлөнүп, Адигине менен жүрүп калды. Ай тамга Жорудан, Ача тамга.

---

1. Кундактуу жаалар болгон.

Ачатамгадан: Элчибек, Жайчы, Жакып, Көрөк, Барак, Ийрек, Бешабышка, Эсеке, Кадыраалы. Айтамгадан: Мырзакул, Күнчубак, Каракунас, Калмакы, Чоголойчу, Калдыркырчак, Кожо. Тасма. Тасмадан Мышык, Тыныбек, Алакулак, Эшболот, Каракүчүк, Жанболот, Каратасма.

Жалал-Абад тараптагы Тотуя-Дөбө /Чөкө-Дөбө/ деген жерде Шырдакбек атуу хан турган. Ал жайсан деген калмак ханынын боз жоргосуна кызыгып калат да тындыгы байкалып жүргөн Тасманы уурдап келүүгө жөнөйт.

-- Туура үч жыл болгондо, бээ байлаган мезгилде мени Ана-Кызыл жонунан тозуп алгыла--деп жөнөп кетет. Болжогон мезгилинде боз жоргого бир бала мингизип кайтат.

Жабылып турган конокоматчы ырчылар боз жоргону мактап ырдап калат:

Кулагында сыргасы,
Көзүндөгү сурмасы.
Кайсы бектин жоргосу,
Хан Шырдактын жоргосу
Үртүк салса жарашкан,
Үйүлүп элдер карашкан
Кимдин-кимдин жоргосу?
Шырдакбектин жоргосу.
Жабдык салса жарашкан,

Жабылып элдер карашкан.
Жардай жорго кимдики?
Шырдакбектин боз жорго.
Кашка тиши кадоодой,
Кара тили бүлөөдөй,
Семиргени сүмбөдөй,
Секиргени бүргөдөй.
Жаныбар эй боз жорго.

— Бул бала кайдан жүрөт--деп сурашса:

— Боз жоргону жетелеп жүрүп келаттым. Бир мелтиреген теңиз /тегиз/ жерге келгенде алыста жаткан бир нерсени көрүп келсем ушул бала экен. Эси ооп жатат. Оозуна суу тамызып тамактандырдым.

— Сен кандайча мында жатып калдың десем, бешиктеги кезинде элин жоо чаап олжого келген экен. Эсинен кордугуна чыдабай качып чыгып, карды ачып жыгылып калыптыр дейт. Теңиз жерден табылгандыктан атын Теңизбай коюп ини кылып алат. Ошондон:

Кожо,Тасма-аталаш,
Теңизбай,Тасма--баталаш- деген сөз келе берген.

Теңизбайдан Булаш, Калантөш, Биймырза. Биймырзадан Эшмат, Куукөчүк, Итөмген.

МУҢГУШ

Муңгуш жаш кезинен жетим калып Наалы-эже багып чоңойткондуктан аны Наалынын баласы деп эркелетишчү экен. Түштүк кыргыздарынын ичинде Муңгушту Наалыдан төрөтүп, Адигине, Тагайга жөөн кылып көргөзгөн легендалар сакталып калган, бирок ал легендадагы адамдар /Кекө, Дайыр/ жана окуялар биз мындан кийин токтолуучу Моңолдор уруусунун келип чыгышы жөнүндөгү легенда да кезигет жана логикалык жагынан өтө байланыштуу, ошону менен эле бирге,көпчүлүк карыялардын айтуусунда Муңгуш Акуулдун кичүү баласы. Түндүк Кыргызстандагы уруулардын карыяларынын айтуучуларынын бардыгы дээрлик Муңгушту Наалынын бөбөгү кылып көргөзөт.

Муңгуш дайыма Адигине менен чогуу болгон да, алардан тараган тукумдар да аралаша жүргөн.

Муңгуштан тарагандар Муңгуш уруусу аталып малдарына баскан тамгаларына карата экиге бөлүнүүчү: Жагалмай- тамга, Кош-тамга.

Жагалмай тамгага Жоош, Төлөйкөн, КошТамгага Жапалак, Соколок, Сарылар, Сарай, Көкжашык, Тээке, Жылгелди, Кодогочун, Маңгыт, Эркекашка, Кызылаяк, Керүкү, улуу катындар деген уруктар кирүүчү. Булар Муңгуштун кайсы баласынан кандайча тарагандыгы жөнүндөгү баяндоолор белгисиз.

Жоош менен Төлөйкөнду Наалы эжеден деген да баян бар. Наалынын күйөөсү Тыңгулудан Боѳала жана Баѳманке. Боѳалыдан Жоош, Баѳманкеден Төлөйкөн. Жоош менен Төлөйкөнду Мунгуш багып чоңойткондуктан алар Мунгуш уруусуна кошулуп кете берген. Жооштон Кудаяр, Ыйман, Абыке, Мама, Камай, Койгелди, Бука.

Соколок төрт уруктан турган: Тогуз уул, Кайраѳылар, Калдар, Мамалар.

Көкжатыктар Мунгуштун өз тукумунан эмес дешет. Кыргыздын бир баласы Кокон ханында кул болуп жүрөт. Аны Алыке деген бий хандан сурап алып койчу кылат. Бала көгөндөгү козулар менен кошо уктап жүрөт да дайыма мал артында болот. Алыке аны: "Кайран көк жатык көгөнчүм, сен ишке жарайт экенсиң- деп мактучу экен. Мына ошол баладан тарагандар - Көкжатыктар. Ылгелди алтыга бөлүнөт: Сарыкалпак, Жору, Жайчы, Солбет, Курстанбек, Мусабет. Сарыктан деши энеси айы-күнүнө жетип төрөгөнү турганда калмактар кирип келип эл үркө качат. Боюнда бар аял талаада калып толгоо кирет да эптеп төрөйт. Орогонго эч нерсе жок, куртта калган бир сары калпакка салат. Жорулар Адигинениң жоруларынын ичинде жүрүп өскөн Тилекмат деген адамдан төрөйт. Кодогочундар Эсебай, Коңкош болуп экиге бөлүнөт. Коңкош кытайдын Опол деген жеринде хан болуп туруп өзүнүн коңшусу калмак ханы Бургуйдун кызына жуучу жиберсе, Бургуй өз күчүнө чиренип текеберсинип жуучуларды кайра кубалайт. Коңкош кызды жана Эсебайды коштоп алып калат. Буржуйга кыпакчы

ырчылары ыр менен кызынын качканын айтканда хан кач-каңдардын артынан түшүп эр Эсебайдын колунан ажал табат. Бургуй өлгөндөн кийин аның үй-бүлөсүн бийлик талашуучулар өлтүрөрдө аялы качып чыгат. Жолдо төмөн-дөгү кошокту кошуптур:

Кызыл кыр ылдый көч келет,Бургуй,
Кыргыйың шаңшып ач келет,Бургуй.
Кызыл бир жоргоң көкүлүн чайнап,
Минерге парзент жок келет,Буруй.

Карагыр ылдый көч келет,Бургуй,
Карчыгаң шаңшып ач келет, Бургуй.
Кара бир жоргоң бош келет,Бургуй,
Минерге балаң жок келет,Бургуй.

МОНОЛДОР

Эреше хандын Көкө жана Дайыр деген эки баласынын энеси болуп жетим калышат. Хандын жаш, сулуу бир аялы эки жетимди өтө жек көрүп жүрөт да, Эреше ууга чыгып көп убакта кайтканда,"эки балаң мага көз артып, ыза-лоого аракеттенди"— жалган жеринен чагымдайт. Каары заардуу Эреше хан балдарды өзү талаага алпарып өлтүрүүгө буорат. Талаага барганда жигиттердин ичиндеги бир боорукери балдардын жалбарып ыйлаганына чыдабай жолдошуи көндүрүп Көкө, Дайырдын көйнөктөрүн улактын канына боеп алып келишет. Эки бала өлүмдөн калып бет алган жагына кете беришет да Адигине, Тагайга кабылып күл болушат. Дайыр бир запкыга таарынып казактарга кетип калат.

Ошол кезде калмак менен кыргыздар Түркстандын аймагында жер талашып кагылыш-кыргындар жүрүп турган. Калмактын хан Корон азап чеккен кара калмак элинин талабы боюнча жер талашып кан төгүүсүз чечүүгө Адигине, Тагайга элчи жиберет: Элчилер келип:

— Эки тарап балбан күрөштүрөлү. Эгерде кимибиздин балбан жыгылса жер бошотуп көчүп кетели. Антпесек эл кырылып кетмей болду. Он күнгө чейин жооп бергиле. Бизден чоңдугу үйдөй, тырмактары бүркүттүкүндөй Шабуура деген балбан чыгат. Он күнгө чейин жооп күтөбүз. Эгерде кечиксеңер көп колубуз менен келип үйүңөрдү эрттеп, жылкыңарды тиет- дешет. Кыргыздар Шабуураны барып сынап келишет. Ага тең келер балбан таппай каржалышат.

Адигине, Тағай әжебиз әмне дейт экен десе, Наалы:

— Үйүңөрдө жүргөн кулуңарды салгыла -дейтКөкөнү чакырып Шабурганы сүрөттөп айтышат да:

— Түшөсүңбү?— деп сурашат. Анда Көкө:

— Түшөм—дейт.

— Кокустан өлтүрүп койбосуң.

— Өлтүрсө бир кул өлөт экемин. Жалгыз башым элге садага. Кеп өлгөнүмдө эмес. Ошону жыгып өлсөм болгону эле. Жыгылып калып тирүү калсам кыргыздар өз жерин чоочун адамдарга таштап ач-жылаңач кырылып, жөө боздоп, улуп кайда барарын билбей көчүп жөнөсө анда тирүүлүгүм курусун -дейт.

Сынчылардын сынынан өтүп, ырчылардын өтүп жыйылган калың элдин ортосуна чыгып Шабура менен кармашат. Төрт күн, төрт түн күрөшөт да Шабураны жыгат. Көрүп турганда "Көкөнүн күчү көк буканыкындай эле экен"- дешет. Калмактар чыгышка карай көчүп кетишет, кай бирлери кыргызга кыз берип куда-сөөк тартып туруп калышат.

Адигине, Тағайлар Көкөгө: "Сураганынды ал"-деп ыразы болушат. Инилерин чоңойтуп, Тағай бий болгону батынып жуучу келбей жүрүп Наалынын жашы өтүп кете тургандай кез эле. Ал Көкөнү абдан сүйүп жүргөн. Көкө Налынын кеңеши боюнча:

— Мага Налыны алып бергиле- дейт. Тағай буга ачуусу келип өлтүргүсү келет, бирок— Налынын кан-кабагын байкап көрсө көңүлү бар, ошондуктан Көкөнүн айтканы орундалат.

Калмактан түшкөн Дор деген күң аялды да Налы Көкөгө токолдукка алып берет. Андан Баймоңол төрөлөт. Наалынын бокона бүткөндө Көкө өлөт. Көкөнүн кереси боюнча төрөлгөн балага Моңол деген ат коюлат. Андан Самансур. Самансур өз заманынын акылман адамдарынын бири болгон.

Ырыстын алды ынтымак,
Бакырчак тонун ууру кий.
Бойдок басып жүргөнчө,
Жаман да болсо жар эп ко.
Ачуу шайтан,акыл дос,
Акылыңа акыл кош.
Сабырдын түбү сары алтын,
Сабырлуу болсоң осорсуң,
Сабырсыз болсоң тозорсуң--

дегендей макалга айланып кеткен кептерди айтуучу экен.

Самансурду кыргыздар жалпы жөөн тутуп чатак маселелерди ошону калыс кылып чечтирчүү.

Бир жолу күйөөсү өлгөн эки аял бир баланы талашып келет. Экөө тең: "Мен төрөдүм"--дешет. Самансур ойлонуп олтурун эки аялды эки тарапка, баланы ортого коюп:

-- Эмесе экөөңө тең бөлүп берем--деп кылыч көтөргөндө, сол тараптагы аял чыркырап келип баланын үстүнө жата калат.

-- Тигил эле алсын. Өлтүрө көрбө--деп ыйлайт. Берки аял мостоюп турат. Ошондо Самансур өз энесинин жүрөгү

чыдабады деп эсептеп, баланы чыркараган аялга берген.

Самансурдан Бөгөнөк, Атаке. Бөгөнөктөн Алагар,Кара, Сейитказы. Алагардан алтоо: Маани, Чагыр, Ырым, Сырдыбай, Каракурсак, Чекир. Карадан Эсен, Кунуке, Жаныбек, Тогуз. Сейитказыдан Эшмек, Назар, Акжан, Көчөк. Сейитказынын малы көп болуп жазында өлгөн малынын сөөгү шагырап калгандыктан анын төрт баласынын тукумдарын куусөөктөр дечү.

Атакенин тукумдары Кыйра дечү. Анын Куттук, Кубаныч, Мендуулат деген үч уулу элди көп чаап, кыйратып мал алып келишчүү. Аларга Самансур: "Балдарым, арамдын тамыры бир, адалдын тамыры миң болот. Арам жеген бута баспайт, куулук кылган кудалашпайт. Адамдын акысы оң кылбайт. Ачуу шайтан, акыл дос, акылыңа сабыр кош"-деп акыл-насаатын айтса да бул үчөө ар жерге барып, далай элди чаап берген. Аягында Текес тараптагы калмактын Бакманжы, Коңтаажы деген жандарынын жылкысын тийип Нарын-Кол деген жерге келгенде, куугунчулар жетип Кубанчты өлтүрүшөт. Калган экөө зорго качып кутулуп үйүнө келсе:

— Э, кыйрагырларым, кыйрадыңарбы? Ушуну көрөсүңөр десе болбойсуңар--деп Самансур айтат. Ошондо кийра деген ат калган экен. Куттуктун тукуму- улуу кыйра, Кубанычтын тукуму-- орто кыйра, Мендуулаттын тукуму бала кыйра.

Куттуктан Кутугай, Түркмөн, Алакөз, Бөкы. Кутугайдан

Алдаяр, Жоогачты. Алдаярдан Сарткозу. Сарткозудан Маңгыт, Сарык. Жоогачтыдан Ыңырчак. Ыңырчактан Байсейит, Турпан, Сагындык. Кутугайдын тукумдарын жонунан Ыңырчак--Самтыр дешкен. Түркмөндөн Рыскулу. Рыскулдун уулу Итийбас, Байгечөк, Теке, Насыпбай, Жанкүчүк. Алакөздөн Семетей.Семетейден Мамбет, Мурат, Балапан. Алакөз тергелген аты болуп өз аты Жакат экен. Бакыдан Дүйшөбек. Дүйшөбектен Мырзабек, Тойсары. Мырзабектен Ыскак, Алаң, Байжан, Байыт, Тилеш, Канат. Тайсарыдан Абадан, Карабек. Орто кыйра--Кубанычтан Жоруп, Жаңгир, Шадыбек. Бул үч уулдун түтүнү өтө аз.

Бала кыйра-- Мендуулаттан Дуулатказы, Шалдыр,Чайыш, Ногой. Дуулатказы мерген болгон. Инилери кошо ээрчип барышып, атылган кийиктин этин бөлүштүргөндө таарына берүүчү.

-- Улуу болсоң да Дөбөттөй болуп таарына берет экенсиң--дешип инилери шылдың кылып жүрүп Дөбөт атка конот. Дуулатказыдан Сопу, Чындөөлөт, Канет. Үчөөнөн тараган тукумдар Дөбөт уругу делип аталуучу. Алардын көпчүлүгү мерген келген.

Тоодо мылтык тарс этсе,
Дөбөт уулу дечү экен.
Жоодо кылыч жарк этсе,
Ногой уулу дечү экен.

Көгөйдөн Калча, Төтөй. Калчадан Карач, Коңкош. Төтөйдөн Маамыт, Чопко, Жумаке, Сасыке, Торутай, Сүйүнбай. Шалдырдан Кулчумат, Мамыркан, Жайлоо. Чайыштан Кысыроо. Надырдан Сопу. Сопудан Мамыркан, Шамыркан, Алымбай, Осмоналы.

Ногой уулунда Союл деген да жетимиш түтүнчө урук бар. Алардын келип чыгышы мындай: Чайыштын уулу Кысыроо жортуулдан жүрсө жолдон кой кайтарган үстү-башы самтыраган бала кезигип:

— Абакелери, мени ала кеткиле. Мен кыргызмын, калмактар элибизди чаап олжолоп келген—деп боздоп ыйлайт. Кысыроо макул болуп балага акылдарын үйрөтүп ошонун ээсинин үйүнө барып конот. Бала кечинде коюн короого айдап келип кийип, өзү Кысыроо олтурган үйгө барат да мойнуна асылып: "Абакелеп"— ыйлай баштайт. Калмак дүрбөп калат. Ошондо Кысыроо да жатымыш болуп мындай дейт:

— Бул менин иним эле. Бир чабуулда жоголгон. Силердин айылда дегенин угуп атайын издеп келгемин. Калмактар аларга: "Өзүнөрдүн тартип боюнча союп жегиле"— деп козу берет.

Эртеси калмак кырк кара башыл койду көгөнгө байлап коюптур, ошолорду алып инисин таштап кетүүсүн сурайт, бирок— Кысыроо баланы алып келип Мендуулаттын кичүү уулу Ногойго берет. Ал бала узун бойлуу-солдогой экен. Дайыма эле узунунан түшүп жатса ногой:

-- Союлдай болбой туруп оокат кылсаң боло, ой, союл, тур--деп жүрүп союл атка конот.

Түштүккө моңолдордон жер кубалап барышкан азыркы Мырза-Аке, Совет райондорунун территорияларына жайгашып дыйканчылык менен кесип кыла баштаган. Аларды Балбай кубалаган деп да айтышат. Баймоңолдордон чыккан Эшимбек деген адамдын жетекчилигинде он тегирмен суу батуучу Кум-Арыкты Кара-Кулжа өзөнүнөн он эки чакырым жерге чаап чыгышат. Аны Тасма уруулары тартып алат. Дагы эки арык чапса тасмалар дагы тартып алып ошондон:

Моңолдор чапсын арыкты,
Тасма жесин тарыкты--

деген сөз калган.

Мырза-Аке районунда Баймоңолдордон, Көжөбаштардан, Совет районуна балакыйралардан барган. Аларга тасмалардын Жаңы деген баатыры сулуу кыз, күлүк ат, жакшы тону болсо, тартып ала берип күн көргөзбөй, Атаке келип өз моңолдорун коргой баштаган.

"Моңолдор журт уюткусу, калыс уруу" деп эсептелүүчү.

АЗЫК, ЧЕРИК, ТАМАНАК ЖАНА КОҢУРАТ.

Наалы Көкөгө тийгенден кийин Адигине, Тагайдын элине кальң жоо келип калат. Наалынын ал эки иниси:

-- Эжем Коңур-куласын берсин -деп күлүк коңур атын суратып киши жиберишет. Киши Адыгинеден да, Тагайдан да келгендиктен Наалы коңур күлүгүнө жол азык артып, ак таман тайганын ээрчитип келген эки адамдын ортосуна салып жетелетип мындай дейт:

-- Кимисине өтө кыжалат болсо ошол минсин. Бәсып келген жоосу кайра качып ак жолдору ачылсын!

Адигине, ТАгай келген жоого арстандай чамынган эр жүрөк кыргыз баатырларын баштап кирип, бешиктеги баласынан өйдө эл чаап энчи беребиз деп келген кара нөөт душманды талкалайт. Коңур кула, таманы ак тайган окко учат. Кайра Наалыга олжого түшкөн төрт бала ала келишет. Жоо азыгыныздын ордуна жортуу, мунун экинчиси коңур куланызга, үчүнчүсү таманы ак тайганыңызга тогоо. Бул алтын тогоолу бешиктеги чердейген баланы да сиз багып,бул үчөө менен чогуу чоңойтуңуз-- дешет. Ошентип чердегейи Черик, калгандары Коңурат, Таманак, Азык аталышат да алардан өздөрүнө атташ уруулар тарайт.

Легендалардын экинчиси типтеги вариантта Азык менен Черик Жанкороз менен бирге келет, Азык азык көтөрүп,

черик чердейип келет делип айтылат. Азык Нарын суусунун боюнда Уч-Коргон деген жериндеги Домо хандын баласы болуп, чаап кирген душман ханды беш бала менен сууга ыргытканда, Азык суучулдугунун пайдасын көрүп аман калып тентип келатканда Канкороздорго кезигип азыгын кетертүп Тагайларга келген.

Азыктан Бөрү, Байкүчүк, Козукуна, Бычман. Черик кийин чабышуудан таарынып Кашкар тарапка көчүп кетет. Анын тукумдары ал жерде нойгуттар менен өтө күчтүү байланыш түзгөн. Чериктен Бакты, Сарча, Акчубак, Байчубак, Карагул, Сатыгул, Тору. Сарчадан Алдаяр, Молдо, Черик, Эшкулу. Акчубактан Дүйшөмбү, Күчүк, Жабыке, Манек, Кытат. Байчубактан Сазан, Жолболду, Дубан, Карабостон, Узункалпак, Ангидей, Таманактар түтүнү жүзгө жеткенде Таманактан ураан чакырып өздөрүнчө бөлүнүп чыккан. Алар жөнүндө төмөнкү ыр сакталып калган:

Ай кулагы шака-шак,
Айда күлүк таманак.
Күн кулагы шака-шак,
Күндө күлүк таманак.

Тарыктары бизге белгисиз.

Конураттар Чырак, Бөрү, Токтоке, Саспак болуп төрткө бөлүнгөн.

С О Л

Куу-уулдан Босого, Жайыл, Булгар, Чоро, Кандабос, Кара, Сары, Кулунчак. Мындан биздин информаторлорго жана бизге жалгыз гана Жайылдын тукумдары белгилүү.

Жайылдан Каратал, Каранай. Караталдан Токтоболгу, Томон. Токтоболгудан Кушчу.

К У Ш Ч У

Кушчудан Каратенеш, Топой, Онок, Күнчөй, Кагазды, Чырымтал, Күсүбаман. Каратенгештен Мендулат, Жоош. Мендуулаттан Жанкушчу, Көккушчу, Каракушчу, Чейне, Чарыке, Чилжуут, Шарынот, Көзүжаман, Тулга, Барыке, Шалка, Күнчой, Онок, Кары, Кагаздан Оночор, Жанкушчудан Кубатбек, Кошкулак. Тазкушчудан Кубатбек ез заманында баатыр атанган киши болгон. Эр жүрөк балбан келип элине тийген жосну өлдүм дебей тике качырып кубалачу экен. Күндөрдүн биринде андан эмүрүндө канча баатырлык кылдың- деп сурашса:

— Эки баатырлык жасадым. Бир жортуулда жүдөп капталдарымды кайнаган бит талап жатканда такыр тырманбай койдум, экинчиси тогуз бөрү жалгыз келатканымда ээрчип алды, артымды бир кайрылып караган жокмун—деп жооп берген экен.

Ошол эле заманда Саруудан Сазан деген баатыр чыгып, Ысык-Көл менен Тянь-Шандын сырт жагындагы Тарагай деген жерге он жигити менен барып конуп калат. Алардын максаты ошол жактагы он уруулардан жылкы тийип Таласка айдап кетүү эле. Түн кирген кезде алыс эмес жерден оттун жылтыраганы көрүнөт. Бир жигитин киберип билсе, он жигитчен олбурлуу адам эс алып каткан. Жигиттерине:

— Онуңар онун, мен эрин басайын—деп буйруп жакындап барышат. Сазан алга басып барса четирээкте жалгыз адам эт кесип жеп олтурат. Ылак этме менен абдан жакын келип желкеге тилтеп калат. Олтурган жигит:

— Ак!- деп ак жагын бир сермесе Сазан-баатыр камгактай болуп колуна келет. Бир колу менен алдына бүрүштүрө басат.

— Ой, кудай урган сен кимсиң?

— Тургуз эми, ким экенимди айтайын— туруп олтуруп өзүнүн Сазан- баатыр экенин алиги жигитке айтат.

— Ой, кудай урган десе, сен белең? Атаңды утуп жүргөм. Анан тамашалабай эле жөн келбейсиңби. Мен дагы ат тээп жибердиби деп ойлосо сен чочутайын деп ургандурбайсыңбы—деп Сазанды ийинден түртө кара муруттарынын астынан тиштерин кашкайтып күлүп коет:

Сазан баатыр да сыр билгизбейт::

— Ээ, сынап көрөйүн дедим да-- бир аз унчукпай суз жылмайып жигитке кайра суроо берет:

— Эми өзүң ким болосуң, ошону айтчы.

— Мен күшчудан чыккан Кубатбек баатырмын.

— Ооба, ооба. Мен сени укkан экемин.

Эки баатыр мына ушинтип таанышып, бир азга аркытерки сүйлөшүп олтурып Сазан санын тарс эттире чапты:

— Ак, катүгүн! Жигиттериңе жигиттеримди жибердим эле.

Кубатбек ордунан ыргып турду:

— Кокуй, аларды өлтүрүп койбосун, менин жигиттерим жаман эле.

Барса Сазандын жигиттери аман-эсен байланып жаткан жерде Кубатбектин жигиттери эт жеп отурган экен. Бардыгын бошотуп жайынча саламдашып, дагы бир бээ союп казанга боркулдата кайнатып, коюшуп, сөзгө киришти:

— Кана Сазан— деди бакыя олтурган Кубатбек--эрдиктериңди санап берчи.

Көл бокунан баланча-түкүнчө жерден түкөнчө, пастан жерден пастанча жылкы тийдим"— деп Сазан санап берди.

— Ок, катыгүн, мен сени баатыр деп жүрсөм терме уурунун бири турбайсыңбы.

— И, баатырлык кандай болот? Сен дагы билгениңден айтчы.

—Өз элиңдин майда уруктарына чаң салгандыгың ал эси жок тентектигиң. Бөлөк элдин тынч жайылып жүргөн үйлөрүн тийгендигиң ал арамзаада уурулугуң. Мени менен жүрсөң баатырлыктын жайын сөз менен укпай көз менен көрөт элең.

— Сени менен жүрүүгө дале макулмун.

— Эмесе жакында казак-кыргыздын көп малын калмактар тийип кетти, аны өзүң билесиң, бирок—жаман курсагына жамынып, аны менен иши жоктой жүрөсүң. Мен элчи жибергем бирин кайтарбай муундап салыптыр. Эми жакшы сөз, карашыктуу мамилеге айбандарча мамиле кылгандарга элимдин малын, эримдин кунун алып табакты кандырып, көксөмдү суутуп кайтууга жоо бетине аттандым. Биз жигиттерди атайын алып чыккан соң кызыгын кандырып туруп үйлөрүнө кайтаралы да калган жортуулду экөөбүз бүтүрөлүдөн калмактардын барып өздөрүн ажыратып коюп жылкы тийгенде Кубатбектин көрсө көзгө, санаса санга толор инисине касайылдын огу жаңылып калмактардын ичинде калды. Эки-үч жигиттерин алдына жылкы салып Таласка жөнөтүп өздөрү токтоп калышты. Кубатбекти ээрчитип, бардыгы бир дөбөгө түштү. Малдаш уруп башын жерге салып олтуруп Кубатбек мындай дейт:

— Кайран бала! Өмүрү кыска экен да. Далай кызыкты башынан өткөрүүчү жигит ушул эле. Далайды куткарып, далайдын түбүнө жетет эле. Өлөр бала өлдү. Бирок,

сөөгү душман колунда калганы жаман болду, ак кепиндеп көмбөй калдыкпы?.. Эми тигилер итке сүйрөтүп акмагын чыгарат го.

— Анда мен барып алып келейин— Сазан баатыр бир тизесин, бир таманын жерге мадап олтура калды. Кубатбек ойлоно түшүп: — Тарткыла тору-күрөндү- деди. Жигиттер Кубатбектин аргымагын тарта берди. Сазан ыргып минип найза сунуп сызып жөнөдү. Ал айкырык салып чымырап баратканда өлүктү тегеректеп турган калмактар тең жарыла берди. Сазан эч кимисине тийбей өтүп кетип кайрыла чаап кайра качырды. Калмактар жарданганынан коз-голбой тура беришти. Сазан өлүктү эңип ээрге бекем басып жөнөп кетти. Учуп бараткан илип кеткенине ыраазы болуштубу, же эстерине келбей калдыбы калың калмактан бир да ок чыкпады. Сазан өлүктү алып келип, жигиттер акырын түшүрүп алды. Кубатбек козголгон жок. Сазан жаны-на келгенде:

— Бали жигит! Азамат экенсиң. Жеңилдигиң гана болбосо эрдигиң бар экен. Күчүң да меникиндей болгондо көркүнө чыкмак экенсиң— - деди. Инисин мани көөп жи-гиттерин элине кайтарды.

— Кокустан элге жоо тийсе, коркуп өлбөй качырып өлгүлө. Элдин жаны-малына көз болгула.-деп тапшырды. Өзү Сазанды ээрчитип алыска-алыска шумдуктуу корку-кучтары бар жерлерге алып жүрүп кетти. Уч ай жол

жүрүп бир сулуу даректуу сонун жайга келип турушушту. Ал жерден кулжа атып алып эт бышырып жеп олтурушканда:

— Биз калмактын кайнаган жери Маньжур- Мунгарга барабыз.

Дагы бир күнү жүрүп, күн бата элек кеч бешимде эле токтоону сунуш кылды.

— Эмне болду?

— Бүгүн мындан ары жөнөөгө болбойт. Сазан да кайталап суроо бербеди. Эртеси эрте туруп шашкеге чейин жол жүрүп дагы токтошту. Алды жакта бийик тар капчыгай карарат.

— Мен бир кар жаадырбасам бул жерден өтө албайбыз. Кубатбек бир булакка барып жети көк чыбык салып дуба окуй баштады. Булактан калпактай кара булут көтөрүлүп капчыгай тарапка кетти. Баатырлар эки күнү бир бута атым жылышпады. Үчүнчү күнү баарандарын асынып жүрүп кетишти. Капчыгайга киришери менен аргымактар омуроодон келген карды жиреп баратты. Ондо деле жайнаган боз үйлөр, солдо деле жайнаган боз үйлөр. Үшүп кеткен Сазан Сапарлашына кеңеше кетти:

— Э, Кудаш, Кудайдын азабын турулай тартпай, мына бул боз үйлөргө кирип жылынып албайлыбы?

— Чиш!... Кокуй унчукпа. Ажалыбыз ушу жерден-деди берки. Унчукпай жүрүп олтурушту. Таң агарып атканда

шумдуктуу кара капчыгай артта калды. Эки жолоочу агын суунун боюна келип токтоду. Кубатбек айтып отурса түндегү боз үйлер боз үй эмес эле үшүгөнүнөн шалтысы кетип бири-бирине ыкташып калган зор-зор жыландар экен. Дагы жүрүшүп, дагы токтошту.

— Бул жерде ары-бери өткөндөрдү тоззуп жаткан ушул бир кудай каргагыр бар эле. Ошону өлтүрө кетсек кайтып келатканда майып болобуз. Өлтүрсөк көп жолоочунун сообуна калабыз. Жол ачар болобуз. Ушул арада жоондугу өгүздөй жез баштуу жылаан бар. Аны тетиги карарып жаткан үңкүрдөн андып жатып, үңкүрдүн каршысындагы булактан суу ичкени келгенде жайлап керек— Сазан кызыга кетт:

— Мен барайын.

— Ай, кантээр экенсиң баатыр.

— Болгонун көрөбүз, мага бир жол берип кой,баатыр.

— Болуптур, бирок— байка. Башынын бүткөн шилисинде кичинекей жик бар. Жиктин дал ортосундагы кара чектиге тийгизсең анын өлгөнү, жазып калсаң биздин өлгөнүбүз- деп Кубатбек аргымагын ойноктотуп жүрүп кетти. Сазан үңкүрдүн ириңинде андып жатты. Түш оop калганда тээ алыстан жарк-жарк эткен нерсе жакындап келатты. Абдан жакындаганда караса түрү суук ажыдаар. Улам башын көтөрүп эки жакты карап коюп сойлоп кетет. Булакка жетип суу иче баштаганда "таре" дей түштү.

— Кыймылдайбы эле кыймылдайбы— деген Кубатбектин үнү булактын үстүндөгү зоонун чокусунан угулду. Бирде

түйдөктөшүп, кайра чимириле жазылып, акыры сөлк этпей жатып калган соң, Кубатбек түшүп келип Сазанды чакырды. Жылаандын башын кесип, терисин сыйрып жайып коюшту да, андан ары жол тартышты.

Калдайган калың токойго келип, черди аралап кеткен жалгыз аяк жолду кара кулак шер тозоорун баштагыч баатыр айтты.

Аны оң тараптагы саздактагы көлдөн суу ичкени келгенде жайламак болушту. Кубатбек Сазанды дагы жулушады эле, Сазан сыймыктанып макул болду. Кара кулак шер келатса, чоңдугу ой ушу борго байлаган зоот өгүздей экен. Бир топ алыс токтоп бир бутун көтөрүп маңырайып туруп калды эле: "Жыт алсаң керек акмак"— деп Сазан ажалдын бурчагын узатып жиберди. Карагай бою түйүлүп, капталы менен жер сабай берип кыймылы да эки-үч керилип соозун ачуу менен токтоду. Териси сыйрылды. Баатырлар жолун узартты. Токою суюк бийик тоого чыгышты. Туман каптап күндүн көзү сейрек көрүнөт. Күн жарымдап калганда аттан түшүп эчки-текеси кылып кырк бирди атып келип таш кепеге киргизишти да, бардыгын союшту. Таш кепеде казан бар экен. Мурдакы адамдар жолоочулар үчүн курган кепе деп Кубатбек айтты.

Айланадагы жапыз арчалардан от этүн кылышты да, кийиктин этин бир-бир кайнатып Кубатбек чыгарта берди.

— Э, Кудаш, мунун бардыгын эмне кыласың?

— Э, эмне кылганды эмне кыласың. Аягында өздөрү бир семиз текенин этин абдан бышырып алып жеп жатышты.

— Э, Кудаш, айтсаң эми. Бул эмнең?

— Э, эмнени эмне кыласың. Жеп-жеп тое бер.

Туман таркап ай жарык тийип турган эле. Кепенин кичинекей жыртык терезечесинен бир көлөкө өтүп кеткенсиди. Бир аздан кийин адам десе топостукундай самтыраган жүнү бар, айбан десе дене түзүлүшү адамдыкындай- бир жандык кепеге шып эте кирип босогого олтура калды. Сазанда унчугарга дарман калбагандай өңдөнду. Кубатбек каарданган түрүн салып:

— И, келдиңби? Олтур ошондой—деп коюп, үйүлүп жаткан эттен ыргыта берди. Берки коркунучтуу жандык жегенден талбады. Эт желип бүткөндө Кудаш жанындагы кездиги менен кийиктин жиликтерин туура-туура шылып салды эле алиги тири шумдук:

—И-ий! Болотту-болотко жончу бекен? "деп жиберди.

— И! Эмне болот экен? Шерменде десе! Жанчу бекен деп коет.

Кубатбектин тилдөөсү басылбаган соң чыгып кетти.

Сазанды жаткызып коюп Кубатбек эшиктин түбүндө аңдып олтурду. Көптөн кийин терезеден шыкаалап жаткан айбанды ыргыта атты. Чыгышса аткыган жерлери үңүрөйүп калыптыр, өзү чалкасынан түшүп жатат.

Эки баатыр кыргыз элчилерин өлтүргөн калмактын

яанын эки баатыры менен кошо өлтүрүп кайтышат.

Чейинден Акбай, Эсенгелди, Баяш, Чүйлүболот, Сарыгалдак. Акбайдан Торогой, Аксерке, Кален- булар жапырт кара кементай кийип жүрүшүп тукумдары да каракементайлар делип атанып калган.

Эсенгелдиден Кожомберди, Жанболот. Баяштан алтоо, Улуутоо. Чүйболоттон Койлубай, Жайыл. Сарыгалдактан Тогузбай, Байказак.

Жооштон Карала, Кардык. Караладан Тынымсейит, Касымсейит, Нурсейт.

Тынымсейиттен Карадөң. Карадөндөн Кочкорбай. Кочкорбай. Кочкорбайдан Алаңбай. Андан Айтыке, Арзымат, Маркам. Айтыке тукуму Караван тарапка кеткен. Арзыматтан Тилеш. Тилештен Эсенай, Эсенжан. Эсенжандан Балаш, Ботош, Чыбы. Балаштан Рыскул. Рыскулдан Чынкое. Чынкоедон Чойбек. Чойбектен Абдыш, Үмөталы, Шарше. Ботоштон Арстан, Бечел, Арстандан Мамбет. Мамбеттен Асанкул. Бечелден Ыманалы. Ыманалыдан Кудаке. Чыбыдан Дүйшөбай. Дүйшөбайдан Шербек, Шерказы. Шербектен Султан. Султандан Лоп, Кенжекара, Кенжегул, Жаналы. Шергазыдан Болот. Болоттон Жумаш. Эсенайдан Үчкемпир, Жолдош, Эшбай. Үчкемпирден Баргы, Жоошбай, Эсирен, Элтойду, Итийбас, Кубат. Баргыдан Байтүгөл, Бошкой. Балбактан Шейшаалы. Бошкойдон Турдугул. Андан Күржү. Жоошбайдан Стамбек, Күсөбек. Стамбектен Күрөңбай, Чодурак, Алыбай. Күрөңбайдан Нурмат. Чодурандан Жусугул. Алыбайдан Арымкул. Күсөбектен Жыргалбай, Орозаалы,

Садыралы. Жыргалбайдан Абдубалы. Орозалыдан Арзым, Сейдалы. Садыралыдан Токтоалы. Токталыдан Биримкул. Эсирептен Адылбек, Кожомберди. Адылбектен Байсакал. Байсакалдан Карабай. Карабайдан Мамбет. Кожомбердиден Калча. Калчадан Мураталы. Мураталыдан Биримкул, Кеке. Элтойдудан Атамбек, Кочкорбай. Атамбектен Жолдош. Кочкорбайдан Жээнчоро. Жээнчородон Дүйшеке. Итийбастан Алымбек, Бакай, Эралы. Алымбектен Эстебес. Бакайдан Асыран. Эралыдан Майрыке, Айт, Жутакей. Кубаттан Аким. Акимден Кожомурат. Андан Мамбет, Ибрайымкул. Жолдоштон Мышык. Мышыктан Уокүнчү. Уркүнчүдөн Байгазы. Андан Шаршен. Эшимбайдан Аккийиз. Аккийизден Улак. Улактан Төкөлдөш. Төкөлдөштөн Абыке.

Маркалтан Кийиш Койайдар. Андан Молдояр. Молдоярдан Тилен. Тиленден Бейбит. Бейбиттен Бекбоо, Берди, Муратжан, Коентай. Бекбоодон Таңсык. Андан Тококара, Дыйканаалы, Жутоке, Майказам. Солтокеден Дооронбай, Базарбай. Дооронбайдан Абдыракман. Андан Жүсө. Базарбайдан Курман. Андан Сулайманкул. Майказмдан Жунусалы, Акматалы. Жунусалыдан Ысак, Молдосан, Молдалы. Муратжандан Эрмек. Эрмектен Бает, Алыбай. Баеттен Ысманкул. Алыбайдан Ысак. Коентайдан Өмүр, Каракүчүк. Өмүрдөн Ыбрайрым, Кармыш. Ыбрайымдан Шаршен, Калил. Карамыштан Аман. Каракүчүктөн Ысмайыл, Үрүстөм. Үрүстөмдөн Абдылда. Ысмайылдан Бейше.

Боросейиттен Төйбөй деген, Касимсейиттен Сакалды дерен уруктар тараган.

Кардыктан Болот. Болоттон Куртка. Курткадан Кудайберди, Жантөй, Кыржы, Кутужан, Каракужур, Бочу, Темиркул, Каймазар.

Кудайбергенден Тагаш, Тилеш. Тағаштан Адына, Курумшу. Адынадан Борбодой, Каке, Бердике. Борбодойдон Талкандай, Куланбай. Талканбай, Куланбай. Талканбайдан Жумалы. Жумалыдан Асан. Какеден Бардакул, Коной, Чырдай. Бардыкулдан Канай, Баян, Алтын, Сагындык. Канайдан Жекен, Балыбек, Малыбек, Кушчубай, Мээрбек. Жекенден Нурбай, Талканбай, Оңолбай. Нурбайдан Сүйүмбай, Жээнбай, Илебай, Түкүр. Сүйүмбайдан Абдырабым. Жээнбайдан Солто. Илебайдан Абдыкалы. Оңолбайдан Болот, Дубана, Ыбрайым. Калыбектен Саткынбай. Саткынбайдан Бегалы. Малыбектен Кур. Андан араб. Арабадан Алгазы, Кудайберген, Төлө, Ыманкул, Сейталы Осмон Иса. Алгазыдан Кабылбек. Кудайбергенден Жүзүкул, Молдалы, Жолдош, Куттубай. Төлөдөн Жанузак. Иманкулдан Эшалы. Сейталыдан Бийзак, Ырскак, Тагаймат, Кошбай.

Баяндан Казыбек, Чал, Келдибек, Тыныбек, Сама. Казыбектен Мүлкаман. Мүлкамандан Байбаса, Жаныш, Камыш. Чалдан Айт, Айманбай. Айттан Токобай. Андан Ибрайым. Ибрайымдан Шаршенбай, Асыран. Айманбайдан Казакбай, Кочкөнбай. Келдибектен Утумуш. Андан Нусубалы. Тыныбектен Ысмайыл. Ысмайылдан Качкынбай, Жаркынбай. Самадан Барпык, Карпык. Барпыктан Акбай. Карпыктан Карабай. Сагындыктан

Атансарт, Эшкожо. Атансарттан Чынасыл, Сарт. Чынасылдан Ысманалы, Чакебай. Ысмайылдан Калил, Билал. Чакебайдан Чомой. Сарттан Мырзалы. Мырзалыдан Жолдош. Жолдоштон Кырманчы, Дыйкан. Эшкожодон Кул, Айдаралы. Кулдан Омор, Берберди. Омордон Кудаке. Конойдон Кебекбай. Андан Ысбай. Рысбай. Рысбайдан Бокубай. Бокубайдан Кечекбай, Абейилде, Асылбек, Түйтө, Беки, Камкын, Мусуралы, Солтоной, Сарык, Шопок. Асылбектен Кыдыралы, Иманалы. Кыдыралыдан Жолдош, Шаршен. Иманалыдан Токтоналы, Шатман, Картаң, Таты. Түйтөдөн Мамбеталы. Мамбеталыдан Жекшеналы, Мырзакан, Беткенбек. Бекиден Маамыт, Жапар. Мусуралыдан Өмуралы. Солтонойдон Тосумбек, Байымбет, Аппак. Тосумбектен Орумбай. Орумбайдан Үзүрбай. Байымбеттен Калыбай, Сыдык. Аппактан Ыскак, Касым, Кайып, Жоомарт. Сарыктан Куттуксейит, Таштанбек. Таштанбектен Жылкычы. Шопоктон Умөталы, Ыбрайым, Жунуш, Калмат.

Курумчудан Үтүш. Үтүптөн Кутумбет. Кутумбеттен Аккочкор. Аккочкордон Келдибек. Келдибектен Малдыбай, Болкон, Нурбай, Нарбай, Жоноп.

Тилештен Чоро, Атабай, Темир. Чородон Айчык, Базарчы. Айчыктан Олжобай, Үсөн. Олжобайдан Арымза, Казак. Арымзадан Бекен. Бекенден Байтик. Байтиктен Солтонкулу, Акылбек, Асыл. Солтонкулудан Кумаш, Чакы, Ысса. Акылбектен Байгара. Байгарадан Борош, Жапар, Осмон. Асылдан Борбу, Дүйшө, Алдеке, Сөлпү. Казактан Токо. Токодон Кыдыралы, Очой. Кыдыралыдан Тосу, Курак. Тосудан Кожоназар.

Кожоназардан Токтогул, Тойчубек. Куранган Жумабай, Андаш, Супатай. Жумабайдан Сулайман. Андаштан Токтоналы. Супатайдан Ысмайыл, Тозмайыл. Очойдон Койайдар, Козу, Дыйканбай. Койайдардан Майемер. Майемерден Садыралы. Козудан Алтымыш. Алтымыштан Кошаалы. Дыйканбайдан Рыскулбек. Рыскулбектен Төлбашы, Жыңкаалы. Үсөндөн Куттубай, Бопо, Сүйүндүк, Сагынай, Көрпөбай, Шапак. Куттубайдан Тагайбай, Токобай. Тагайбайдан Тана, Торпок. Танадан Тилембай, Сейит. Тилембайдан Жумалы. Жумалыдан чекир. Сейиттен Үмөтаалы, Токтосун, Жакебай, Асанмолдо. Торпоктон Атаке, Бийбатыр, Шамен, Чал, Барагаз. Атакеден Отунчу, Казанчы. Отунчудан Базарбай, Кооман. Коомандан Айылчы. Казанчыдан Курманалы. Курманаалыдан Абдылда. Бийдатырдан Чойбек, Алжанбай. Чойбектен Сыдыгалы. Сыдыгалыдан Тайлак. Алжанбайдан Ырысалы, Эшенкул. Ырысалыдан Токтоканы. Шаменден Темибай, Тыныстам, Байсейит. Темибайдан Жанызак. Жанызактан Токтогул. Тыныстамдан Молдош, Ыбрайым, Ысмайыл. Чалдан Кудайберген, Кожоке, Назаркул, Алыйман. Кудайбергенден Сүйөркул, Акматбек. Божокеден Төөрөкул. Назаркулдан Абдылда, Алыймандан Кадыркул. Балагаздан Абдырайым. Абдырайымдан Абдылда.

Токобайдан Норузбай. Норузбайдан Садык. Садыктан Мойнок. Мойноктон Тилемиш. Боподон Жаныбек. Жаныбектен Миңбай. Андан Самтыр. Самтырдан Конурбай, Кошой. Конурбайдан Алыбай. Кошойдон Жумалы. Сагынайдан Толкунбай. Толкунбайдан Суран. Сүйүндүктөн Токтоной, Кулжан, Тыргот.

Токтонойдон Акмат, Чыныбай. Акматтан Чакен.

Көрпөбайдан Байтайлак. Байтайлактан Мамбеталы. Шапактан Актан, Нусуп. Актандан Садыр. Нусуптан Бейшалы. Базарчыдан Карана, Кочкорбай, Кулубай, Сырдыбай, Алчакыр, Бәйчакыр. Карачадан Рыскул, Баймырза. Баймырзадан Калча, Карабек, Байкозу, Андабек, Чаңгыл, Талпа, Түлкү, Көтөнөй. Калчадан Түлкү. Карабектен Үрүстөм. Байгозудан Таабалды, Сурабалды. Андабектен Токобай, Нусупбек, Ногойбай. Жардыбайдан Мамбет, Маат. Балпадан Жумагул. Көтөнөйдөн Токтогул, Токтоналы, Шаршен, Шейшен, Кенже.

Кулубайдан Рысбай, Конушбай, Насип, Араке. Рысбайдан Койлубай, Карагул, Карка. Койлубайдан Кожомжар Кобол. Кожомжардан Шыйкым, Жумабай, Андаш. Шыйкымдан Абдулда, Байдулда. Коболдон Байыбек, Шайбек. Байбектен Таштан. Таштандан Сыдык, Садыбакас. Шайбектен Элөө. Элөөдөн Абдырайым. Карагулдан Калча. Калчадан Кудайберген. Каркадан Кедик. Кедиктен Сатылган. Сатылгандан Атыр. Аракеден Тайлак, Жангара, Сасык, Бөрүбай, Адиш, Атай, Чотон. Тайлактан Солтобай, Норузбек, Көчөкбай, Жайчыбек. Солтобайдан Баялы, Байбосун, Норузбектен Беки, Жумабай. Бекиден Турсунбай, Өмүралы, Болот. Жайчыбектен Байкөнчөк, Балпык, Артыкбай. Байкөнчөктөн Токтогул, Ысак, Кадыркул. Балпыктан Ырысалы, Токтоналы, Көкө. Артыкбайдан Төрөкул, Нуркул.

Сырдыбайдан Чадар, Коной. Чадырдан Токтомат.

Токтоматтан Байсары, Жансары. Байсарыдан Үтүрөкөй Майемер. Үтүрөкөй Абдымомун, Момуналы. Момуналыдан Эшенкул, Аманкул, Ашымбек. Конойдон Тойкожо, Байкожо. Бул экөөнүн казак ичине кетип тукуму Кыйырма түтүнгө жакындаган.

Алчакырдан Кумачик. Андан Сатылган, Жоке, Ошуке, Тынай. Байчагырдан Мамырбай, Жөндөөлөт, Турсунбай. Мамырбайдан Бектемиш, Айылчы, Касымбай, Байгазы, Бийгазы, Жангазы. Жандөөлөт менен Турсунбайдын тукуму оор турмуштун айынан Чүй бетине кеткен экен.

Кудайбергенден тарагандар Сабатар-- кушчу деп аталган. Андай аталуусуна себеп кылып төмөндөгү уламышты айтышчу.

Куртканын байлыгын Кудайберди ээлеп калганда кымыздын көптүгүнөн эки сабаны кошуп жасаган сабага кымыз ачытыруучу. Ал кезде тердикке кийим бышырганда катуу болсун үчүн жүндүн арасына майда кумдан аралаштырып коюшчу.

Кудайбердинин аялы бир тердик жасап туруп күйөөсүнө:

-- Көрдүңбү? Абдан катуу токум болду. Ушуну сага олпок кылып берсем да ок өтпөйт--деп мактанын сабага жөлөп коет. Кудайберди жанындагы жаны ала коюп тартып жиберсе жебе зып этип барып токумду тешип сабаны жарат. Саба атар Кудайбергендин балдары деген сөз глам ошол окуяга байланыштуу кала берген. Жантайдан Кожомкул.

Кожомкулдан Кожош, Жараш. Кожоштон Калбат, Казакбай, Итике. Калбаттан, Кодор, Туяк. Кодордон Бекбоо, Сарытай. Бекбоодон Медер. Медерден Кулжан, Колдош. Кулжандан Оруzалы. Колдоштон Дүйшеналы, Молдалы. Туяктан Качыке, Бакай, Ороз. Качыкеден Таласпай. Андан Аалы. Бакайдан Жээнаалы, андан Турсунаалы. Турсунаалыдан Жаркымбай. Ороздон итийбай, Ырайым. Итибайдан Төлөген. Ыбырайымдан Шаңкый. Казакбайдан Сатыке, Келек. Сатикеден Жансары, Жээнтай. Жансарыдан Тойкожо. Тойгожодон Майлыбай, Кулубай, Чиркей. Майлыбайдан Байгазы. Андан Дүйшеналы. Кулумбайдан Жолдубай. Андан Дүйшеналы Ысак. Чиркейден Жамангул. Жээнтайдан Чыны. Чыныдан Куту. Кутудан Чал, Кулболду. Чалдан Дандыбай, Ырысалы, Ысак. Кулболдудан Жамангара. Колетен Ийжан. Андан Жанкул. Жанкулдан Мендеке, Шатман, Казак, Түлөбабыл, Мендекеден Курманаалы, Мамбет. Курманаалыдан Омор. Андан Сапар. Мамбеттен Абдыкалык. Шамандан Чотой, Жумалы, Сыдык, Осмон, Айдыраалы, Бейшеналы. Казактан Абдурайым. Итикеден Байтайлак, Карагул, Корчук, Жолболот, Сарытай. Байтайлактан Солтоке, Талканбай. Солтокеден Эшенгул, Станкул. Талканбайдан Өмүрзак. Карагулдан Куттук. Куттуктан Өскөнбай, Акмат. Өскөнбайдан Ыса. Акматтан Ормонкул. Корчудан Сулайман. Андан Осмонкул. Жолболоттон Турдубай, Умөталы. Турдубайдан Койчу, Ысмайыл. Сарытайдан Карач. Карачтан Мураталы. Мураталыдан Айылчы, Ыбырайым, Кенжебек.

Жараштан Норуз, Арыкман. Норуздан Бакы, Жээналы.

Бакыдан Байсакал. Андан Акмат, Акылбек. Акматтан Ормошаалы. Ормошаалыдан Ысламбек, Оторбек. Акылбектен Абдырайым, Талкан, Осмон, Абдылда. Жээнаалыдан Мусулманкул, Жанчар. Мусулманкулдан Карабала. Жанчардан Тойгонбай, Чанчамбай. Арыкмандан Берди, Атан. Бөрдиден Байбото, Куттубай, Тыйтан, Солтобай. Байботодон Борбучал, Садырбай. Борбучалдан Нурмамбет, Эгеш, Арыкбай. Куттубайдан Мамбеталы. Андан Жанузак, Асан. Атандан Жээнчоро, Кыштообай, Сураке. Жээнчородон Сооромбай. Кыштообайдан Жекшенаалы, Чокой. Суракеден Өскөнбай, Сатыбалды.

Кыргыздын өз аты Бекетай. Мойну кырылган адам болуптур. Бекетайдан Коргон, Мусулман, Коргондон Маңканак, Карагул. Маңканактан Бектемир, Бекболот, Кудайназар. Бектемирден Чыйырбай, Токо, Түлөберди, Аңчыкей. Чыйырбайдан Итийбас. Итийбастан Каракүчүк, Кемпир, Бекитай. Каракүчүктөн Чонто, Жайыл, Алымбек. Чонтодон Мендеш, Оробек. Мендештен Абдырайым, Абдылда. Кемпирден Бөлөкбай. Бөлөкбайдан Ысмайыл, Ыскак, Сейитбек, Нусупбек. Бекитайдан Ырысбай, Жакып. Токодон Сарымса, Солтоке. Сарымсадан Жүндүбай, Конурбай. Жүндүбайдан Алыбай, Акмат, Жузум. Алыбайдан Абдылда. Акматтан Сулайман, Абдыракман, Абдысейит, Жээнкул. Конурайдан Кулмат, Сыдык. Кулматтан Эсенгул, Тенти, Сыдыктан Ташкара. Солтокеден Улукбек. Улукбектен Ысмайылбек, Ысак, Абуке. Ысмайылбектен Молдокан, Атыкан, Төлө. Абукеден Чакай. Түлөбердиден Байсал, Төкү, Сарыкүчүк.

Байсарыдан Жообасар, Төлөк, Бечел. Жообасардан Сатыбалды, Жумабай, Айткул, Бообек. Сатыбалдыдан Сыдыкбек. Жумабайдан Сатай, Атыкан, Акылбек, Кенжебек. Айткулдан Жакшылык. Төкүдөн Бокмурун Сеңкибай. Бокмурундан Ныязалы. Ныязалыдан Сыдыгалы, Эралы, Шералы. Сеңкибайдан Ысманаалы, Маматалы, Райымкул, Сарыкүчүктөн Ыйбадылда. Ыйбадылдадан Асанбек. Асанбектен Камчыбек. Анчыкейден Чылпак. Чылпактан Мырзаалы. Мырзаалыдан Кожоналы, Молдокул. Бекболоттон Байтемир, Рыскелди, Сагындык, Коондук. Байтемирден Адыран. Адыраңдан Термечик, Нарбай. Термечиктен Кожогул. Нарбайдан Кулсымак, Сарыбай, Калыбай, Куттуба. Рыскелдиден Болчур, Кубат. Болчурдан Токтогул. Токтогулдан Дайырбек, Өмүрбек. Дайырбектен Баатырбай, Өскөнбай, Өскөнаалы. Баатырбайдан Бейшен. Өскөнбайдан Жумадыл, Жолдош. Өскөналыдан Ишен, Чаршен. Өмүрбектен Иманалы. Иманалыдан Сатымкул. Сагындыктан Байдөөлөт. Байдөөлөттөн Ажыбек. Ажыбектен Малдыбай, Сарыбагыш, Бөрүбай, Аманкул. Малдыбайдан Иманкул, Жолдош, Иманбек, Акылбек. Иманкулдан Карыпбек. Сарыбагыштан Субанбек, Кудай берген. Бөрүбайдан Ысырайыл, Сары. Аманкулдан Акматбек. Кудайназардан Курман, Чокчу, Калпак. Курмандан Атакиши, Айтпай, Саткын. Атакишиден Турдубай. Турдубайдан Кумалы, Тыналы, Насыралы, Осмоналы. Айтпайдан Бекмурат. Андан Тогмбай. Чокчудан Чынгыз. Чынгыздан Казакбай. Казакбайдан Темиалы, Эралы. Колпоштон Мамбет, Шамбет, Тилеш. Мамбеттен Байтерек, Ниязалы. Байтеректен Насыкул, Кенчим Тагаймат,

Алыбай, Сейталы. Ныязалыдан Бабагул, Бабалы. Шамбеттен Норузбай. Норузбайдан Акылбек, Асылбек, Стамбек. Тилештен Эркинбай Деркенбай. Эркинбайдан Чолпонбай. Чолпонбайдан Токтогул. Деркенбайдан Ырысбек, Айылчы. Карагулдан Тойчу, Жолдош, Чооке. Тойчудан Бектурган, Караш, Токтомал, Келгенбай. Бектурдан Бает, Абдукул, Оңолбай, Күрңбай, Каба. Баеттен Сүйүндүк. Абдыкулдан Субанбай. Оңолбайдан Иманалы, Түлөөкул. Күрөңбайдан Тоатосен. Кабадан Дүйшөбай. Дүйшөбайдан Калмыбек. Карачтан Алымбай. Алымбайдан Токтогул, Маметалы, Токтомат. Токтогулдан Мамбеткул, Абдыкул, Айталы. Мамбетальдан Нуркул, Нурмат, Турусбек. Токтомбеттен Шаршембай. Андан Кимбилет. Жолдоштон Жоогач, Байкожо, Бекназар, Бекиш. Жоогачтан Өмүрбек, Темирбек, Керимбек. Өмүрбектен Саадабай. Керимбектен Касымбек. Байкожодон Кыдыраалы, Кыдыке, Мийназар. Кыдыралыдан Төлөмуш. Кыдыкеден Сатымкул, Жапаркул, Молдокул. Мийназардан Төлбашы. Бекназардан Борончу, Бейшен. Борончудан Токтоналы. Бекиштен Атанбаш. Атанбаштан Кыштообай, Дүйшөнбай. Кыштообайдан Эстебек. Чоокеден Медер. Медерден Бектен, Чолчок.

Мусулмандан Аккозу, Мамаш. Аккозудан Атагул, Миңжашар, Жалгаш. Атагулдан Бекмырза, Майлыбай. Бекмырзадан Эшаалы, Момунаалы. Эшаалыдан Өмүрбек, Молдобек, Андабек. Момунаалыдан Дөөлөтаалы, Ормотой. Майлыбайдан Сейтаалы, Тургумбай. Миңжашардан Омоке. Омокеден Эшимбай, Кызалак,

Сарымсак, Дүйшөмбү. Эшимбайдан Түлөөкул, Түлөөке, Субанбек, Төбөт, Чиркей. Кызалактан Кара, Турсунбай. Карадан Кенешбек. Турсунбайдан Осмондук, Рыскул. Калгаштан Эсенаман, Мусураалы. Эсенамандан Намазалы. Намазалыдан Айдыралы, Мырысалы, Нурдөөлөт. Нурдубай. Мусуралыдан Керимбек. Керимбектен Тууганбай. Мамаштан Алымбек, Чыныбек. Алымбектен Сагымбек, Асылбек, Андаш, Түлөберди. Сагымбектен Айдыралы, Сейдалы, Бектен, Орозумбет. Асылбектен Дүйшөнаалы. Андаштан Үсөнөлы. Түлөбердиден Асаналы. Чыныбектен Малабек, Таштаналы. Малабектен Таштанбек, Рысбек.

Каракужурдан Кемпирек, Эсенгул, Кенжегул.

Темиркулдан Атаманам. Андан Кожомжар. Кожомжардан Бийбатыр, Доскул. Бийбатырдан Султаналы, Керим, Сарыча. Султаналыдан Токтор. Керимден Рыбай. Сарычадан Рысбай, Рысчай. Доскулудан Боккөтөн, Эсеке. Боккөтөдөн Мамыркан, Сатыбалды, Бердаалы, Нуралы, Баялы. Мамыркандан Кантаалы. Сатыбалдыдан Жусупбек, Жакыпбек. Бердальдан Турдукул. Баялыдан Нуркул. Эсекеден Жадары аман-кушчу делип аталуучу, себеби белгисиз. Кай бир инфераторлор аман-кушчуга Куртканын жантайынан тарагандарды да кошот.

Каймазардан Токтокучук, Түлөберди, Кенже, Таба, Чекир, Майтык, Шүкүр. Токтокучуктөн Бакыбек, Темиржан, Кошой. Бакыбектен Каракиши, Кубат, Солтобай, Майнеш Темиржандан Сасыкбай, Сарыкөтөн, Кубаткелди, Шүкүр, Тыныбек, Тынай. Сасыкбайдан Жайчыбек. Жайчыбектен Ногой. Ногойдон Сулайман,

Аман. Кубаткелдиден Сатылган, Беки. Тыныбектен Эсирбай, Сагынай. Кошойдон Эшкожо. Эшкожодон Туруш. Андан Бейшеке, Дүйшөкө. Токтокучуктан тарагандар "аксак бөрүм" делип атасынын эркелетүүсүнөн аксак бөрү-кушчу болуп аталган. Ошондой эле эркелетүүдөн Түлөбердинин тукумдарына да Сокур бөрү- кушчу ат калган. Түлөбердиден Райымбек, Шадыбек. Райымбектен Жээнбек, Салык. Жээнбектен Токтоболот, Жанболот. Токтоболоттон Чал, Субан, Даныяр. Жанболоттон Калча, Шери, Атантай, Талкан. Салыктан жети түтүн. Шадыбектен Алакучук, Баймырза. Алакүчүктөн Шайыбек, Коенбай, Күрүч. Баймырзадан Калмырза, Чылпак. Кенжеден Козубек, Итим. Козубектен Кангелди, Тилеке. Калгендиден Сасыкбай, Сарымсак. Сасыкбайдан Жусу, Миңжашар Чыныке. Жусудан Бокмурун, Кебек, Чормон. Бокмурундан Ыманалы. Миңжашардан Уйбак, Шыгай. Уйбактан Ыштыбек, Кожобек, Молдобек, Колдошбек. Шыгайдан Орозаалы. Чыныкеден Курама. Курамадан Аалы, Сулайман. Сарымсадан Акназар, Боруке, Жакып, Ысман, Саякбай, Нияз. Акназардан Бекназар, Осмон, Нурмамбет, Баялы. Бекназардан Токтосун, Түлөөжан. Токтосундан Биримкул. Түлөөжандан Сопубек. Осмондон Бекташ, Байташ. Бекташтан Жунуш, Казынбай. Жунуштан Касымкул. Касымкулдан Кектал. Байташтан Мамбет. Мамбеттен Алымбек. Баялыдан Үсөн, Ысак, Ыбырайым, Абдыкайым. Тилекеден Сароош. Андан Таттыкожо, Курманкожо, Атыкожо. Итимден Алчибек, Келдибек, Олжочу, Адылбай, Байкиши, Жаманкыз, Бүргө, Адылбек, Акбото. Табалар ондон ашуун түтүн. Чекирден Чүрпө. Чүрпөдөн Казыбек. Казыбектен

Райымбай, Ойкине, Сарыш. Райымбайдан Сагындык, Жабагы, Чынкожо, Тойкожо, Бердибек. Сагындыктан Курманкожо, Акыбек, Чыныбек, Карабек, Жанай, Арслан, Кебекбай, Талкан. Чекирден тарагандан Чүрпөлөр делип аталган. Майтыкатан Бегаалы, Кеодек, Эпбото, Саты, Абышка, Момун. Булар кырк түтүн чамасында. Шүкүрдөн Акбай, Абакиралы. Бочунун жана Кутужандан тараган түнтүндөр беш-алтылап гана саналат. Катагандын кан соорунун Эшим мынн ханы чапканда киричуланга Накай олжого келет, Андан Ботокиши. Ботокишиден Бабаш, Бекеш, Усөйүн. Бабаштан Кожомберди, Тиленчи. Кожомбердиден Сасыкул. Сасыкулдан Алтыбай, Арык, Райымкул. Тиленчиден Кебек, Жандос.

ЖЕТИГЕН

Узун сакал Шык деген адамдан Түктүү баба. Андан Чачтуу Азис. Чачтуу Азис аненди чалыш адам экен. Күндөрдүн биринде эшегин минип алып Түрк атанын кабыры тараптан башы оогон какка сапар чегип келе катса, бир убакта эки ийинен шуу этип эки көгүчкөн жанып өтөт. Эшеги үркүп Чачтуу Азис кыгыла жаздайт да ачуусу келип таягын колуна туткан бойнча көгүчкөндөрдү бир уруп калууга алардын конор жерин көзөмөлдөп күрүп олтурат. Акыры көгүчкөндөр Сыр-Дарыянын жээгиндеги камыштарга жашырынып барып конот. Чачтуу Азис жакындап келсе кейиптерин чечип салып эки перинин кызы суугa түшүп жатат. Азис бирөөнүн кебин ала коет. Экинчиси көгүчкөн кейпин кийген бойнча учуп кетет. Азис перинин кызына үйлөнөт да кепти жанында ынтыйып сактап жүрөт. Бир күнү кебин темир сандыкка салып койсо перинин кызы оной эле алып киет да:

— Менин курсагымда сенин аманатың калды. Акыры адамзатка кайрамын— деп учуп кетет.

Ошол тарапта дагы бир эчкичи кедей чал болот. Ал аз акы алып байдын эчкисин кайтарат. Өзүнүн да төрт-беш эчкиси болгон. Күндөрдүн биринде бир сур эчки жайыттан жоголуп кетип кайра айылга келатканда топ сүтүкөндүн арасынан чыгып эчкилерге кошулат. Эртеси да, эртесинин эртеси да ошондой болгон соң, чал эчкини андып

барса жылаңач баланы эмизип жатат. Чал сүйүнгөнүнө чыдабай калтаарып, муундары калчылдап, баланы конултак койнуна катып үйгө алып келет. Кемпиринин курсагына тердиктин ичмегин салып, күндөн күнгө чоңойттуруп жүрөт да, бир жумадан кийин "Кемпирим төрөдү" кылып эчки союп эл чакырат. Аты эчки тапкан Эдиге коюп алат. Бериден туулуп, эчкини эмген Эдиге алты- жети жашка чыгып талаада ойноп жүрсө, эки бай кыйылдашып келатат.

— Эй, акелер, кайда баратасыңар?—дейт Эдиге.

— Э, Сенин ишиң эмне эле, ойнуңду ойноп жүрө бердешет берки экөө.

— Айтып койсоңор, акелер. Кыйылдашканыңарга караганда ортоңордо талаш бардай көрүнөт. Жанылбасам Токтомуш ханга бараткан өндүүсөр. Баланын бул сөзүн угуп берки экөө таңдана түшөт:

— Аны кайдан билдиң?

— Бараткан багытыңар хандын ордосу. Сыртқы кейиңерге жана сүйлөшүүңөргө караганда экөөңөр теңдеш дөөлөттөгү адамдар сыяктуусуңар. Кабагыңарга, көзүңөргө, жүзүңөргө карасам көп оор эмес нааразылыктын белгиси бар. Мына ошол белгилердин бардыгы эмнени айтарын мен ушул эле жерден, ушул эле Кокон шаарында жашаган элден бир нече жолу байкадым. Анын үстүнө экөөңөр: "кайдан келдиң"-деп таң кала түштүңөр. Эгер мен сырыңардын

билгеним жалган болсо кайдан таң калмак элеңер. Бул жолдон күнүгө бир нече адамдар кежилдешип өтүп, бирээрлени каткырып, бажактап текеберлүү кайтса, экинчилери үнкүйүп же абдан кайгылуу кайтышат. Көрсө Токтомуш хан маселени абдан тактап чечип экөөнү тең ыраазы кыла албайт экен. Эми мен силерге керектүү сырымды айттым. Силер да мени сыйлап сырыңарды айтаарсынар, акелер.

Экөө аргасыздан бирин-бири карап турушуп сырларын айтышты.

— Экөөбүздүн тең эки кара нарыбыз бар эле. Экөө тең туулп турган мезгилинде жоголуп кетти. Издеп жүрүп экөөбүз эки жактан бир мезгилде төөлөрүбүздүн үстүнөн чыктык. Экөөнүн тең ичтери бошогон, бирок- ортосунда жалгыз бото экөөнү алмак-салмак ээмп турат. Ушул тайлакты биреебүзгө кыйып берсин деп Токтомуш ханга баратабыз".

— Эмесе барбай эле койгула. "Экөөңөргө тең жок. Өзүм алам"—деп өзү алып коет. Бул чатакты мен чечейин.

Эмнеси болсо да жөн бала эмес көрүнөт"— деген ойго келген даттуулар макул болушат. Бала ботону бөлдүрүп калып төөлөрдү алыстатып айдатат да, кыл чылбыр менен ботонун санын толгойт. Бото боздоп жиберет, ошондо төөнүн бири айдоочуга мокон бербей, бала чиркин кыйын эмеспи, ботого качып келип, экинчи төө көп жан талаппай кете берет.

— Мына, өз энеси эле чыдабай келди— деп Эдиге чатакты чечип берет. Бул сыяктуу бир нече окуялар кайталанган соң, Эдигенин кабары Токтомушка угулуп, хан баланы чалдан зордуктап сарайына алдырып алат.

Эдиге Токтомушту кийин хандыктан алган экен. Ошондо Токтомуш:

Аттан тууган ак сурдун,
Учкулдугун билбептмин.
Эчкиден туугам Эдиге,
Эр болорун билбептмин— деп арман кылыптыр.

Токтомуштун ордуна Эреше хан келет. Эдигеден Агыман. Агымандан Эрек Молдо. Бул уламышта Жанкорозду ээрчип келген Асылбек менен Кайыспектин энесинин аты Маанитай, атасынын аты Муратай. Муратайдын атасы Канчоро, Канчоронун атасы Чубак, Чубактын атасы Акбалта болуп кетет.

Асылбек менен Кайысбек молдо Эректен Жанкороз болуп чогуу окушкан. Саяк карыганда неберелерин чакырып алып:

— Мен атамдан жаш жетим калып, эки жашымда энемдин гана багуусунда калдым. Менден жалгыз Каба. Кабадан силерсинер. Чоң атам деп мени сыйласаңар энем Маанытай, өз атамдын кийинки тутунган атам Эректен кабар алгыла дейт.

Байболот жортуулчу аттанып Коконго барса Кайысбек

кеткенден кийин молдо Эрек менен Мазитай өлүп Ибрайым Жунус, Сыдык, Жусуп, Чекир деген беш биртууган жетим калган экен. Байболот жортуулу барып кабарлашкандан кийин ал бешөө Байболот жортуулчуну узатып коюп, артынан жөнөшөт. Молдо Ибрайим Коконго кайтып кетет. Калгандары казактын аргын урутунда жалданып иштеп калат. Молдо Шакир аргындын бойго жеткен бир кызы менен сүйлөшүп, бирок алууга чамасы келбей жашыруун жүрүп кыз бир бала төрөп, андан Короолош деген урук тараган. Молдо Шакир Кайыбекке келет да, андан Чакыр саяктар тарайт. Молдо Жусуп да Шакирди ээрчип барып Качканак аттуу уул көрөт. Андан Асан, Арзымат, Көкүмбай, Жорукту-- саяктар. Молдо Сыдык казак ичинде калып, анын тукумдары Кызылборк, Кысай деген уруктар. Алма-Атага жакын Кыргыз-Сай деген жерде турушат. Молдо Жусуп султан Кытай, Төбөй деген эки уул калат.

Молдо Ибрайымды Кокондон Кудайберди Кушчуларга молдо кылып Эреше хандан сурап келген. Ибрагим Жети хандыкмын деп айтуучу экен. Ошондон анын тукумдарына Жетиген деген ат калыптыр. Тукумдары кушчулар менен чогуу есүп солго кошулуп калган.

Ибрагимден Кыргый, Кыбал. Кыргыйдан Мурадыл. Мурадылдан Шамшы. Андан Дербиш. Дербиштен Алыке, Көчек. Алыкеден тукум азыраак жана чачыранды.

Көчектен Алыке, Кулсейит, Назар, Үсөнбай, Керимкул. Алыкеден Сасык. Сасыктан Өмүр, Умкөш. Өмүрдөн Байбото,

Жанбото. Байботодон Борош. Бороштон Бүтөш. Бүтөштөн Аман. Амандан Калый, Жуматай. Жанботодон Жапар. Жапардан Назарааалы. Үмкоштон Кожояр, Турду. Кожоярдан Казыбай, Шонур. Казыбайдан Жуман, Карабай, Кырбаш. Жумаштан Масели. Маселиден Кожомберди. Карабайдан Абдыкерим. Кырбаштан Алымкожо, Жамаке. Шонурдан Эгизбай, Нурдөөлөт. Эгизбайдан Молдостом, Карагул. Нурдөөлөттөн Үмөталы. Турдудан Атай, Райымбек, Райымкул. Алтайдан Түркмөн. Түркмөндөн Кубатбек. Райымбектен Үркүмбай. Үркүмбайдан Табалды. Табалдыдан Темирбек. Райкулдан Жөкө. Жөкөдөн Норузбай, Сагымбай. Кулсейиттен Итемген. Итемгенден Дүйшөгул. Дүйшөгүлдан Темир, Болот, Чыбы. Темирден Кошой, Эсирке, Нарбото. Кошойдон Жуман, Жаныш, Багыш. Жумаштан Саке, Үкү, Кыдык. Сакеден Абышка, Ыйса. Абышкадан Намазбек. Ыйсадан Бактыбай, Бактыяр. Үкүдөн Жаңыбай, Абыке. Кыдыктан Турсуналы. Жаныштан Төкө, Адигине. Адигинеден Мамыкул. Төкөдөн Итике, Майма. Багыштан Ырысалы. Эсиркеден Алыбек. Алыбектен Арстанбек. Арстанбектен Бектур. Нарботодон Мамыр. Мамырдан Байсары, Кулсары. Болоттон Жолдош, Надыр, Садыр, Жолдоштон Жансүйөр, Чокобай. Жансүйөрдөн Төлөгөн. Төлөгөндөн Кожомберди. Чокобайдан Кудайберген. Кудайбергенден Айып, Кошаалы. Айыптан Ниязбек, Кадырберди. Надырдан Түлөөке, Шамаке, Түлөөкеден Акматбек. Акматбектен Саадабай, Асангул. Шамакеден Усубалы. Усубалыдан Абдыбек. Садырдан Бекбай, Качканак. Бекбайдан Табылды, Кыдыр, Ая, Белек. Табылдыдан Нарынбай. Нарынбайдан Мусулманкул. Кыдырдан

Маанияз. Аядан Берекбай. Белектен Айдарбай. Айдарбайдан Шакир. Стамдан Абдырайым. Чыбыдан Байкуту, Байшүкүр, Тойчубай, Байтүгөл, Токтор. Байкутудан Жайыл, Дөрдөн, Куматай. Жайылдан Күду. Күдүдөн Сыдыгаалы. Сыдыгаалыдан Шаршен, Иманкул. Дөрдөндөн Чоту. Чотудан Кулманбет, Алманбет, Ыбрай. Кулманбеттен Керим. Алманбеттен Туку, Раманкул. Ыбрайдан Шаршеке. Култайдан Токтосун. Токтосундан Мүсүркул. Мүсүркулдан Абылабек, Мырзабек, Чойбек. Байшүкүрдөн Дуулат. Дуулаттан Атамбек, Төлө, Жээнаалы. Атамбектен Алыкул. Алыкулдан Карагул. Карагулдан Бекбай, Бексултан. Төлөдөн Эгемберди. Эгембердиден Тургумбай. Жээнаалыдан Ыйса. Ыйсадан Арыкбай, Өмүркул, Өмүрзак. Арыкбайдан Темирбек, Көчөрбек, Сатыбалды. Тойчубайдан Курман, Итибай, Артык, Кебек. Курмандан Жетиген. Жетигенден Бегалы. Бегалыдан Абылай. Итибайдан Тулуке. Түлүкеден Арзыгул. Артыктан Мамбеталы. Мамбеталыдан Жапаркул, Кадыркул. Кебектен Сыдыкбай. Сыдыкбайдан Мамбетсалый, Тургунбай, Тургунбек. Байтүгөлдөн Беки. Бекиден Эсеналы, Мүсүралы, Аалы, Ийманалы, Бача. Эсеналыдан Абдыкалык. Мүсүралыдан Жүкөн. Жүкөндөн Үсөйүн. Аалыдан Абдыкадыр. Ыйманаалыдан Жумаке. Жумакеден Дербиш, Омор, Алсамбек. Бочодон Жусупказы. Токтордон Качы, Талас, Данды, Бозумбай. Качыдан Сооронбай, Конурбай. Сооронбайдан Мааланберди. Мааланбердиден Асанаалы. Конурбайдан Байса, Сүйменаалы, Орозбай. Таластан Айдыраалы. Айдыраалыдан Боромбай. Боромбайдан Бектен, Бирлан. Дандыдан Жүкөш,

Акмат. Жүкөштөн Мааматказы. Маматказыдан Болот, Темиркан. Акматтан Сагындык. Бозумбайдан Керимбай, Керимкул, Керимаалы, Жүкө. Керимаалыдан Карагул. Керимкулдан Сагымбек, Шамшы. Керимаалыдан Абдыказый, Эркебек. Жүкөдөн Сарыбагыш, Чокен. Назардын тукумдары азыраак. Үсөнбайдан Бегат. Бегаттан Мамбет, Жамансарт, Жаманак, Каработо. Мамбеттен Кочкорбай, Кубатбек. Кочкорбайдан Ажыке. Ажыкеден Токтомуш, Сөйкө. Токтомуштан Барак, Кыдырбай, Ногой. Баректан Раманкул, Акмат. Раманкулдан Айткул, Сары. Акматтан Райым, Жаңыбай, Салымбай. Кыдырбайдан Муса. Ногойдон Туралы. Сөйкөдөн Сулайман, Жунуш. Сулаймандан Көчөк. Көчөктөн Окен, Темирбек. Жунуштан Калыбек. Кубатбектен Дүйшө, Тилеш, Илебай. Дүйшөдөн Байбосун, Жийдебай. Байбосундан Токтогул. Жийдебайдан Акматбек, Адамкул. Акматбектен Касымкан. Адамкулдан Сайлы, Болотбек, Жумабек, Калмаш. Тилештен Мырзабай. Мырзабайдан Төзгөн. Илебайдан Акмат. Акматтан Качкынбай. Мамансарттан Эңкелеш. Эңкелештен Байкүчүк, Чүдү. Байкүчүктөн Насыр. Жаманактан Сакимбай, Осмон. Сакимбайдан Жунушбай. Осмондон Чотон. Каработодон Сатыбек. Сатыбектен Жапаркул. Керимкулдан Ботбай. Ботбайдан Жүкө.

Дербиштин Алике менен Көчөгүнөн башка кайдан келгени белгисиз асыранды Бакырым денен баласы болгон. Ага кийин Жоломан деген ат коюлат да дербиштин чоң үйүн эөлейт, анткени— эки уулу мурда бөлүнүп кеткен. Ар ким аны: " Дербиштин кулу кэра мокн"— дегенде, Дербиш:"жок, бул карамокнум эмес. Карамокндан Алыке менен Көчөгүм.

Коламаным- накта балам--Сарымоюнум--дептир. Кыргыйлар ошондон Карамоюндар жана сарымоюндар болуп бөлүнүптүр. Сарымоюндан Мунгуш, Торо. Кыргыздын тукумдары адегенде Таласта кушчулардын бий-манаптарына букара болуп турган. Карателдын хан Бургөсү чыкканда анын туугандары букараларга жайыт бербей, малын тартып алып кордук көргөзө баштайт. Канкелдиден тараган Сарымса жана Сарыкбай дегендерди бир жолку чектен ашкан опусасында өлтүрүп коюшуп, Кожояр-дын баштоосунда Чүй бетиндеги солтолорго корголой качышат. Кожояр:

— Канай, мен келдим сага- десе, Канай:

— Сен балың маңка, артың көөнгү болгондо келип олтурасың. Мурунтадан кайда жүрдүң эле? дейт. Кожояр ага жооп берет:

— Мен ополо маңка менен көөнгүнү айыктыруучу табыпты, сени изеп келдим. Кожояр менен Канай кеңешип кушчуларга кун берген. Кожоярдын он тогуз, жыйырма жаштагы Медербек деген уулу болгон. Алар өзүнчө кеңешип: "Биздин каныгыбыз кабыл алды. Басынтып мамиле кылып жатат. Бул жерге турбай Сегизбекке кетели. Ормон хандын элине барсак балким корголорго жай табарбыз— дешип, элге үй чечтирип, көч жүктөтө баштайт. Медер Каныйдын айлына бастырып барса:

—Ой, эмне эле жүктөнүп өзүңөр билгенди кылып жатасыңар- дейт.

Анда Медер чечен киши экен, жооп берет:

Эй, менин атаным бар атым бар,
Көчсөм элге жетемин.
Кетменим бар, чотум бар,
Чапсам сууга жетемин.

— Ой, мен сени кундан куткарбадымбы. Жакшылыкка жамандык туткан экенсиң да.

— Кундан куткарганың менен тилиндин заары сөккө жетти, го. Жуткурганың уу кошуп, жедиргенинди кайра кекиртектен сыкканыңа мактанасыңбы. Бизди хан Ормон чакыртыптыр--дегенде, Канай аргасыздан унчуга албай калат. Медер, Кыргый - Жетигендерди сегизбекке көчүрүп барат. Ал жерде андан бетер тозокко түшүп бирин-экн малдарынан айрылып кул атка конуп, куур тон кийишет. Ары тартса араба сынат, бери тартса өгүз өлөттүн өзү болуп, кетпейин десе сегизбектердин семиздиги кыйнап, кетейин десе Ормондун зомбусу чыныр болот. Ормон өлгөндөн кийин гана алар Кеминдеги Жантайларга көчөт. Аликенин тукумдары Кочкор тараптагы Сарыбагыш сегизбектердин ичинде кала берген. Жантайларга келгенде да, багы жокко дагы жок болуп кушчулардын эл бийлеп мал жутарлары айтып жургендей эле кул аттары өчпөй, чолок этектери узарбайт. Шабдандын агасы Маамыт менен Түмөнбай деген Жетиген кежилдеше кетип Жетигендерди Таласка көчүрүп к

жөнөйт. Шабдан кат жазып солтонун Кучкач дегенине кишi чаптырганда Кучкач "Кыбалдын тукумдарына кошулуп өлөлү" деп азап чегип көчүп бараткан Кыргыйларды Суусамырдан тозуп туруп, азыркы Калинин районунун территориясына соатолордун ичине алып келет да, алар букара боюнча кала берет.

Кыбалдын тукумдары да Кыргыйлар менен баратканда Бүргө жетигендер кетсе көп күч, көп байлыктан ажырап калганынан чочулап токтотууга үлгүргөн. Ошону менен экиге бөлүнгөн букара уругу көп жетигендердин кыбалдары Кара-Кол суусунун Талас суусуна кошулган жерлерде кала берген.

Кыбалдар Кудайберген, Тагаймат, Байсейит, Меңсейит, Кудайназар, И Нияз. Кудайбергенден Жаланайза, Кудайменде, Ормош. Жаланайзадан Кожо, Кашкары, Элчи, Сүйөр. Кашкары жана Сүйөрлөрдүн жартысы Чүй өрөөнүнө кеткен. Кожодон Жээнтай. Жээнтайдан Казыбек, Төкөбай, Сүйүмбай. Казыбектен Алымбай, Орош. Алымбайдан Ырысалы. Ороштон Акын. Төкөбайдан Курманбай. Курманбайдан Таштан, Бектен. Сүйүмбайдан Ыбыш, Сулайм ан. Сулаймандан Бектен. Элчиден жалгыз түтүн. Кудайменденден Бейше, Насип, Жаңыбай, Түлөөмет. Бейшеден Чокой, Чыйбыт, Төлөбай, Аргынбай, Байтөбөт. Чокойдон Конокбай, Конушбай, Араке. Тоной. Сейиттен Төрөкелди, Шаамырза, Шыгай, Ногой. Төрөкелдиден Орунтай, Малай. Орунтайдан Алыбек. Алыбектен Асанбек. Малайдан Райымбек, Мамыралы, Бабалы, Чыбы, Дилдебек. Райымбектен Алымбек, Эсенбек. Шаамырзадан

Мырзакен. Мырзакенден Турар, Короз, Мекиш. Турардан Талас. Токтонойдон Жакыбек, Казанбак. Казанбактан Таакыбай, Жекшен. Таакыбайдан Жайчыбек. Жайчыбектен Оросбек. Жекшенден Жакыпбек, Муканбек. Конушбайдан Сурап, Нурак. Сураптан Жаркынбай. Жаркынбайдан Кул. Кулдан Матай. Нурактан Казак. Казактан Осмоналы. Осмоналыдан Алымбек, Чойбек. Алымбектен Асылбек, Франтбек. Аракеден Татыбек, Бакыбек. Татыбектен Алыбай, Акылбек. Алыбайдан Сагыналы, Мүсүралы. Мүсүралыдан Жакыбалы, Асыранкул, Турдалы. Жакыбалыдан Замир--беш жашта. Орусча тынчтык үчүн деген сөздөн алынып ат коюлган. Акылбектен Султаналы, Ырысалы, Шаршеналы. Султаналыдан Жумалы. Жумалыдан Акун. Ырысалыдан Исмайыл. Шаршеналыдан тукум жок. Бакыбектен Норузбай, Мамбеталы. Норузбайдан Талтанбек, Жумабек. Мамбеталыдан Насыралы. Чыйыттан Итемген, Жүсөй. Итемгенден Дуулат, Каракүчүк. Дуулаттан Байказак, Ботбай, Жумагул, Өмүралы. Жүсөйдөн Ийгилик, Чыңдөөлөт. Ийгиликтен Байтору, Жантору, Телкозу, Түркмөн. Чыңдөөлөттөн Берик, Абейилде; Токтоназар. Төлөбайдан Чыныке, Айткан. Аргынбайдан Кубат, Кубул, Чырыкбай. Байтөбөттөн Узак, Шалтак. Насиптен Жылкымыш, Тогонош, Агонош, Татыбай, Бактыбай, Ботбай, Бокон. Жылкымыштан Каракүчүк, Токтор, Жээнбек. Каракүчүктөн Кудабай, Темир, Олок, Үркүнбай. Тогоноштон Әдилбай, Нарыбай, Дөөлөткул, Бокбасар. Әдилбайдан Кулдан, Сасык, Талканбай, Исман. Аганаштан бир түтүн. Татыбайдан Карагул, Карабай, Сарыбай. Бактыбайдан алты, Ботбайдан тогуз

түтүи. Бокондон Багыш, Кочкор, Теке. Жаңыбайдан Чымырбай, Байбото, Эрназар, Бегназар. Чымырбайдан он бир, Байботодон он төрт түтүи. Эрназардан Байжырза, Чотон, Борсук. Байжырзадан Сарыкүчүк, Өңүжаман. Чотондон Адылбек, Боруке. Түлөөметтен Карга, Бөрүбай, Баястан.

Тагайматтан Насыкул, Торгой, Бекболот, Кенчим, Маңканак, Аксары. Насикулдан Такабай, Тойчу. Тойчудан Түлөбердии Тилембай, Тилеке. Бекболоттон Эрназар, Айтбек. Кенчимден Саяк, Чокон, Мурат.

Меңсейиттен эки түтүн. Байсеиттен да түтүн аз. Кудайназардан Куттубай, Конокбай. Жетигенден негизинен кыргыздардын бир бөлүмүн түзүшөт.

С А Р У У

Долоондун Көөбаш деген баласы да болгондугу жогоруда эскертилген эле. Көөбаштан Назар. Назардан Көнөк: Көнөктөн Ылдаш. Андан Сары. Саруу деген наам ушул Сары деген аттан келип чыккан дешет. Сарыдан Кыркуул, Тубай, Эшим. Кыркуулдан Келдей, Мачак, Бешнаман, Бишкендер. Тубайдан Кубулек, Култай, Мураталы, Тагайберди, Менди. Мураталыдан Боргемик. Тагайбердиден Айтамга. Айтамгадан Жамантай, Кашка, Тораяк, Кашка. Тораяктан Чүкө, Кууке, Атек. Кенжеден Тогузбай, Сейит. Жамантай, Кашкадан Жалпак, Тиличаян, Баркы. Жабайдан Очок, Кабайдан Кысыроо. Мендиден Балыкчы, Кашкатаман, Жолжакшы, Баркыдан Жабай, Кабай, Райбай, Акубай, Кедейбай, Кызылкулак, Чалкан, Бөлөкчал, Оготур. Кашкатамандан Саке. Жолжакшыдан Жээнбай, Чычоо. Эшимден Тегечин, Колпоч. Колпочтон Каракчы, Бикей. Тегечинден Шабыке, Жапалак, Чоку, Үкү.

Эшим эр киши экен. Эшинин малын жоо тийип кеткенде катагандардын хан Турсунуна элин табыштап жоголгон сан малдын артынан сая түшөт. Ал үч жылга жоголот. Хан Турсун бир жылга айлантпай Эшимдин элин итке мингизип, тери чайнатып, жалбырак жалынтып чабат. Жигиттерин кунга, кыздарын күңгө, эрдүүлөрүн жесирге, жесирлерин өлүккө айлантат. Үч жыл айланып Эшим Мендинин жети уулунан тарагандар жети уруу делип аталат.

Мендинин тушунда кайдандыр көп колдуу адам келип айылдагы тыныраак адамдарды чатыр тигип коюп чакырта берет. Баргандар кайтпайт. Бир күнү кезек Мендиге да жетет. Анда Менди жети баласына жети күлүк ат минтизип:

-- Барган элдин бардыгы эле кайтпай жатат. Силер бери жагынан карап тургула. Эгерде кандайдыр каргаша болсо белги берип, чатырды жок дегенде бир кыймылдатканга жараймын. Ошондо изиңерди таптырбай туш-туш жака качып кеткиле. Эл сак болсун. Тукумубуз үзүлүп калбасын-- дейт. Кара Менди барса, бир ороого баргандын бардыгынын башын чаап алган экен. Менди жанындагы узун болот кездигин алып, чатырдын төрүндө олтурганын качырып сала берет, Анткыча үлгүртпөй кароолчулары Мендини Кармашат. Менди чатырдын мамысын солкулдатып кетет. Жети уулу берген белгини көрүп качып кетет. Мендинин башы алынат. Жанакы баскынчынын жүрөгү түшүп: "Кара Мендиден сактагыла"-- деп таң атканча жөөлүп жатып өлүптүр. Мендинин балдары туш-тушта жүрүп анын балдарынын балдары аталарын сураштырып жүрүп кийин гана Таласка келип кошулушуптур. Жети жактан келген жетти уруу делип ошондон аталыптыр.

Байдын уругу Очок атанат. Эшим кесе айылдардын күнү жок. Бир алачыкка кирсе тырбыйган байкуш кемпир жатат. Ал жалдырап жатат. Кемпир тирүү, бирок тилге келе албайт. Оозуна суу тамызгандан кийин азга туруп

Эшимге көзүн кадап кубангандай болот. Көзүнөн жаш айланып барып үзүлүп кетет. Тышка чыкса улуп жаткан куу ит жүгүрүп келет. Мүндөрү самтырап түлөгөн. Кабыргасы терисинин сыртына бүткөндөй кыржайып кыржаят. Ит да болсо ошондой оор абалда калып, жалгыз ээси бактысыз кемпирди кайтарып жаткандай. Бирдеме шам-шум эттир дегенсип кыңшылайт да, шыпандап жалдырайт. Эшим экинчи алачыкка кирип өлгөн аялдын көкүрөгүндө өлүп жаткан терилери балбырап кир баскан кичинекей кызды көрдү. Дароо сыртка атылып чыгып, атына минип Эшим ми хан Турсунга жөнөдү. Хан Турсундун айлына жакындаганда көп көп койдун четинде бир аял мундуу үн менен ырдап түшүп ыйлап олтурат:

Кой кайтарган биздин кыз,
Отун алган ммы биздин кыз.
Эңчегей мокон эр Эшим,
Эсен барып соо келсе,
Болор бекен хан Турсун,
Биздин кыздай сиздин кыз.
Хан Турсун сени ант урсун!

Эшим хан Турсун антын бузуп тынч жаткан элди алдап туруп чаап, кулдантып жибергенин аялдан толук сурап билип, өзүнүн Эшим экенин билдирбей жүрүп кетет. Ал, Багыштарга, Кытай, Кыпчактарга барып кол жыйнайт. Көкүм бий да келет. Бул кабарды укkан хан Турсун эч нерсеге

карабай Иле суусунан кайык менен өтө качып, өз башын гана аман алып калууга аракеттенет. Чынында эле аман кутулуп, ошо бокнча дайыны да чыкпай калат.

Хан Турсундун мыкаачы иниси Шамай, Султандыны дагы бир топ уятсыз жакындары өлтүрүлүп, Шамай Султандын тогуз жашар баласы Солтомүрөк, Мониокко бөлөгөн дагы бир султандын аялы жана Агынай, Жоолук, Накай, Койайдар, Койбагар деген балдар олжого саруулардын колуна түшөт. Мончоктуу аялды Эшим алып, андан Колпочтор тарайт. Солтомүрөк ала таакы тон кийип, ала тай минип жүргөндө кармалып аты Алакчын коюлат. Ал жаш болсо да акылдуу, сулуу бала экен. Атасын анын каардуу-канкордугу үчүн жаман көрүчү. Алакчын Боркемиктин колунда калат. да, жылкы кайтарып жүрөт. Боркемиктин аялы аны жакшы көрүп, сырттан киргенде: Келегой-- деп ордунан тура койчу экен. Алакчынга атактуу байдын кызын алып берели десе: - Мен ага күч күйөө болуп бүжүндөп жүрө албаймын--деп ороо кайтарган кедей Абышканын кызын алат. Андан Ийрижолоң туулат. Ал бир жолу айылына кайнаган жоо келип, бутуна ок тийсе, бүкүн таңып кайра сан жоону сайган баатыр экен. Ийрижолоңдон Олжошык. Олжошыктан Кычымерген, Арзыкул. Кычымергенден ал замандын сыкы-чыкы тынчсыз турмушунан Кетмен-Көбө тарапка кетип Сатыкей уругун түзгөн. Арзыкулдан Бабыр, Түйтө, Калча, Тагайкул, Култай. Бабырдан Атагозу, Тайлак,

Найза, Чоткол. Түйтедөн Түйтөлөр таркайт. Калчадан Акбай. Акбайдан алты. Култайдан Райымбек. Райымбектен Райымкулу.

Тагайкул өлүп калган Касмат деген агасынын аялын алат. Андан Боруке, Сырдыбай. Борукеден Жанбала, Коңкобай, Алчыкен, Кубатбек, Шабото. Жанбала менен Коңкобайдан Чиркей уругу тарайт. Алчыкенден Ажыбек, Чыныбек, Байсейит, Жоомарт. Ажыбектен Кудаяр, Нурак. Жоомарттан Күнтуу. Күнтуудан Түлөберди. Түлөбердиден Бугубай, Кулжабай, Чынгышбай, Кыбырай, Жанбай, Тагай, Карагул, Жуматай. Чыныбектен Каныкей деген аялынан Айдыраалы, Мусураалы, Асыл, Чомок. Коңуржан деген аялынан Барат, Болот, Бийназар. Кубатбектен Саза-баатыр, Токтомуш, Назарбек, Кожоберди, Көксоо. Шаботодон Шаңгытай, Балы, Барак, Өмөкө, Жанузак, Садыр, Солтоной, Алдаке, Мендазар, Жаназар, Акмат, Майназар, Бердиш, Надыр. Сырдыбайдан Бердике, Борбодой, Акбайбиче. Борбодой менен Акбайбичинин тукумдары Бердикенин тукумдарынын ичинде, бардыгы Бердикенин беш берен же жөн эле берен деген атта жүрүшкөн. Бердикеден беш уул болгон: Жарыке, Жабагы, Жаныбек, Сатыбек, Тойчубек. Булар шайдоот тугунан беш берен атка конгон экен. Сатыбек менен Тойчубектен тукум калган эмес.

Агынайдан Эсенгелди, Борой, Алтаяк, Чоң, Кадим. Койлардын тукумдары Боркемиктердин, Койбагардын тукумдары казактардын ичине кеткен.

Менди казактан алып келген бир баладан Бештеректер тарайт. Кабай, Күркүрөө деген баланы да казактардан алып

келген дешет, бирок Күркүрө Таластагы жердин атына байланыштуу эле Мөнөк деген адамдын Жолболду, Кулболду, Рысбай деген балдарынан тараган уруктарга коюлган ат дешет. Мөндөктүн атасы жөнүндө кабар жок.

Легандалардын биринде Күркүрөсүн Саруулардын төмөндөгүдөй тараткан.

Адыскы замандардын биринде Алимир-Темир дегендин кол алдында Ларкан жана Даркан деген эки бир тууган малай жүрөт. Ларкандан багыш, Даркандан Саруу Туумунтур. Саруудан Ногой, Шыгай жана Бөөтерек. Булардын Ногой менен Шыгайынан Күркүрөлөр тараптыр. Күркүрөөлөр Олжотой, Мамбет, Эрназар, Таңабай болуп бөлүнүчү экен. Дагы бир асыранды баладан Караболоттор деген урук тараптыр.

Саруулардын бир бөлүмү Ысык-Көлдөгү Бугулардын ичинде жүргөн. Алардын бөлүнүп кетиши жөнүндө төмөндөгүлөр айтылат.

Саруулар Таласта Бердикенин башкаруусунда турганда, Бердике кайдадыр эл чапканы жөнөп, ордуна Мөнд Мөндөктү калтырып кетет. Мөндөк кырс адам болгондуктан Бердикенин бир тууганын өлтүрүп коет. Бердике кайтып бул жөнүндө билип, Мөндөктү өлтүрөрдө Мөндөк Аныйянга качып, андан Ысык-Көлгө келет да, андан биз жогоруда айтып кеткен үч уулдун тукуму таралат. Бул уламыш Күркүрөлөр Мөндөктөн тарабастан, Мөндөктөр Күркүрөөнүн берирээктен чыккан тармагы экендигин билдирет.

Таласта Колпоч- Арык дегенди чаптырып Колпоч Култайдын балдарына жер бөлүп берет. Култайдын балдарынын Эшин Колпочтун балдарынан жакшы чыгат. Колпочтун балдары кежирлик-зордук менен ошол жакшы чыккан эгин талаасын талашып чабыш чыгарышат. Ал чабышта арачалайм деп жүрүп колпочтун Умайбала деген байбичеси атка тебеленип өлөт. Теристиргенде Райымбектин аты тебелеген болуп чыгат. Ошондон Райымбек качып казактын Абылай ханынын айлына келет. Ал жерде Райымбай, Акбай, Райымкулу деген үч балалуу болот. Казак ичин чечек оору каптап Райымкулдарга чечек жабышат. Калган эки уулуна да чечек жугуусунан корккон Райымбек Райымкулуну журтка таштап казактар менен Иле суусунан көчө качат. Райымкулу тентип жүрүп чечеги айыгат. Жүрө-жүрө Ысык-Көлгө белек Бирназардын Аалыбай деген уулуна келет да үйлөнүп-жайланып, Абдыраман, Жангара, Арзы, Боромбай, Жээнбек деген беш балалуу болот. Ысык-Көлгө Кысыроо, Акжол дегендердин да тукумдары качып келип бардыгы чогулуп баш кошукан.

КЫТАЙ

Кытайдын чыгыш жөнүндөкү санжыралык таркатууларда Куу уулдан жалгыз Көнөк, Көнөктөн Мундуз, Баасыз, Каранай, Каратал болуп кетет да, Каранайдан Кытай, Саруу төрөлөт. Кытайдан Байтике, Буудай, Алкожо. Байтикеден Таңтогор, Кыйра. Тоңтогордон Эдилбай, Сөлпү. Эдилбайдан Мааматкул, Байтоко. Сөлпүдөн Үмөт. Үмөттөн Кожоке, Баймырза. Кыйрадан Каработо. Аны хан Каработо дешчү экен. Карабстодон Коондук. Коондуктан Кангелди. Андан Мүсүралы, Төлө, Кочкор, Султан, Назар. Буудайдан Түлкү, Турсун. Түлкүдөн Жээналы, Жедигер, Марал. Турсундан Жунус, Султан. Жээналыдан Тоготой. Тоготойдон Төрдөш, Актонду, Сарытытай, Чоодон, Таялмыш, Карамыкчы, Кертеней.

Кытайлар "Т" тамгасынын формасындагы төмөн тамга же ылдый тамга жана тикесинен түшкөн "Т" / / тамгасынын формасындагы жогору же өйдө тамга деген эки тамгага бөлүнүшчү. Ал тамгалар жылкынын санына жана койлордун кулагына басылган. Жогорку тамгалар Чотон, Өлкөй, Чобок, Чарык, Алак, Байтөбөт деген бөлүктөргө, төмөнкү тамгалар дос, Каракөбөк, Кесеккара, Итеш деген бөлүктөргө ажыраган.

Кытайлар Ысык-Көл, Жалал-Абад, Талас ж.б. тараптарга чачыранды болуп кетишкен. Булардын бардыгы Таласта туруп

түш тарапка бөлүнүп көчө башташкан. Көчүүгө себептер Уруулук жана эл менен элдин ортосундагы чабындар, адам өлтүрүүлөр болгон. Жалал-Абад тараптагы кытай уругун чечмелеген кай бир карыялардын айтуусунда кытайлар Жалал-Абад тарапта мурдатан эле туруп, Манастын убагында жарымы Таласка көчкөн делет.

М У Н Д У З

Мундуздан Акүйлүү жана Баймундуз. Акүйлү өзүнүн аты эмес. Ал кайсыдыр бир ханга Акүйлүүгө барып ошондон Акүйлүү атка конуптур. Акүйлүүдөн Дарга, Шыдыр, Кыйра, Абук, Көкчөкөз, Чартал, Дүрбүл, Сарыке. Баймундуздан Алдооз, Абышка. Алдооздун төрт аялы болуп андан тараган-дар ошол энелердин атында чакырылышчу. Улуу аялы Боо-бектен Акылбек, Казыбек, Дөөлөт, Конокой, Тилеке Марыс. Экинчи аялы Жаракеден Белек, Тогуз, Чал, Тагай. Үчүнчү аялынын аты Турайман экен. Төртүнчү аялы Өтөмүштөн Акбаш, Кызылбаш, Сокучу, Токтона, Кансокл. Акбалтын, өз аты Рысбай болуп, стузга чыга электе чачы агарып кал-гандыктан Акбаш аталыптыр. Кызылбашынын өз аты Тойчу Кончу жок, экен. Ал дайыма чабышчаак-урушчаак болуп башынан кызыл кан кетпептир. Кончужогу бирөөнү теберде бутунан өтүгү ыргып түшүп Төлөш деген атынан ажыраптыр. Абышкадан Ойсурак, Таталай, Кошкор, Карача. Абышканын тукумдарын беш топ Мундуз дечү. Чынында Абышканын төрт баласынын тукум-дары болгон менен Карачаны экиге бөлгөндө беш урук түзүлгөн. Карачалар Акменеки, Кабанеки болуп бөлүнүшөт. Ойсуруктан Чулдур, Малай, Карадөң. Чулдурдан Жогортон, Төмөнтөн. Малайдан Кубат. Карадөндөн Сасыкбаш.

Мундуздар да кыргыздын башка урууларындай эле көп чачыраган. Ысык-Көлдүк мундуздар Эрназар, Кыйра, Мышык,

Кубат деген төрт атага бөлүнүүчү. Мышык менен кубат уулдары мурда эле бугулардын ичине келген. Эрназар менен Кыйралар турган тараптан жердин кеңирисин кубалап, кийинчерээк келишип мышык менен кубаттарга кошулган. Эрназарларды Кошкор Мундуз деп да коюшчу. Мундуздардын көпчүлүгү Жалал-Абад тарапта жүрүшкөн.

БААСЫЗ

Баасыздан Тооке. Тоокеден тогуз: Белекбай, Жээналы, Айдыралы, Кудайлат, Маматберек, Кылычтам, Керкитамга, Кечек, Тилек, Онтогор, Курагана, Чуют. Маматберектен Агабаш, Байсокур. Кудайлаттан Темир, Барча. ~~Маматберектен Агабаш, Байсокур~~. Кылычтамгадан Татабас, Тосой, Кудайберди, Жанай, Ашыр, Каражалак, Богожой, Түгөл, Тайгы, Кожокелди, Бакты, Жолубай. Керкитамгадан Тапан, Ташберек, Козумберек, Кошкенчи, Жетикашка, Мадыш. Баасыздардын ичинде Каман уругу казактардан олжого түшкөн Бекей жана Алчын деген эки бир туугандан тараптыр. Бекей бир жолу туткундан качып баратып куугунчулар жакындаганда бир коктучага кире калат, аты жинигип өлүп кеткенде ичин жарып, ичегикардын шилеп жиберип ичине жашынып калат, бирок чапанын чети чыгып калып кайра колго түшүптүр. Кулдукта жүрүп Бекей менен Алчын бир жолу баасыздарды эрчип мергенге чыгат. Адаттан тышкары чондуктагы каман качырып сала берип, атса да өлбөйт. Ошондо да атты алчылантып мине турган. Анан каманга секирип минип эки кулактан алыптыр да, камандын алдынкы буттарынан чалып жыгып өлтүрүптүр. Ал эки жигиттин тукумдарынын каман наамы да ошондон калган дешет. Алчындан Орошой, Токтоназар, Тойбат, Абдылда, Бапан. Бекейден Карабек, Чыйбыл, Карабуура, Карачолок, Котуркаман, Балпык, Токтомуш, Качкынчы.

Дагы бир айтууда Акбуура деген адамдан Баасыз. Баасыздан Түрөлбука, Аксуулук. Түрөлбукадан Айдаралы, Жээренче, Караке, Кашка, Бактыгул, Көче, Каскана, Маматберек, Байсокур, Карагана. Аксуулуктан Кылычтамга, Керкитамга, Ботош, Котуркаман, Качкынчы, Кудайлат, Төлөк.

Баасыздан Тогуз-Торо, Жалал-Абад тарапка Какшаал тараптан Куслу, мундуздар менен чогуу калмактардан сүрүлүп келген делет.

ИЧКИЛИКТЕР

Ичкиликтердин келип чыгышы жөнүндөгү сөздөр жылдыда отузуулдардан ажыратылганда айттык эле. Ичкилик жөнүндө Отузуулдун айрыкча аркалык карыялары билбейт дээрлик. Аларга Кыйчак, Нойгут, Төөлөс, Тейит, Найман деген уруулардын аттары белгилүү болсо да, алардын таралышы жөнүндө кабарсыз. Ичкиликтин өз карыялары да тактап таратыша албайт. Билгендеринин таратуусу боюнча ичкиликтер Тейит жана кесек болуп экиге бөлүнгөн.

Тейиттин бөлүнүшү: Сары тейит, Чал тейит, Арык тейит, Чапан тейит, келте тейит, Согур, Текирең жана кара тейит. Сары тейиттин бөлүнүшү: Кызылбаш, Нооруз, Зарып, Жаманаң, Баркы, Чуулдай, Кызылаяк, Чайырчы, Алапа, Шайым, Дүрбөөл, Чегитир, Уйгур. Сарытейиттер Сарыбай деген адамдан тараптыр. Ал эми Чалтейиттердин атасы Баатыр Айтемир деген экен. Айтемирден беш бала: Каратуума, Каракозу, Сарыбашылбайке, Колтак, Кулуштан. Кесектин бөлүнүшү: Төөлөс, Кырыпша, Бостон, Таз, Балкы, Конурбай, Чой, Мочук, Гоной, Карасаадан, Жоокесек, Канды, Койгут, Темин, Курама, Чүчүк, Чоңкыргыз. Төөлөстөр Меркит, Оргу, Муркут, Керейит, Шары, Борбаш, Бел, Канды деген Меркиттер айтамга, Коштамга, Шорон, Толуман, Каракойлуу, Дүрбөөл, Эчки деген бөлүмдөргө ажыраган.

Айтамгалардын алты бөлүмү болгон: Кенжетукум, Толуман, Дүкен, Кумарык, Додоң. Айтамга жана Коштамга малдарына баскан тамгага байланыштуу калган аттар.

Кыдырмалар бешке бөлүнөт: Белек, Сүйрүбаш, Таздар /кәлдар/, Дөөрмө, Улак. Бөлөктүн бөлүнүшү: Чектей, Дүйшө, Акмат, Саманчы. Экинчи бир билдирүүлөрдө Кыдырма уругу ар тараптан / Ирактан, Шамдан, Кульбадан, Шардан/ келип кошулган адамдардан түзүлгөн. Бул билдирүүдө Кыдыршалар Шамырек, Солтонгелди, Текирең болуп үч топко бөлүнөт. Чынында Кыдыршалардын алдында айтылгандай акыркы айтылгандай да бөлүмдөрү болгон. Текиреңдердин бөлүнүшү: Мырзабий, Байнабий, Жанабий, Карагулбий.

/? Бостондорду "бозтондор" дешчү экен. Тыбыштык өзгөрүүдөн бостон болуп калган/. Бостондун Сырымбет деген баласынан Баатыр, Жараш, Байбарат. Үчөө мергенге чыгып кайтканда жеңелери өз күйөөлөрүнүн гана атын алып Байбаратка көңүл бурбай койет. Байбарат таарынып атынан түшөй чаап жөнөйт да, үйүнө айтпай мурдум кезин жүрүп отузуулдардын Жаныбек деген адамына кезигин бала болот. Жалпы /адигине Карабагыштын уулу/ Байбаратка өз кызын берип оокаттанткан, бирок ошол айылдын жигиттери менен чабыша кетип "кул" деген сөздү угат да таарынып Ош тараптагы Кара-Тарык деген жерге көчүп келет. Байбараттан тарагандар Жаныбек,

Бостон делип аталат. Байбараттан Абыл. Абылдан алты уул: Алдар, Тору, Калча, Алдаш, Коен, Ыбырайым. Ыбрайымдын тукумдары тогуз"— Торо тарапка кетишипитир. Жаныбек— Бостондуу ичиндеги Чычан Шалтак, Райымберди деген топторду кулдун тукумдары деп калган алты топ /Абылдын балдары/ баш көтөрчү эмес. Кудаяр хандын тушунда шалтактардын Чоду деген адамы: өзүбүзчө чапан-тай берүүгө укуктуубуз--деп көтөрүлүшөт.

Бирок, Галчалардын чыккан Шайды бий, Жоргосары, Карагозулар жана барып даттанышат. Кудаяр хан Чодуну чакыртып алып, анын бабасы кул өткөндүгүн эскертип, тойду өзүлөрүнчө Шайданын бийлигисиз өткөрүүгө уруксат бербей коет.

Бостондордун Майдукул, Алдаш, Алдар, Тору, Калча, Сарыбашыл деген бөлүмдөрү да бар.

Жаныбек Бостондор Алдаштардан таарынышып бөлүнүшүп кеткен деп да айтышат.

Кай бир карыя--санжырачылар ичкиликти Тейит жана Кесекке бөлбөстөн эле төмөндөгүчө санап айтышат: Кыпчак, Кадырша, Канды, Кесек, Нойгут, Найман, Тейит, Төөлөс, Кызылаяк, Катаган. Бул саноодо Тейит да Кесек да башкалардын катарында каралат жана кыпчак, Найман, Катаган уруулары жогорудагы таратууларда кезикпейт.

Тейит менен Найман уруулары жана Төөлөстөрдүн чыгышы жөнүндө төмөндөгүдөй ыламыш айтылат.

Азыркы Жаңы-Ноокат районунун аймагы бир кезде эл жок ээн жаткан камыштуу талаалар экен. Уч-Коргон /кийин аталган/ деген жерге кайдандыр үч адам үй-бүлөсү менен келет да үчөө короо /коргон/ салышат. Алардын биринчисинин аты Төөлөс, экинчисинин аты Тейит, ал эми үчүнчүсүнүн аты Найман экен. Кийин үчөөнөн Тейит, Төөлөс жана Найман уруулары тарап чыгыптыр, Наймандын балдарына белгисиз элден кезип келген үч бала кошулуп, алардын тукумдары Беш Найман уругун түзөт.

Наймандар төмөндөгүчө бөлүнүшкөн: көн Найман, Бөө-Найман, Кожо-Найман, Буйга-Найман, Нарайы-Найман, Оргу-Найман, Чандаке-Найман, Булганча - Найман, Мисин-Буга Жоонбут-Найман, Курак-Найман, Кекө-Найман, Боткочу-Найман, Боз-торгой-Найман, Уйгур-Найман, Чоку-Найман, Бек-Найман.


Боо Наймандын ата-бабалары Ош областындагы Фрунзе районунун территориясына бөлөк жактан көчүп келишкенде, ал жер ээн чытырман токой экен деп өткөн кылымдын карыялары эскерткендери азырга чейин сакталып калган.

Кыпчактар - Торайгыр- кыпчак, Чыла-Кыпчак, Сарт-Кыпчак, Койгут-Кыпчак, Окчу-Кыпчак, Колчок-Кыпчак, Кожомшукур, Омонок, Жаманаң, Жартыбаш болуп бөлүнөт.

Кандайдыр бир согушта, Кочанкыдыр заманда кыпчактар белгисиз эл менен согушуп жеңиле баштайт. Салгылашуу учурунда торайгыр минген жигит бир жактан келип топ

колду баштап кыпчактардын душмандарын калшытынан согуп талкалайт. Тору айгыр кыпчактар ошолордон тараптыр. Кыпчактар Мырза-Аке районунун аймагына мындан эки кылымча мурда азыркы төлөй албай качып келишкен. Ал кыпчактардын бир гана бөлүмү. Кыпчактар келгенде Мырза-Акенин аймагында Тасма, Теңизбай, Моңол, Мырза-Аке уруулары турган. Дүм-Булакка келген Кыпчактардын Торайгыр, Жаманаң бөлүмдөрү акырындык менен жергиликтүү төрт уруунун тең чектеринен сатып алып, төрт уруунун ортосуна олтурукташкан.

Найман уруулары казак ичинде, кыпчак уруулары өзбек ичинде да кезигет. Өзбек ичиндеги кыпчактар сарт-кыпчак делип, ал эми кыргыз ичиндегилери кыргыз-кыпчак делип аталуучу. Кыпчактар арткараак кылымдарда элинин уруулук бөлүмү болбостон өздөрүнчө кыпчак элин түзүп турушкан.



Кыргыз элинин ири уруулук / схема

№

бөлүмүнүн схемасы